5062

Байходжоев С.

Алымкулов Чеолнкаев

Фрунзе 1961.

ПАПКА ДЛЯ БУМАГ

Инв. № 5062

5062

Байходжоев С.

Алымкул Үсөнбаев.

Инв. № 5062
31/V-61г.

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

С.БАЙХОДЖОЕВ

# АЛЫКУЛ ҮСӨНБАЕВ

ФРУНЗЕ 1961

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

Сейитказы БАЙХОДЖОЕВ

# АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВ

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН БАСМАСЫ

ФРУНЗЕ — 1961

## СӨЗ БАШЫ

Совеки эл адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири – акын, ырчылар. Ырчы, акындар ар түрдүү коомдук кырдаалда белгилүү ролду ойноп келишкен. Бирде кубанычты, жүрөк жарган сүйүнүчтүү коштоп, адамга канат байланса, бирде өкүнүп, кайгыга салган ырлары, жалындуу көркөм сөздөрү менен арга издеп, акылдуу кеңештерин, түйүндүү сөздөрүн айтышкан. Ал гана эмес ырчы, акындардын мукам үндүү көркөм ырлары өз элинин кандуу күрөшүндөгү жеңишине түздөн-түз көмөкчү болуп да келген. Мындай сапат кыргыз эл акындары, ырчыларына гана эмес, бул өзбектин ашугдарына, тажиктердин хафистерине, казактардын жырчыларына, түркмөндөрдүн бакшыларына да тийиштүү.

Октябрь революциясынын жеңиши, совет бийлигинин орношу акын, ырчылардын ролун дагы бийик көтөрдү. Эми алар көпчүлүк массанын чыныгы ырчысына айланышты. Совет адамдары, алардын баатырдык күрөштөрү эл ырчыларынын башкы тематикасынан болду. Алардын ырларынын башкы каармандары да коммунизм идеяларын бийик көтөрүүчү, социалисттик интернационализм духунда тарбияланган алдыңкы адамдар. Эл акындарынын чыгармачылыгын үйрөнүү жана изилдөө иштери азыркы мезгилде бир топ жандады. Ырчылар боюнча кийинки жылдарда бир топ макалалар, монографиялар пайда болду. Булардын ичинен Н. Богдановanын Токтогул Сатылганов, Жаки Таштемировдун Тоголок молдо, Барпы Алыкулов жөнүндөгү көлөмдүү монографиялары, жолдош С. Мусаевдин 9-класска арналган окуу китептеги акындар бөлүгүн чоң урмат менен атоого болот.

Бул эмгектер негизинен тигил же бул акындын чыгармачылык биографиясын тактап, ырчылык айрым өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү мүнөзүндө жазылган. Бирок бизде азырга чейин акындык чыгармачылыктын айрым проблематикалык маселелерин алып, жалпылаган эмгек азырынча жок. Ошондой эле Кыргыз Совет адабиятынын көрүнүктүү акындары, алардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү канааттандырарлык изилденбей келет. Ушундай эле абал өткөндөгүнүн мурасын иликтөө, жыйнактоо иштерине да толугу менен тийиштүү. Кыргыз адабиятынын баштоочулары, акын-демократ Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо / Байымбет/ Абдырахманов өңдүү ырчылардын чыгармачылыгын дагы кеңитип, толуктап иштөөнүн ордуна, алардын кыргыз совет адабиятынын өсүшүндөгү ролун көрсөтүүнүн ордуна элибизге жат Молдо Кылыч, Касым Тыныстанов өңдүү реакционер акын, жазуучулардын чыгармаларын мактоого алып, Лениндик көрсөтмөлөрдөн четтегендер окумуштууларыбыз да жок эмес. " Б. Юнусалиев, К. Юдахин, А. Токомбаев, Б. Керимжанова жолдоштор "Молдо Кылыч демократ акын жана кыргыздын жазма адабиятынын бирден бир негиз салуучусу деп далилдөө менен / Молдо Кылычтын чыгармачылыгына берилген партиялык баасы кайра карап чыгуу үчүн бир катар аракеттерди жасашкан"[1].

Ушундай эле аракет Б. Юнусалиев, К. Маликов, Ш. Умөталиевдин буржуазиялык улутчулдуктун көрүнүктүү идеологу бай-манаптардын идеологиясынын жарчысы К. Тыныстановдун мурасын баалоодо да ачык орун алган. " Мындай көз караштар, - деп, белгилейт

---

1. Советтик Кыргызстан, 1960-жыл, 23-январь

"Советтик Кыргызстан" газетасы өзүнүн 28-январдагы редакциялык баш макаласында,- адабияттын партиялуулугу жөнүндөгү лениндик окууга карама-каршы келет, маданий мураска баа берүүдө антимарксисттик "бирдиктүү агым" теориясын кайрадан калыбына келтирүүгө умтулгандык болуп эсептелет. Улутчулдуктун духуна толгон Молдо Кылычтын жана К. Тыныстановдун чыгармачылыгын аябай мактоо эмгекчилерди социалисттик интернационализмдин жана элдердин достугунун духунда тарбиялоо ишине олуттуу зыян келтириши мүмкүн" Өткөндөгүнүн адабий мурасына баа берүүдөгү чоң жаңылыштыктарга Кыргызстан Компартиясынын БКнын VIII пленуму жана Кыргызстан Компартиясынын XI с"езди да токтолуп, катуу айыптады, чыныгы элдик таланттардын чыгармачылыгын, өткөндөгүнүн адабий мурастарын жогорку илимий деңгээлде, Лениндик окуунун негизинде терең, кеңири изилдөө талабын койду. Борбордук Комитеттин бул талабы кыргыз совет адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрү - эл ырчыларынын чыгармачылыгына да толугу менен тиешелүү. Булардын чыгармачылык өзгөчөлүгүн ачуу, алардын ырчылыгын пропагандалоо алдыдагы милдеттерден болуп турат. Кыргыз совет ырчылары жөнүндө сөз азырга чейин айтылып бүтө элек. Айрым ырчыларыбыз жөнүндө, өзгөчө юбилейлик макалаларды эске албаганыбызда, ачык пикирлер да айтыла элек. Ушундай ырчыларыбыздын бири - Алымкул Үсөнбаев.

Алымкул Үсөнбаев көп улуттуу совет поэзиясынын көрүнүктүү өкүлү Алымкул Үсөнбаев кыргыз адабиятында акын катары

белгилүү. Ал бүт өмүрдүк жолунда эл менен тыкыз байланышта жашаган. Элдин тагдыры акындын тагдыры болгон. Алымкул чыгармачылык демди элден алган, эл менен ырчы эски замандын түрдүү кыйын жолун басып өткөн. Эмгекчилер А.Үсөнбаевди " Элдин акын, эл акыны" дешет. Бул Алымкулдун чыгармачылыгына берилген акыйкаттуу баа, ырчылык өзгөчөлүгүн белгилеген белги. "Эл акыны " деген чакан сөзгө Алымкул Үсөнбаевдин бүт чыгармачылык турпаты, ырчылык касиети сыйыштырылган.

Чындында эле, Алымкул Үсөнбаев эки заманды башынан кечирип, бирде муңдуу турмушту үнгө кошкон, бирде таалайлуу күндү бийик ырдап, эмгекчилерди улуу иштерге шыктандырган көркөм сөздүн көрктүүсүн өз элине тартуу кылды. Акындын түрдүү тематикадагы, ар кыл мазмундагы чыгармалары [illegible] эркиндик үчүн жүректү окко тоскон кандуу согушта болсун, бакты-таалайдын тиреги тынчтык күрөштө болсун, ар дайым тең кадам шилтеп, алдыңкы катарда Алымкул Үсөнбаев жалындуу көркөм сөздөрү, чечен тилдүү комузу менен Ата Мекендик Согуштун кыйын мезгилинде да майдандын бет алдында туруп, советтик өлкөнү каардуу душмандан коргошту. Ал өз элинин ой, санаасын, турмушун жана күрөшүн чагылдырган көркөм чыгармаларды түзүүнүн үстүндө оор да талыкпастан иштеп келе жатат. Акындын ондон ашуун ырлар жыйнагы жана көлөмдүү поэмалары жарык көрдү.

Алымкул Үсөнбаев - элдик оозеки адабияттын сонун үлгүлөрүн сактоочулардын бири, Токтогул Сатылгановдун

татыктуу окуучусу. Сарынжи-Бөкөй", "Кокош", "Олжобай менен Кишимжан" өңдүү белгилүү эпостор, "Кезашаа", "Жолборс минген киши" атуу эл жомогунун негизинде жаралган поэмалар Алыкулдан жазып алынып, жарык көрдү. Акындын чыгармачылык эмгеги улуттук адабияттын чоң сыймыгы болуп эсептелет.

Алыкул Үсөнбаевдин 60 жаштык юбилейине карата жазган " Акынга" деген ырында олимпиадин сыймыктуу акыны Аалы Токомбаев мындай дейт:

"Көп жашадың эмгек менен чарчабай
Ырларыңды быткан жүзүм, алчадай.
Таттуу болсун, калың элге дем берсин,
Сиз өмүрдү кайтарыңыз калчабай.
Элдик акын кала берет түбөлүк,
Кипаристей, сыйда жашыл арчадай.

x x x

Өмүр таттуу, өмүр кымбат чеги жок,
Өтсө чиркин, өтөлгөлөр теңи жок.
Бирок акын эмгек күлү жашаса,
Ал дайым жаш, жашай берет чеги жок
Ыры менен Сиздин өмүр ошондой
Акындардын карый турган убу жок."[1]

Аалы Токомбаевдин Алыкулга берген бул баасы кокустук эмес. Акын "быткан жүзүм алчадай" балбырайган салыштыруулары, "Кипаристей, сыйда жашыл арчадай" дайыма жаш теңештирүүлөрү да олимпиадин сезимин, аны терең сезген улуу сыймыктан келип чыккан чоң урмат болучу.

1. А. Токомбаев. Чыгармалар, 1958, т. 2. 258-бет

Совет өкмөтү жана партиябыз Алымкул Үсөнбаевдин ырчылыгын жогору баалап, аны Ленин, эмгек кызыл туу, Кызыл жылдыз ордендери жана медалдар, грамоталар менен сыйлады. Бул элдик жогорку баанын ачык, айрым көрүнүшү болду.

Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгы, жогоруда биз эскерткендей толук изилденип, илимий мүнөздөмө ала элек. Биздин азыркы эмгегибиз да бул суроого аягына жеткире жооп бере албайт. Чоң акындын ырчылык өзгөчөлүгүн ачып, талаптын толук мүнөздөгөн эмгектерди талап кыларлыгы шексиз. Биздин азыркы аракетибиз мына ушул чоң эмгектин алгачкы гана аракети болуп эсептелет. Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгын баректоодон мурун биз акынга арналган бирин-эки макалаларды да эскерте кетелик. Анткени бул эмгектер өздөрүнүн чакан көлөмүнө, юбилейдик мүнөзүнө карабастан ырчынын ырчылыгын баалоодогу биринчи урунттуу пикирлер болуп эсептелет. Ошондуктан мындан четтен өтүү туура болбос.

Алымкул Үсөнбаевдин ырчылыгы коомчулугубузду 30 - жылдарда эле өзүнө бурат. Бул жылдарда акындын ырлар жыйнактары жарык көрүп, ал жөнүндөгү айрым пикирлер газета, журналдарга чыга баштайт. Мындай баалуу пикирлер катарында Кубанычбек Маликовдун макалаларын атоого болот.

Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгы, басып өткөн өмүрдүк жолу менен окуучуларды тааныштырууда алгачкы эле Маликовдун эмгеги чоң. Кубанычбек Маликов акындын чыгармачылык ишке көз дүмүкдөй активдүү киришкен мезгилинен тартып, ушу күнгө

чейин таанылбастан газета, журналдар бетине акын ырчылыгын элибизге популяризациялап келе жатат. Алымкул жөнүндөгү Кубанычбек Маликовдун алгачкы макаласы 1938-жылы республика-лык,- газета,журналдарга басылып чыгат[1] Бул акын жөнүндөгү коомчулугубуздагы алгачкы пикир десек болот. Жазуучу ушул жана андан кийинки макалаларында акындын ырларына көркөм адабияттык талдоо берип, алардын кемчилдик жана жетишкен-диктери жөнүндө терең ой жүгүртпесе да, акын чыгармачылы-гында башка бөтөнчөлүктү- элдиктүүлүктү, көркөм сөздүк айрым чеберчилигин туура көргөн. Акындын чыгармаларынын элдик элдиктүүлүгү, турмуштук чындык менен бекем айкалышы К.Маликов тарабынан башкы негизги касиет катарында оң туура бааланган.

Мындай адилеттүү ойду биз Калим Рахматулиндин[2], Темир-кул Үмөталиевдин[3], Жоомарт Бөкөнбаевдин[4], К.Укаевдин[5], Самар Мусаевдин[6] мазмундуу макалаларынан да кездештиребиз. Бул жолдоштор да сынчы Калим Рахматулин айткандай "Алымкул-дун ырлары жалындуу, ынтуу патриотизм менен толгондугун" оң туура белгилешкен.

1. К. Маликов. Акын Алымкул Үсөнбаев. Ала -Тоо, 1938, № 1.
2. К.Рахматулин. Эл акыны Алымкул. Советтик Кыргызстан, 1942, №
3. Т. Үмөталиев. Алымкул төкмөнүн "Комуз" аттуу ырынын жөнүндө. Советтик Кыргызстан, 1951, № 7
4. Ж. Бөкөнбаев. Акындын үнү. Кызыл Кыргызстан, 1941, 30 май
5. К. Укаев. Таалайлуу элдин ырчысы. Советтик Кыргызстан, 1954, № 1
6. С. Мусаев. Кыргыз адабияты, 9-класс үчүн окуу китеби. Кыргызокуупедмамбас, 1956.

Бирок, биз бул макалалардын акындын чыгармачылык жолун изилдөөдөгү белгилүү өлчөмдөгү үлүшүн танбай туруп, алардын айрым мүчүлүштөрүн да эскерте кетишибиз зарыл. Жогоруда аты аталган жолдоштор акындын ырчылыгындагы айрым жетишкендиктерин туура белгилесе да, анын айрым үзгүлтүктөрүнөн кайтып өтүшкөн. Башкача айтканда, алар Алымкулдун ырлары ар кандай кемчиликтен таза деген пикирди аксиома катарында далилдөөгө аракеттенишкен.

Ал эми чындыгында башка акын, жазуучуларыбызда кездешкен үзгүлтүктөр, кемчиликтер Алымкул Үсөнбаевден дале толугу менен кездешет. Анын ырларынын баардыгы ~~башкалардыкындай~~ эле төлөгөйү тегиз эмес. Эсесте, акындын ырларында кездешкен мүчүлүштөрдү көрсөтүү деген анын бүт чыгармачылык жолунан тануу же жокко чыгаруу дегендикке жатпайт. Көркөмдүк, ал гана эмес, айрым идеялык кемчиликтер эч убакта Алымкул Үсөнбаевдин бүт ырчылыгына мүнөздүү эмес. Ошондой болсо да, акындын талантын туура баалоодо бул мүнөздөгү кемчиликтерди адилеттүүлүк менен көрсөтө кетишибиз адабият таануу илиминде эч убакта күнөө болбос. Бир жактуу мактоо жалпы айрым убактарда тигил же бул акындын бүт чыгармачылыгына шаблондук мамиле кылууга чейин алып бараарлыгы эч кимге жашыруун сыр эмес.

Алымкул Үсөнбаев жөнүндө жазылган К. Укеев, С. Мусаев, К. Рахматулин жолдоштордун сын макалаларынын бир жактуулугу да аларды мына ушул кемчиликке жакындаткан. Эгерде жолдош К. Укеев " Тоолойлуу элдин ырчысы" деген макаласында

" А. Үсөнбаев Октябрь революциясына чейин жаш улан кезинен жергиликтүү феодалдарга жана падышалардын төрөлөрүнө-эмгекчи элдин эзүүлөрүнө каршы эң каардуу ырларды ырдап чыккан" /~~элдин эзген-С.Б.~~/ деп, жазса, ал эми Мусаев, Рахматуллин, Т. Үмөталиев жолдоштор да Алымкулду Октябрь революциясынын биринчи күнүнөн тартып эле анын маанисине толук түшүнүп, бийик ырдап чыккан акын катары көрсөтүшөт.

Бул пикирлер биздин оюбузча чындыкка өч жанашпас. Акын ошол коомдук шартка, турмуштук кырдаалга байланыштуу революциялык аң-сезимдин деңгээлине чейин көтөрүлө алган эмес. Бул жөнүндө эмгектин негизги бөлүгүндө атайы токтолмокчубуз. Демек, мындай бир жактуулук акындын чыгармачылыгы жөнүндө толук түшүнүк бере албастыгы баарыбызга белгилүү. Ошондуктан биз бул чакан эмгекчебизде акындын өмүрдүк жолун, ырларынын идеялык- тематикалык жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн мүнөздөөдө мындай бир жактуу пикирлерден кетип, негизги фактылардын негизинде ой жүгүртүүгө аракеттенмекчибиз. Алымкул Үсөнбаевдин Октябрь революциясына чейинки жана Совет бийлигинин 20-жылдардагы ырлары өз убагында жыйналып, жазылбагандыктан жокко эсе. Ошого карабастан биз өз эмгегибизде акындын чыгармачылык жолун мүнөздөөдө автордун, жана анын замандаштарынын эскерүүлөрүнө таянып, жана анын жарык көргөн бардык ырларынын негизинде калыс пикир айтууга ~~аракеттенмекчибиз~~. Эмгекче Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылык мезгилдери боюнча тематикалык планда жазылды.

## 1 бөлүм

Кыргыз элинин белгилүү акыны Алымкул Үсөнбаев 1894-жылы Талас өрөөнүндөгү азыркы Киров районуна караштуу Кара-Арча кыштагында туулган. Атасы Үсөнбай ар кимдин колун айдап, чөбүн чаап, өз өмүрүн оор мээнет менен өткөргөн жарды адам болгон. Алымкул да балалыктын кымбат кезин, жашчылыктын гүлдөгөн доорун жокчулуктун запкысында өткөрөт. Он эки жашка чыкканда атасы өлөт. Көп узабай энесинен да айрылып, тоголок жетим калат. Бөрбүю ката элек жаш баланын оорду колдон, жеңилди жондон алуучу ата-энесинен айрылуу оорчулуктун түйшүгүн дагы күчөтөт. Алымкул алгачкы күндөрдө Алыбай деген агаларынын колуна барат. Ар кимдин отунун алып, малын кайтарып оокатын өткөрө баштайт. Бирок кара туткан агасы узак оорудан кийин дүйнөдөн кайтат. Алымкулду дагы чоң кайгы басат. Эми Саалыбай аттуу экинчи бир агаларынын эшигине келет. Саалыбай дагы ар кайсы байлардын коюн кайтарып, отунун алып, өз үй-бүлөсүн эптеп оокат кылдырган жардылардан болгон. Ал дале кичинекей Алымкулдун үстүнө үй, астына аш камдап бере албайт. Агалуу-иниллүү бир туугандар эриш-аркак болушуп, оокат өткөрүшөт. Кыскасы Алымкул жыйырма жашка чыкканга чейин кой артынан кетип, кара жумуштан кол үзбөйт. Жыйырмага чыккандан кийин гана атка минип, эл арасына чыгып ырдай баштаган.

Алымкул Үсөнбаевдин ырчылык жөндөмдүүлүгү өтө эрте билинет. Акын он эки-он үч жашка келгенде курдаштарынын

арасында жалаң эл оозундагы ырларды гана эмес, өзү да анча- мынча жамактап ырдап калган болот. Күн өтүп, ай жылга алмашкан сайын кичинекей Алымкулдун ырчылыгы билинип, чакан кыз- оюндардын, той- тамашалардын сүйүктүү эрмегине айлана баштайт. Бара- бара аны ырчылык өтө кызыкты-рат. " Колум комузга тийгенде-дейт Алымкул Үсөнбаев,- тептектигим да калдыр. [1] Эмнегедир комуз эмес жаш жүрөгүм ыңгыра-гандай сезилчү..."
Бул болочок ырчынын чоң талантын алыстан кабардаган сыймык-туу белги эле.

Алымкул Үсөнбаевдин ырчылык шыгынын ойгонушуна, акын-дык талантынын такшалышына элдик оозеки чыгармалар, эл ырчылары өтө зор таасир берет.

Кыргыз эли көркөм сөзгө, залкар ойлуу чыгармаларга өлчөмсүз бай экендиги баарыбызга белгилүү. Оозеки адабияттын бай казнасын түзгөн чыгармалар элдик таланттын жаралышына, алардын чоң атакка ээ болушунда ар дайым өзүнүн өбөлгөсүн зор таасирин тийгизип келген. Жазуучу, акындарыбыз чыгармачылык багытты да, көркөм сөздүн терең сырларын да ~~эл оозеки адабияттан алышкан~~, элдик оозеки адабияттан алышып, элдик оозеки адабияттан үйрөнүшкөн. Элдик оозеки чыгармалар Алымкул Үсөнбаевдин ырчылыгында да бирден бир кубаттуу дем болгон. Анын эң алгачкы ырлары да айыл арасындагы оозе-

---

1. Цитата К. Укаевдин "Таалайлуу элдин ырчысы" деген макаласынан алынды. Советтик Кыргызстан 1954, №11, 70-бет.

ки лирикалык чыгармалар менен катар элдик мотивдеги, ~~кошокто-~~ ~~ду~~ ырлар болду. Акын бул мезгилдеги чыгарма кабарында төмөнкү ыр жолдорун эскертет:

"Ышкым батпай ичиме
Ырдап чыктым Таластан
Ар бир топто ырдасам
Ылайык элге жарашкан..." [1]

Мүмкүн бул ырда ырчылыктын белгисин так көрүү али кыйындыр. Бирок, акындын эл ырчыларынын ырларынын үлгүсүндө ырдоого кылган аракети байкалып турат. Акын өзү айткандай ырчылык жакшысы да оңол мезгилдеги коомдук турмуш менен тыгыз бирдикте жаралган. Кичинекей ырчы көз менен көргөн ырчулукту, ~~сор турмушту~~ ырдоодон баш тарткан эмес. Ал эл менен муңдаш болгон.

"Кысматтан башың кутулбай,
Кыйла жыл болду жүргөнүң.
Жылаңайлак жылың бош
Жокшылап кийим кийбедиң.
Ээр токуп, жүгөндөп,
Энчилеп бир ат минбедиң" [2]

Бул Шадыбек деген карыянын дүйнөдөн кайтканда эл алдына чыгып аны кошкон Алымкулдун алгачкы ыры эле. Мында акын сор турмуштун запкысында жүрүп, дүйнөдөн кайткан кембагалдын абалын айтып, муңканып жатат. Ал эми Шадыбек жөнүндө мындан көбүрөөк айтып, кеңирээк ырдаш жаш Алымкулдун колунан келмек эмес жана келбейт эле. Анткени, коомдук

1. „Ленинчил жаш", 1938-жыл, 22-июнь
2. „Ленинчил жаш", 1954-жыл, 17-ноябрь

турмуштун түпкүрүндө жашаган Алымкулга ошол шарттын өсүү көз алдындагыларга тереңирээк карап ачыгыраак түшүнүүгө мүмкүндүк берген. Экинчиден, Алымкулда али чыгармачылык тажрыйба жок эле. Ынна ушунун баардыгы анын ырынын мазмундуулугуна таасир бербей койгон эмес. Башкача айтканда Алымкулдун Жалыбек карыяга эрчип ырдап чыккан мезгили бул акындыктын биринчи баскычы эле. Бул убакта – дейт, казак адабиятынын көрүнүктүү илимпозу, филология илимдеринин доктору жолдош Э. Исмаилов, – жаш акындар башкалардын ырын жаттап, ырдоо техникасын үйрөнүү менен алек[1].

Алымкул Үсөнбаевдин 14–15 жаштагы ырына ушундай аракет менен толгон. Кичинекей акындын элдик чыгармаларды, анын өкүлдөрү болгон акындардын ырчылыгын назар салып, дагы тереңүйрөнүүгө анын бул аракетин текке кетирген жок.

Чындыгында эле, Алымкулдун такшалып, ырчылык ыгынын өйгонушуна айылындагы Кудайбердиге окшогон карыялардан уккан түрдүү мазмундагы жомоктору, Аалыбай өңдүү агасынын комузчулугу менен катар айрым акындардын ырчылыгы да чоң мааниге ээ болот. Алымкул " кандай ырчылардан таалим алдыңыз" деген суроого Токтогул Сатылганов баштаган санаалуу гана акындардын атын атайт.

Жаш ырчылардын ырчылык тагдырында чоң акындардын ырчылыгы өзгөчө зор мааниге ээ болгон. Ар кандай ырчылар өздөрүнүн ырчылыгында эң эле биринчи сабакты элдик оозеки чыгармачылыктан, анын түрдүү түстөгү татынакай

Э. Исмаилов. Акыны. Казгослитиздат, 1957,

үлгүсүнөн алардыгы өнөрүн талапсыз. Жаш ырчылар элдик поэзиянын түрдүү көркөм каражаттарын өздөштүрүп, анын негизинде ырдоого аракеттенишет. Сөзсүз, бул акындыктын алгачкы шыгынын ойгонушуна, көркөм сөздү тереңирээк баалоого чоң жардам берет. Бирок, бул сабак, биздин өзүбүзчө, ырчылыктын биринчи гана баскычын түзө алат. Айтканда, импровизаторлук чыгармачылык мындан татаал, мындан өзгөчө болот. Кадимки акын болуш үчүн лирикалык ырларды, түрдүү мазмундагы айрым элдик чыгармаларды, алардын көркөм адабий каражаттарын гана өздөштүрүү жетишсиз. Мындай болгондо ырчы кайрасе турмуштук /[illegible]/ темадагы чакан көлөмдүү саналуу чыгармалардын авторунан алыс кетпейт. Ал эми ар кандай теманы кеңири жалпылап, жогорку бийиктикке көтөрүүгө жардамдуу акындык чеберчилик мындан чоңураак талапты коёт. Акын же сөздүн толук маанисиндеги ырчы – бул ширек импровизатор. Ал тигил же бул жыйында ырдай турган ырын эч убакта мурун даярдап, бышырып келбейт. Окуяга ырчылар даярдыксыз киришет да ошол окуянын үстүндө туруп дароо эле көпчүлүк убакта даярдыксыз ырдашат. Башкача айтканда акындардын чыгармачылык процесси окуянын жүрүшү менен тыкыз байланыштуу болот. Мында ырчыларга биринчи иретте өзүнүн байкагычтыгы, талanttык жөндөмдүүлүгүнөн башка нечен акындар тарабынан иштелип, көркөм сүрөттөөлөрдүн туруктуу бир бөлүгүнө айланган даяр мүнөздөмөлөр, туруктуу сүрөттөөлөр жардамга келет. Тактап айтканда, жер-суунун сүрөттөрү, айрым жаныбарлары, адамга берилген жакшы мүнөздөмөлөр бир ырчыдан экинчи ырчыга өтүп, такталып, толуктанып иштелип

чыгат да ал үчүнчү ырчы тарабынан акындык даяр сүреттөө-лөр катарында өздөштүрүлөт. Бул болсо ырчылардын ырчылык чыгармачылыгын абдан кеңейткен. Алар бул "даяр мүнөз-дөмөлөрдү" өз орду менен колдонуу аркылуу алган темасы кеңири [illegible] сүреттөөгө мүмкүнчүлүк алышкан. Ырчылардын ырчылыгы да бул даяр мүнөздөмөнү чыгармачылык менен кеңири жана так пайдалана алышынан билинген. Ошондуктан жаш ырчылардын талантуу ырчыларды ээрчип, алардан таалим алуусу чоң мааниге ээ болгон.

Так ушул чоң акындар да жаш ырчыларга көпчүлүк жыйындарда ырдоо искусствосун, тема тандоо жолдорун, сүреттөө ык-таларын үйрөтүшкөн, аларга үлгү болушкан. Ушул себептүү жаш ырчылар талантына талант, ырчылыгына ырчылык кошуп, жол көрсөтүүчү чоң акындардын ырчылыгына өзгөчө маани бериш-кен, өз окутуучулары менен катуу сыймыктанышкан. Алымкул Үсөнбаевдин үзүрдүү ырчылык жолунда да Токтогул Сатылганов өңдүү акындардын акындыгы, алардын кеңештери да чоң чыгармачылык мааниге ээ болгон, жаш акындын ырчылык шыгынын торолушуна тикеден тике жардам беришкен.

Токтогул Сатылганов Алымкулдун ырчылык жагынан таалим алган эң биринчи окутуучусу эмес. А. Үсөнбаев жаш кезинде Сулайман, Аттокур, Айдыраалы өңдүү айылдаш ырчыларды ээрчип, алардан ырчылыктын биринчи сабактарын алгандыгын эскерет. Булар акындык чеберчиликтин жогорку үлгүсүн көрсөткөн атактуу ырчылар болушпаса да, өздөрүнүн

элдик адабиятты, түрдүү жанрдагы оозеки чыгармаларды көп жээ билгендиктери менен элдик мотивди традициялык поэтика-нын үлгүлөрүнүн негизинде кандайча ыр түзүүнүн жолдорун өздөштүрүүгө жаш ырчы Алымкулга чоң жардам беришет. "Сулайман,Аттокур,Айдыраалылар,-дейт Алымкул Үсөнбаев,-башкаларга артуучу ырчылыгы деле көп жок эле. Бирок, алардын оңгу- деңгү болгон ырчылыгы,аларга карата жаша-ган элдин түрдүү мамилелери мени көп ойлонтуучу. Мен алардын ырынан ырчылыктын баркын дагы тереңирээк баамда-дым"[1] Алымкул Сулайман,Аттокур,Айдыраалы менен жүрүп ыр түрдүү чакан жыйындарда көп ырдайт, көп сындан өтөт. Акындын бул мезгилдеги алгы сабактары,ырлары жөнүндө азырынча бизде эч кандай маалымат жок. Алымкул өзү да азыр алар жөнүндө ачык эчтеке айтып бере албайт.Сөзсүз, жаш ырчы алгачкы ырында эле өзү көргөн, жүрөгү сезген турмуш көрүнүштөрүн кеңири камтый албаган болуу керек. Ошондой болсо да Алымкул өзүнө тааныш оозеки элдик ырлар-дын үлгүсүндө жана өзү көргөн, бирге жүрүп бирге уккан окуялардын ыкмасында айыл ичиндеги кубанычты жана кайгы капаны тең бөлүшүүгө аракеттенген. Өз элинин турмуш-жайын, ой-тилегин, илгери үмүттөрүн, тар рамкада болсо да, комуз-га кошуп, колунан келишинче өз тилектештеринин арасында ырдаганын акын Алымкул азыр да көп эскерет.

1. Алымкул Үсөнбаев менен болгон аңгемеден.

Жаш ырчынын мындай ырчылыгы анын ~~кийинки~~ чыгармачылык жолундагы /~~демократтык~~/ элдик идеянын өсүп, өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизет. Анындан Октябрь революциясына чейинки ырларынын көпчүлүгү көздүн жашы, көкүректин дарты менен жуулган болучу. "Мага эски ырларымды эске түшүрүш өтө кыйын,-дейт Алымкул Үсөнбаев,- анткени, мен эски ырларымды эске салуу менен таза унуткум келген эски турмушумду эске түшүрөм. Бала Үсөндүн агасынын алындагы ырдаган ырымды ойго салсам, менин көз алдыма ыштан кийинки манаптардын кызыл камчыга алып, үй- жайымды талап, жалгыз атымды тартып кеткени элестейт. Ал эми 1916-жылдагы ырларымды эскергенимде мен суудай аккан канды, көлдөй жашты элестетем"[1]. Чындыгында эле, Алымкул Үсөнбаев элдин турмушун, оор күндөрүн ырдоодон эч убакта жадаган эмес. Ал эми мындай ырлары үчүн Үсөн өңдүү бай, манаптардан оор мээлерди көрүп, көп азаптарды чеккен. Бирок, мындай кордоолор акынды чындыктан тайсалдатып, ырчылык талантына суу сепе албайт. Алымкул Үсөнбаевдин ырларындагы мындай элдик мотивдин, чындыктын үнүнүн күч алып тереңдешине кыргыз элинин демократ акыны Токтогул Сатылганов чоң түрткү берет. Эгерде бала кезинде уккан жомок, элдик ырлардын үлгүлөрү жана Арстанбек, Сулайман, Айдыраалы өңдүү ырчылар/ жаш Алымкулга ырчылыктын маанисине түшүнүп, көркөм сөзгө кызыгуусун арттырса, ал эми улуу акынды

1. Искусство Советской Киргизии. М-Л. 1939, 63 стр.

Токтогул Алымкулдун чыныгы элдик ырчыга татыктуу чыгармаларды түзүп, көпчүлүк массанын арасында чоң кадыр-баркка ээ болушуна тикеден тике себепчи болгон.

Алымкул Үсөнбаев Сулайман, Атткур өңдүү ырчыларды ээрчип, кыял арасында жаңыдан ырдап жүргөн мезгилде Токтогулга жолугат. Бул жолугушуу жаш ырчыны таалайдын булагына дуушар кылат. Кыргыз элинин атактуу акыны Токтогул Сатылгановго жолугушуп, ырчылык жагынан таалим алышын жана ырчынын чыгармачылыгындагы бурулуш отабы деп, атоого татыктуу. Улуу акындан таалим алгандан кийин гана Алымкулдун чыгармачылыгындагы ырчылык жылыштар ачык сезилип, акындык аты катуу чыгат.

" Мен ат жалын тартып минип, колума комуз алып, эл арасында ырдап чыккан күнүмдөн баштап,- дейт Алымкул Үсөнбаев улуу композитор Муратаалы Күрөңкеевдин туулганына жүз жыл толушуна карата жазган ~~"Жакшы сөз жанга кубат" деген макаласында~~ эскермесинде, - өнөрү өргө чыккан адамдардан таалим алдым. Мага көңүлдү эргиткен күүсүн үйрөткөн, балдай сөзүн сүйлөткөн биринчи тарбиячым жана окутуучум акын атам Токтогул болду. Токтогул мага татынакай ырды да, тамшандырган күүнү да үйрөттү"[1]

Кыргыз элинин көрүнүктүү акыны Токтогул Сатылганов менен Алымкул Үсөнбаевдин биринчи жолугушуусу жөнүндө акыркы күнгө чейин айрым туура эмес пикирлер айтылып жүрөт. Бул маселеге окуучулардын атайы көңүлүн буруп

1.Алымкул төкме. "Жакшы сөз жанга кубат", "Советтик Кыргызстан" газетасы, ... декабрь, 1960 ж.

жаткандыгыбыздын себеби да улуу акын менен Алымкулдун кайсы жылдарда жолугуусу жаш акындын чыгармачылык көз карашынын белгилүү режимде калыптанышында чоң мааниге ээ. Башкача айтканда Алымкулдун ырчылык тили ката электе жолугушуп, акындык чеберчиликтен сабак алуусунун принципиалдуу мааниси бар. Мына ушул себептүү биз Токтогул менен Алымкулдун биринчи жолугушуусуна төмөндө атайы токтолмокчубуз

Адабиятчы М. Богданова өзүнүн " Кыргыз адабияты" - деген китебинде: " 1928-жылы Үсөнбаев Токтогул менен жолугушат. Улгайган акындын кеңтүз эриткен ~~/ырлар/~~ ырларын угуп, Алымкул анын урматтоочусуна жана окуучусуна айланат"[1] - деп жазат.

Ушул эле ойду Н. Рахматуллин, С. Мусаев, К. Маликов, К. Укеев жана музыковед В. Виноградов жолдоштор да толугу менен кубаттайт. Буга карагандыбызда Алымкул 29 жашында улуу акын менен биринчи жолугушкан болуп жатат. Башкача айтканда 1928-жылы дегенибизде эгерде биз жолдош В.Виноградовдун Алымкул " 15 жашында акын катары Таласка таанылып, чоң-кичине тойлордо ырдап жүргөн[2]" деген аныктоосун дагы эске ала турган болсок, анда Алымкулдун аты эл арасында чоң ырчы катары өсөгө алынып калган мезгили элестейт. Сөзсүз, бул фактыга эч макулдашууга болбойт, анткени - Алымкул, чындыгында Токтогулга он сегиз жашында эле, 1912 -жылы жолуккан. Башкача айтканда, жолдош Вино-

---

1. М.Богданова. Киргизская литература, 121 стр.
2. В. Виноградов. ~~Токтогул и Киргизские акыны", 1952, 110 стр.~~ Киргизская народная музыка, Киргосиздат, Фрунзе, 1958, 239-стр.

градов аныктагандай эмес, жогоруда биз эскерткендей жаштан эле айыл ырчыларын ээрчип ырдап жүргөндө кез-дешет. Мунун акындын кийинки жарыялаган кошумча эскермелер ал гана эмес жалпы эле адабиятчыларга кеңири маалим болуп Алымкул менен Токтогулдун биринчи кездешүүсүндөгү ыры катары айтылып жүргөн " Токтогул менен жолугушуу" ырынын мазмуну да толугу менен ырастайт.

1957- жылы Алымкул Үсөнбаев улуу акын менен болгон жолугуушусун, акын айрым ырчылык чеберчилигин эскерип, толуктоо максатында "Улуу окутуучум" деген өзүнүн эскермесин Ала-Тоо журналынын бетине жарыялайт. "Кең-Колдогу Манастын коңушу аталган жерде Түлөгабыл деген баласына той өткөрүп калды - дейт. Алымкул бул эскермесин де,- тойго эл эң көп жыйылды. Ушул учурда <u>он тогузга чык</u> <u>мен</u> / алдын сызган биз- С.Б./ Токтогул булбул менен той үстүндө кезде болдум"[1]. Ырас, бул эскермеде Токтогул менен канчанчы жолукканды жөнүндө эч сөз кылбайт. Алымкул тек гана Токтогул менен бирге болуп, бирге ырдашканын эскерет Бирок, бул эскермесинде " Токтогул менен жолугушуу" ырын-дагыдай тердеп- тепчип, сүрдөөнүн, уялуунун, апкаруунун изи жок. Алымкул мында эски таанышындай сезилет. Ошондуктан бул эскерме да жогорку аты аталган адабиятчыларды эч жок-байт. Эгерде биз Алымкул, К. Маликов эскерткендей[2], 20 <u>жашынан тартып гана эл</u> аралап, чоң аш-тойлордо ырдай

1. Ала-Тоо, 1957, № 8, 13 -бет.

2. К.Маликов. Эл ырчысы Алымкул. Ленинчил жаш, 1954, 17-но

болтогондугун чындык катары кабыл ала турган болсок, анда Алымкулдун биринчи жолугушууда ырдаган "Токтогул менен жолугушуу" деген ырынын өзү да бул пикирибизди толугу менен кубаттайт.

Биз ырдын мазмунун териштирүүдөн мурун мындай кайчы фактынын чыгышына шарт түзгөн айрым себептерге да өз божомол оюбузду айта кетелик.

Адабиятчылардын Токтогул менен Алымкулдун жолугушун 1928-жылы деп, эсептешип келишине, биринчиден, алгачкы кездешүүгө күбө катары тартылган ырдын мазмунуна толук көңүл бурулбагандыгынын натыйжасы болсо, экинчиден, акындын туура эмес берген өз маалыматы да чоң себепкер болгондой сезилет, анткени Алымкул Үсөнбаев ошол мезгилдеги жалпы эле кыргыз элинин арасындагы жазуу-сызуунун жоктугуна байланыштуу өзүнүн улуу акын менен жолугушкан күнүн, жылын эс-не так тута албаган болуу керек. Натыйжада чоң акынга айтылган биринчи саламдашуу ырын өз өмүрүндөгү эң чоң окуя катары эсептесе да, ай-жылын чаташтырууга алып келген.

Алымкул Үсөнбаев " Акын атама" деген ырында улуу акын менен жолугушуусун эскерип келип, мындай дейт:

"Бел- Таштын башы Бүлкүлдөк,
Желпирген салкында.
Калдайган жылкы топ болуп,
Жанкороздун алдында.
Ошондо барып көрүштүм
Токтогул булбул акынга.

Салам берген Алымкул
<u>Жыйында бел жолунда</u>
Барсам булбул Токондун
Туруптур көп эл касында"
Алык акын атамды
<u>Ошондо жаңы кергемун</u>
Учурашып озуне
Уитулуп салам бергемин.
Эртели кеч эсимде
Ошондо айтып бергениң"[1]

Автордун бул ырына караганыбызда Токтогул менен акындын совет мамлекетинин биринчи жылдарында, б.а. 1919-жылы жолукканлыгы ачык. Ал эми "Токтогул менен жолугушуу" деген ырынын аягында 1928-жыл деп, белгиленген. Мындай каар карама-каршы келген фактыларды ушул эле Алымкулдун "Токтогул менен жолугушуу" аттуу ырынын мазмуну эч ырастобайт. Ташпык учун биз ырдын озуне кайрылып королук.

Алымкул Үсөнбаев " Токтогул менен жолугушуу" деген эскермеси-н башында мындай дейт:

" <u>Жаңыдан ырдап жүргөн кезим</u> ... Бир күнү Муса келди да: "Жүр,балам, беренге Токтогул жакын болчу эле. Ушул ошко Токтогул келет.Жүр, эми, сени ошол акынга тааныштырайын" -деп,өзөрчитин алып жөнөдү. Беш-Таш деген жерге барсак, эл жыйналып, бөрөндөр үй-тигип жаткан экен. Айылдын четине барып, бир кишиден: " Токтогул келдиби?" -деп, сурадык эле, ...келди,Жаңкоросдун кишиси Төлөбайдын

1. А. Үсенбаев. Комуз. Фрунзе, 1949, 59 бет.

айлында жатат" -деди. Анда Муса айтты: " Аьыр сен жаш баласың күндүз Токтогулдун үстүнө алып барсам терден-тепчип, эч нерсе айта албассың. Түн бастыр болот дечү эле. Аьыр бирөөнүкүнө токтоп түн ичинде алып барайын". Ошентип биз башка айылга барып түштүк. Күүгүм кирип, караңгы болгондо " жүр эми, сени Токтогул жаткан үйгө алып барайын деп, алып жөнөдү.

Токтогулду көрсөм, деп - толкундап бара жатам. Токтогул жаткан Төлөбайдын айлына жакындаганда бизге Токтогулдун үнү угулду. Мурун "көрсөм" -деп, жүрөгүм толкундап бара жаткан элем, эми анын үнүн уккандан кийин мендеп тер чыга баштады. "Көрбөсөм" экен деп, калдым. Көрө электе минтип калдым, кантип мен анын астына барып, бир нерсе да айтам" -дегенсип ойлодум. "Өрбөй эле кетем-деп, калдым. Бирок Муса болбой койду..."[1] / ~~Курсив менйки С.Б.~~ Алдын сызган мен - С.Б./

Биз мында акындын ырга берген проблык кылдесинен атайы көлөмдүү-үзүндү келтирдик, анткени бул алынган цитатадан чыңдыктын учугу да жогоруда атайы биз сызып көрсөткөн сүйлөмдөрдө турат. Алымкул бул баяндоосунда "Жаңыдан ырдап жүргөн кезим эле" -деп, эскертип жатат. Ал эми акындын колуна комуз алып, жаңыдан ырдап жүргөн кези 25,29 жаштын курагы эмес, башкача айтканда Алымкул "жаңыдан ырдап жүргөн кезим эле"-деп, 17-18 жаштагы учурун айтып жатат. Муну Алымкулдун Уулуу акындын алдында "терден тепчип" эчтеке айта албай калтырганы гана эмес, Ыргелинен

---

1. А.Усенбаев.Тандалган ырлар,Фрунзе, 1956,257 бет.

уулу Мусанын да " Акыр сен жаш баласың. Күндүө Токтогулдун үстүнө алып барсам, эчтеке айта албассың" -деп, эскертиши да Алымкулдун тажрыйбасы жаш ырчы гана эмес, жаш бала экенин да дагы бир жолу ырастоодо. Бул талашсыз чындыкты жалаң гана Алымкулдун өз сөзүнөн эмес, Токтогулдун жаш ырчыга кайрылган ыр жолдорунан да ачык сезүүгө болот. Алымкул Токтогулдун атын алыстан угуп, бир көрсөм, деп, эңсеп келип, үстүнө кире албай тердеп-тепчип турганында улуу акын мындай дейт:

" Каргадай балам Алымкул,
Качып менден сүрдөнбө.
Кармап жаш балам пускамды
Калкыңа келип жүргөндө"[1]

Мындагы Токтогулдун каргадай балам деп, Алымкулду аташы / ал эми 29 жаштагы жигитти эл каргадай бала дебесин баарыбызга маалим/ же болбосо качып андан сүрдөнүшүн эскертиши Алымкулдун али жаш, тажрыйбасы ырчы экендигин ачык айтып турбайбы?!

Ушул эле ойчурултуго фактыны Алымкулдун:

" Кеведей жаш бала болсом да,
Келди деп уктум кабарды.
Бар көрсөм деп жүрчү элем,
Токтогул сыйлуу абамды.
Акыр бала башым жаш
Көңүлүм тунук көрөңгө

---

1. А. Үсөнбаев. Тандалган ырлар, 1950, 237 бет.

Өрчитип жүрүп жеңге сал,
Эсей элек балаңды"[1]

деген сөздөрү менен да ырастоого болот.

Демек, биз жогорку фактылардын негизинде Алымкулду Токтогул менен 1917-18 жыл жаш жуаш курагында, б.а. айыл арасында жаңыдан ырдап жүргөн мезгилинде жолуккан деп, тартынбай айта алабыз. Ошол мезгилде эле улуу акын кичинекей ырчынын жөндөмдүүлүгүн өтө жогору баалаган:

" Баламдын ырын сынасам
Баглан козу этиндей
Балам,
Балдай ширин сөздөрү"[2]

Мына ушул себептүү Токтогул өзүнүн өрчип, Алымкулду дагы алууга үндөйт:

"Эрмеги балам балам болорсуң,
Эл чогулган дубанды.
Айлың Талас болсо да,
Бир балам деп, турармын.
Кармоп кал балам куушамды,
Картайдым бир күн сынармын"[3]

Демек, улуу акын Токтогул Сатылганов кыргыз элинин көрүнүктүү комузчу, ырчылары Калыкка, Осмонбетке, Коргоолго, атайга көрсөткөн аталык камкордугун жаш ырчы Алымкулдан да аяган эмес. Алымкул Үсөнбаев 1912-жылдан тартып улуу

1. А. Үсөнбаев. Тандалган ырлар, 1955, 369 бет.
2. Ошол китепте, 368 бет.
3. Ошол китепте, 367-бет

Токтогулдун комузун угуп, ырын улаган окуучуларынын бирине айланат. Улуу акынды Таластыктар да өтө жогору кадырлашкан. Көпчүлүк чоң эл-тойлор, ар түрдүү жыйындар Токтогулсуз өткөн эмес. Ал Бел-Токтуну алып, Таласта көп боло турган. Кээ жылдарда айлап да жүрүп калуучу. Талас жеринде өткөн Токтогулдун мындай күндөрүнө Алымкул балалык убакта өнчүлөө болгон. " Токомду биринчи көрүп, саламдашкандан тартып, мен ал киши менен ар дайым Таласта такай бирге болуп жүрдүм"[1] дейт Алымкул теке.

Алымкул Үсөнбаевдин кыргыз элинин улуу акыны Токтогул менен бирге жүрүп, андан таалим алышы ырчыга дагы берекелүү таасирин тийгизип, андан аркы чыгармачылык жолун белгилеген. Тактап айтканда жаш ырчы Алымкул бүткүл кыргыз элине даңазасы чыккан улуу акындан жалаң гана ырдын техникасын, ырдоонун жолун өздөштүрбөстөн, совет адабиятынын сонун үлгүлөрүнүн негизинде жогорку акындык чеберчилик менен элдик тилекти, мүдөөнү көздөгөн чындыкты таамай ырдоону үйрөнөт. " Тоо булбулунан" алган ушул сапат да Алымкулга чоң атак, даңк алып берди. Акын ырчылык атын бийик көтөрдү.

"Мураталы, Жоомарт Бөкөнбаев, Абдылас Малдыбаев жана ушу сыяктуу адамдардын айтуусу боюнча, Токтогулдун башка окуучуларына караганда, Алымкул өз окуутучусунун ырчылык ыгын жакшы өздөштүргөн"[2] -деп, белгилейт музыковед В.Виноградов.

1. Алымкул Үсөнбаев менен болгон аңгемеден.

2. В.Виноградов. Токтогул и киргизские акыны, 117 стр.

Чыгында эле, " Алымкул текме" аталып, өз элинин арасында чоң кадыр -баркка ээ болууда, А. Үсөнбаев, биринчи иретте Токтогул Сатылгановго милдеттүү. Жаш ырчыны идея жагынан бышырган чеберчилик жагынан жетилткен да Токтогул болгон. Ошондуктан Алымкул улуу акынды эскергенде "Акын атам", "Улуу окутуучум" -деп, чоң сыймык менен атап, көркөм сөзүнүн көрктүүсүн "Тоо булбулуна" арнайт.

"Элестеп ойлоп жүрөмүн
Ээрчитип жүргөн кезиңди
Уядан багып чоңойткон
Учурган атам сен элең
Унутпаймын өзүңдү
Көңүлдө турат күүлөрүң
Кулакта турат үндөрүң
Көңүлүмөн чыгабы
Коюлуп ырдап жүргөнүң"[1]

Октябрь революциясынын алдынкы жылдарында Алымкул улуу акын Токтогул менен Талас өрөөнүн бирге аралап, бирге ырдаган. Эки ырчынын "Кырк серке жайлоосундагы Токтогул менен жолугушуу" "Ырчы аял Акыш менен жолугушуу", "Боромбайга", "Бердикожо дүкөнчүгө", "Баймураттын үйүндөгү ыр" өңдүү алым сабакайтышуусу дал ушул жолугушууларда ырдалган эле. Октябрь революциясына чейинки эки акындын, жалпы эле Алымкулдун ырларынан бизге белгилүүлөрү ушулар десек болот. Бул алым сабак ырлар да акындын кыска, жалпы эскертүүлөрү аркылуу гана маалим. Ошондуктан ушул чыгармалар

1. А. Үсөнбаев. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы, Фрунзе, 1960, 97 бет.

ыргылдуу Алымкул Үсөнбаевдин же болбосо эки акындын Октябрь революциясына чейинки ырчылыгы жөнүндө кызыктуу пикир айтуу кыйын. Өзгөчө, бул эки акындын алым сабак ырларында Алымкул өзү жөнүндө, өзүнүн ырлары жөнүндө аз маалымат берет. Көпчүлүк бөлүгү улуу акындын ырчылыгына, анын ырларына арналган. Ошондой болсо да бул бир сөз кичинекей эскерүүлөрдөн Алымкулдун ырчылык жөндөмдүүлүгүн Боронбай, Бердикожо, Байнурет, Акын өңдүү кыргыз элинин карапайым өкүлдөрүн алардын эмгегин чын жүрөктөн даңазалаган элдик мотивди көрүү кыйын эмес. Акын Токтогул менен айтышкан алым сабак ырындагы:

" Колундагы байтеке
Курчтук кыдат алмаатан
Жетей бергин усталар
Кайраттуудан талбастан
Көргөн кезде силерди
Көңүлүм толкуйт ырдасам"[1]

же болбосо Сулайманга карата айтылган:

"Кордотончо элди
Колундан келсе жүргүн"[2]

деген өңдүү чакан ыр саптарынан эле анын улуу сапат ачык элестетилет. Алымкул Үсөнбаев улуу акын менен бирге жүрүп, бирге ырдашуудан жалаң ырчылык чеберчиликти, элдик мотивдин ачык айрым көрүнүштөрүн гана өздөштүрбөстөн, ошондой эле өзүнүн устатынан комуз чертүү искусствосун да үйрөнөт.

Окуунун ырчылыгын Токтогулдун укмуштуу күүлөрү менен
1. А. Үсөнбаев. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы, 87-бет.
2. Ошондо, 47 -бет.

байытат. "Кыргызстандын музыкалык коомчулугунун айтуусу боюнча,- дейт белгилүү музыковед В. Виноградов,- Токтогулдун "Кербез", "Арман кербез", " Арман" атуу күүлөрүн Алымкул өзүндөй кылып эң так аткарат"[1].

Улуу акындан Токтогулдан өздөштүргөн мына ушул ырчылык касиет да Октябрь революциясынын алгачкы күнүнөн тартып эле Алымкул Үсөнбаевге совет элинин, социалисттик курулуштун талабына татыктуу чыгармаларды түзүүгө мүмкүнчүлүк берди. Кыскасы Токтогул Сатылганов жаш Алымкулдун күүлөсө күү берген, ырдаса ыр берген чебер окутуучусу болгон. Эгерде Алымкул ырчылыгынын ~~эрте кезинде~~ алгачкы мезгилинде Сулайман, Айдыралы өңдүү акын ырчыларын ээрчип, ырларын угуу, элдик оозеки чыгармаларды үйрөнүү менен көркөм сөздүн машыкса, ырчынын ордуна түшүнсө, ал эми улуу акын Токтогул менен жолугуп, таалим алышы жаш ырчы үчүн чеберчиликтин чыныгы мектеби болгон. Алымкулдун колуна комуз, чертерине күү, ырдарына ыр берген да Токтогул эле.

Октябрь революциясынын кыргыз жеринде жеңишин Алымкул ырчылыгынын өркүндөп турган мезгилинде тосуп алды. Бул учурда Алымкулдун аты бүт Таласка, кала берсе Кетмен-Төбөгө да билинип калган эле . Ал чоң жыйындарда, ал тойлордо кадимкидей жар чакырып да жүргөн болучу. Мындай жыйындардагы ырчылыгы катарында автор Октябрь революциясынын алдындагы Жанкоросдун, Акмолдонун ошол эскерет.

---

1. В. Виноградов, Токтогул и Киргизские акыны, 117 стр.

Адетте жар чокырыкка барлык эл акындар үнө беришкен эмес. Ага той -тамашаны,каада -салты көркөм сүрөттөп, уккулук-туу обон менен жакшы ырдаган, талантуу,таанылган ырчыны кошкан. Ал болуп жаткан той-тамашаны гана эмес, болуп турганды да элестүү, так кабардоого милдеттүү болгон.Демек жарчынын алдындагы ушу гана кичинекей талапты эске алсак Алымкулдун Октябрь революциясынын биринчи жылдарындагы ырчылык деңгээлине об"ективдүү баа берген болор элек. Демек Алымкул Үсөнбаев Октябрь революциясынын кабарын ырчылыктын белгилүү учурунда угат. Ал, башка элдик акындарыбыз өңдүү эле жаңы бийликти, жаңы жеңишти жактап чыгат, алар жөнүндө ырдайт. Бирок бул мезгилдеги акындын ырлары жөнүндө биз азырынча эмгегибизде конкреттүү сөз кыла албайбыз. ~~Алымкул Үсөнбаев жана анын замандаштары алардын Совет бийлигинин алгачкы мезгилинен тартып эле социалисттик курулуштун жарышына арналган көп эскертүүсө да,~~ Анткени — ~~ал ырларды~~ эч бирөө ~~сакталбаганын чоң өкүнүч менен эскертишибиз керек.~~ бизге жеткен жок. Ошол мезгилдин татаал кырдаалы менен тыгыз байланышкан бул үзгүлтүк ошондой эле башка акындарыбыздын чыгармаларына да негизинен мүнөздүү. Ушул себептүү Алымкул өңдүү акындарыбыздын Октябрь революциясынын биринчи жылдарындагы ырларынын көркөмдүгү, мазмундуулугу жөнүндө белгилүү пикир айтуу өтө кыйын. 20 - (жыйырманчы) жылдардагы акындын ырлары автордун өз эскертүүсүндө гана айрым ыр жолдору бизге белгилүү. Ушулар аркылуу жогоруда биз эскерткендей,жыйынтыктуу, толугураак пикир айтуу азыркы учурда мүмкүн болбой жатат. Ошондой болсо да, айрым сыныктардан жыйнап, белгилүү бир картина түзгөн сыяктуу биз да айрым үзүндүлөр жөнүндө

кыюкача ой жүгүртө кетелик. Сезсте, бул дагы 20 -жылдардын акыркы жарымындагы убакытка тиешелүү.

"Лениндин атын уккаида
Толку дайды жүрөгүм.
Токтогул болду устатым
Торгойдой сайрап жүрөмүн.
Орундатат деп уктук
Жанчылган элдин тилегин"

Бул ырды акын алгачкы чыгармаларынан бири катары эсептөө. Автор Ленинди чоң салыштырууларга чулгап, көтөрө сүреттеген эмес. Чын жүрөктөн чыккан сөз тикелигинде кубанычтуу күндүн элеси тартылган. Бул акындын башкы жана акыркы ыр саптарында ачык берилген "Орундатат деп уктук" деген ыр жолуна карагандыбызда акынга таалайлуу күндүн элеси анчалык ачык эмес. Бирок Лениндин аты менен байланышкан кубанычтуу чоң ишенич күчтүү. Автор эски замандын торунда ээнтоп, бутунун астында тебеленген кембагалдарды "жанчылган" деген метафора менен өтө так сүрөттөгөн. Образдуу айтылган элдин образы да Лениндин жүрөктү толкундаткан идеясы менен бирдикте чоң күчкө ээ болууда.
Акын өз убагында мындай ырларды аз ырдабашы керек. Алымкулдун ырларындагы жогорку ыр саптарындагыдай күнөмдүү ойлор анын тушунүгүнүн кеңдиги, турмушунун өзгөрүүсү менен дагы тактлат, аны социалисттик коомдун идеяларына жакындатат.

Тактап айтканда жыйырманчы жылдардын аягынан тартып, акын көркөм сөзү, жеке эмгеги менен совет мамлекетинин душмандарына ачуу күрөш ачат. Акын эл алдында, чоң

жылдардагы түрдүү мазмундагы курч агитациялык ырлары, солсо лирикалары совет өкмөтүнө карата болгон элдин ишенимин бекитип, бай, манаптардын калдыктарына каршы күрөшкө уюштурууда чоң дем берет.

"Кеңештин туусу орноду,
Керилген Талас жериме
Кедейди албай теңине,
Келилчү элең бай-манап,
Эми, келбейсиң менин чениме"[1]

Бул келтирилген чыгармадан жалаң гана ачуу ызаны жеңген салтанаттын үнү угулбайт. Автор алдык советки чыгармалардын образдык системасында кеңири кездешүүчү "Туу" деген символикалык көркөм сөз элеси менен жаңы замандын биротоло орногонун байкап ырдап жатат. "Кеңештин туусу" -авторло өтө конкреттештирилген, так символикалык образ, анткени советки адабиятта, андагы чыгармаларда "Туу" жалпы эле жеңиштин, улуу күчтүн символикалык образы катарында пайдаланылса, ал эми Алымкул ага жаңыча өзүнүн мамилесин көргөзгөн. Башкача айтканда " Кеңештин туусу" -деп, дагы тактаган. Сөзсүз автордун мындай ачык, так ырдын мазмунундагы конкреттештирген. Мындай сүрөттөө автордун бай, манаптарга каршы ырдаган башка ырларынан да ачык кездештиребиз .

Социалисттик системанын алыскы караңгы бурчтардагы жеңиши бай манаптардын каршылыгын дагы күчөтөт. Алардын ачык ыйынкечтиги, кара ниеттиги акындын ырларынын

1. „Ленинчил жаш" газетасы, 1938-жыл, 22-июнь

мазмунун такыр өзгөртөт. Алмакул адилетсиздик, талоончулукту, жогоруда биз эскерткендей, Октябрь революциядан мурун эле жомуяга кошуп ырдап келген. Бирок, бул чыгармаларында анын фактыны жөнөкөй гана баяндоо менен чектелген. Ал ырларында протесттин учугу, же болбосо чоң социалдык темалардын кырдаалына көтөрүлгөн кеңири жалпылоо али жок болучу. Ал эми 20 - жылдардагы ырларында бул нукоз көрүнбөйт. Анын адилетсиз талоончулукту, эзүүчүлөрдүн алып келген жакырчылыкты гана сүрөттөбөстөн, анын себептерин көрсөтүп, бай манаптарга каршы эмгекчилерди ачык күрөшкө үндөп чыкты.

"Жорукай болуп минчи элең,
Бай, манап, жоору жок семиге
Эзилген кедей жүрчү эле
Эгинин багып эшикке
Эски заман барында
Эч көңүлү келчү эмес.
Кедейге эки тыйын серикке
Эсиңде болсо, кедейлер,
Эңчилеп алган байларга
Эми такыр келбише.
Эки миңден кой айдап,
Эзип жүргөн куугунду
Эшибадеп жоготуп,
Эзелеп кедей кообуба
Бейли, эр Манас жаткан тегмаге! 1/

---

1/ „Л. ж." газетасы, 1938/22-июнь.

Бул ыр арноо иретинде айтылган саясы чакырык.
Алымкулдун айтайын деген ою да ырдын кедейлерге түздөн түз кайрылган жеринде турат. " Бай-манаптарды жоготпой теңдик жок" деген чакырыкты ырдын нукуру мазмуну, башкы идеясы десек болот. Бул идеяга, мазмунга көрк берип, жандандырып турганда автордун ырдын башкы жолдорунда берген так мүнөздөмөсү. Автор бай, манаптардын обликин, ички ийдейлүүгүн, алардын турпатын "жорудай" деген гана салыштырууга сыйыштырган. Мындан башка да анын "куугун" деген салыштыруу менен эзүүчүлөрдүн арам- тамактык, канкордук касиеттерин дагы ачыктап, толуктаган. Автор мына ушундай мүнөздөмөдөн б.а. эзүүчүнүн рахымсыз душмандыгын бүт ашкерелегенден кийин гана "күрөш" деген чакырыкка ачык өтөт. Мындагы ырдын салмагы да ырдын негизги идеясы куру чакырыкка негизделбестен конкреттүү фактыдан өнүп чыгышында турат. Бул болсо акындын көркөм сөзүнүн чеберчилигин гана эмес, анын ички өсүшүн да ~~өнө салат~~ ачык көрсөтөт. Чынында эле Алымкулдун көзү ачылып, түшүнүгү кеңиген сайын анын ырларынын салмагы да артып, саясы мааниси курчуйт. Тап душмандарынын катуу ашкерелеген ~~ушундай~~ көркөм чыгармаларын дагы бийик, дагы үсбой ырдайт. Акындын эмгекчилерге карата болгон таасири улам өсөт, анын көркөм сөздөрү массанын арасына терең сиңе баштайт.

Сүйүктүү акыныбыздын бийик чыккан күчтүү добушу, тасмай ашкерелеген саясы лирикалары совет өкмөтүнүн душмандарына жакпайт. Алар кандай да болсо, Алымкулду колго

тушуруп, көзүн тазалоосу ойлошот. Бул душмандык акт басмачылардын энчисине тиет.

Кыргыз тоолорунда колхоз курулушу жеңип, социалисттик өндүрүш терең тамыр жайганча байманаптын калдыктары өздөрүнүн өлүмү алдында душмандык кыянатчылыктарын токтото койгон эмес. Алар айрым жерлерде ачык куралданышып, элдин байлыгын талап, басмачылык кылышты. Басмачы өзгөчө Кыргызстандын тоолу райондорунда көпкө чейин каршылык көрсөткөн. Алар жергиликтүү бай, манаптардын колдоосу менен айылды чаап, коомдук малды талоого умтулушкан. Мындай талоончулук саясатты басмачылар Талас өрөөнүндө да жүргүзүшкөн. Бай, манаптар бул жерде дагы басмачылар менен бирдикте коомдук мүлктөрдү өрттөп, Советтик ишмерлерди алдыртан өлтүрүп да турушкан. Алымкулга да мына ушундай жазаны тарттырмакчы болушат.

1927 - жылдын күз айлары. Таластын бай, манаптары басмачыларга беш белек жамдай баштошат. Алардын ичинде Акчеке өңдүү күлүк ат, кара жорго, ак туйгун Кайраа уста менен Алымкул да бар болучу. "Ошондо мен өзүмдүн ырчы болуп калгандыгыма өмүрүмдө биринчи жолу катуу өкүндүм. Бирок, ошондо өмүрүмдө биринчи жолу эл үчүн эч нерсени аябоо керектигине да түшүндүм. Мен элге ыр берсем, алар мага өмүр бериптир. Мени эл тоого качырып, аман алып калышты..." Ошентип, топ душмандардын сырт өкүмү иш жүзүнө ашпайт. Ага эл жолтоолук кылат. Мындай кезрдүү

1. В. Винников. Акыны. Искусство Советской Киргизии, М-Л 1939. 58 стр.

өлүм жазалары Алымкулдун талантын мокотуп,жигин кайтара албайт. Анын үнү дагы бийик чыгат. Ал Совет өкмөтүнүн, Коммунисттик партиянын талаптарын,кезектеги милдеттерин дагы кеңири пропогандалоого өтөт. Алымкул Үсөнбаев аялдар теңдиги, эркиндик күн, партия жөнүндө ырдайт. Ушул эле темада Алымкул улуу акыныбыз Токтогул менен да бирге жүрүп, ал арасында көп ырдаган.Мындай чыгармаларынан бизге "Аялдардын теңдиги жөнүндө", " Акыйкат жана теңчилик", "Экинчи жолугушуу" аттуу алым сабак ырлары белгилүү.
Бул ырларында жалаң гана улуу акын менен бирге жүрүп, бирге ырдашкан чыгармаларынан гана эмес, Совет мамлекетинин алгачкы жылдарындагы, башкача айтканда 20 - жылдардагы Алымкулдун ырларынан бизге белгилүүсү десек болот.

А. Үсөнбаев өзү улуу акыныбыз Токтогул Сатылганов менен топ душмандарына каршы , Октябрь революциясына теңдик күнгө арнап, мындан башка да ырдаганын эскертет. Бирок, убагында кагазга түшүрүлбөгөндүктөн, көпчүлүгү автордун эсинен да чыгып кеткен. Ошондуктан, биз азыр Алымкулдун 20- жылдардагы ырлары жөнүндө сөз кылганыбызда жогорудагы саналуу строфаларды эске албаганыбызда, жалаң жылаңач фактыны атоодон ары өтө албай отурабыз. Алымкул өзү да ал мезгилдеги ырлары жөнүндө азыр бизге конкреттүү эчтеке айтып бере албады.

Ошондой болсо да " Акыйкат жана теңчилик", "Аялдар теңдиги жөнүндө", "Экинчи жолугушуу" өңдүү чакан ырлар улуу акыныбыз Токтогул Сатылганов сыяктуу эле, Алымкул да совет мамлекетинин алгачкы жылдарынан баштап эле жаңы

заманды күүсү менен жазагандыгын ачык айтып турат.

Акыйкат менен теңчилик " - бул автордун 20-жылдарда ырдаган чыгармаларынын бири. Автордун өз эскертүүсүнө карагандыбыз 1929-жылы 8-мартта ырдаганы көрүнөт. Чыгарманын түп нускасы бизге жеткен азыркы 24 жолдон турбасы керек. Акындын бул ыры өз убагында аялдар темасындагы көлөмдүү чыгармалардан экенин танууга болбойт. Бирок, өз убагында кагазга түшпөгөндүгүнө байланыштуу ыр бүт сакталбаган. Ошондой болсо да саналуу ыр жолдору акындын негизги оюн ачык айтып турат. Ыр төмөнкү саптар менен башталат:

" Акыйкат мына,теңчилик
Аялды алга үндөгөн.
Ырыстуу болдуң аялдар,
Партия берген күн менен"[1]

Автор бул ыр жолдорундагы "Теңчилик","Акыйкат" деген сөздөрдү өзгөчө басым менен айтып жатат.Башкача айтканда чыныгы акыйкаттыкты аялдардын эркин,ырыстуу турмушу менен байланыштырууда, анткени, автордун өз сөзү менен айтканда " аялды алга үндөгөн" бир да коомдук түзүлүш болгон эмес. Биз көп алыс кетпей эле кыргыз келин - кыздарынын муң-зары, шор күндөрү ташка тамга баскандай ачык чагылган "Ой дай", "Күнөтай кыздын арманы", "Кыз Кенженин арманы","Чалга кеткен кыздын арманы" аттуу чыгармаларды эске түшүрсөк жетиштүү болор. Ал эми А.Үсөнбаевдин " Акыйкат жана теңчилик" деген ырында кыргыз аял-

1.А. Үсөнбаев, Тандалган ырлар,1956, 343 -бет

дарынын бүгүнкү турмушун элестетип жатат. Автор "Эркектерден калышпай эпкиндүү иштеп жаңырып, эмгегинен таанылгандарды" өтө жогору баалап, конкреттүү фактылардын негизинде даңазалайт. Ырда:
"Укук берип аялга, Урматтады партия" деген ыр саптары бар. Бул чыгарманын бүт мазмунун жыйынтыктаган музыкалык акын десек жаңылбайбыз. Акын акыйкаттыкты, теңчиликти аялдардын жаңы мүнөзүн мына ушул партиянын образы менен бирдикте алып карайт. " Партия берген күн менен" б.а. адам баласынын, жан-жаныбардын жашоосунда, өсүп көгөрүшүндө "Күн" кандай касиетке ээ болсо, партия да мына ушул түшүнүктө сүреттөлгөн. Ошондуктан ырдын айрым жерлериндеги партияга шайкештирилген "Күн" деген эпитет, салыштыруу эркиндиктин, теңдиктин символу катары автор тарабынан чоң сыймык менен айтылган.

Ушундай эле азаттык идеясы, эркиндик мотиви Алымкул Үсөнбаевдин улуу акыныбыз Токтогул Сатылганов менен бирдикте ырдашкан. " Аялдардын теңдиги жөнүндө", "Экинчи жолугушуу" өңдүү алым-сабак ырларынан да башкы орунду ээлеген. Бул чыгармалардын ырдалган мезгили "Акыйкат жана теңчилик" аттуу чыгармалар менен катардаш десек жаңылбайбыз. Башкача айтканда 1929-жыл менен белгилөөгө болот.

Аялдардын теңдиги жөнүндө" деген акындын ыры көпчүлүк басылышында жана улуу акыныбыз Токтогулдун жарыкка чыккан жыйнактарында " Акбаары" деген ат менен жүрөт. Ал эми Алымкул Үсөнбаев акыркы жылдарда чыккан толугураак жыйнактарынын биринде " Аялдар теңдиги жөнүндө" деген ат менен берген.

Автордун ырды мындай аталы чыгарманын жалпы эле мазмунунан келип чыккан болуу керек, анткени сөз да, күү да Акбаары атуу келиндин айланасында болот. Аялдардын эркиндик, теңдик күнү, алардын көндөмдүү мамилелери да чыгарманын мазмунун түзгөн.

Алымкул Үсөнбаев " Аялдардын теңдиги жөнүндө" атуу чыгарманын жаралышы жөнүндө мындай дейт:

" 1928- жылы май айында Токтогул Таласка келип, мени " Жүр, балам, биздин ол жакка барып тамаша кылып кел" - деп, эерчитип кетти. Биз баргаңда " Кара - Суу" деген жайлоодо Машкара деген той берип жатканда үстүнөн чыгып, чогулган аял- эркектердин арасына барып ырдап калдык"[1]

Ыр элдик оозеки чыгармачылыктан салтындагы алым сабак түрүндө айтылат. Алым сабак акындардын чыгармачылыгында кеңири колдонуучу ыр түрүнөн. Бул ыр түрдүү мазмунда болгон. Атап айтканда алым сабак ыр биринчиден айтыш деген түшүнүккө ээ болгон а тыштардан кескин айырмаланган анткени акындардын айтыштары оололордун эле алым сабак ырларына караганда башка мазмунда, башка жагдайда өткөн. Адатта, айтыш /Октябрь революциясына чейин/ негизинен уруу кыйкачылыгында өткөн. Айтышка түшкөн ырчылар тиги же бул уруунун, анын белгилүү адамдарынын талабын талашкан. Айтышты да мына ушул мүнөздө алып барган. Ал эми алым сабак ырда бир эле көрүнүш, окуя жөнүндө эки акын

биринин ырын бири улап, айтышты улантышкан. Мында ар бири экинчи акындын мүнөздөмөсүн улантуу менен бир бүтүн көртина түзүүгө аракеттенишкен. Башкача айтканда Алым сабак ыр бул белгилүү предмет жөнүндөгү бир ойдогу, бирдей көз караштагы эки акындын айтышы десек болот. Алым сабак ыр, кадимки айтыштардай эле акындан чоң чеберчиликти талап кылат. Белгилүү окуя, көрүнүш жөнүндөгү биринчи акындын сөз же сүрөттөөсүн гана эмес, экинчи ырчы ал баштаган ырдын ыргагын, уй каштыгын, интонациялык өзгөчөлүгүн да сактоого милдеттүү. Ошондо гана эки акындын алым сабак ыры угуучуларды кызыктырып, өзүнө тарта алат, алар тарабынан чоң кубаттоого ээ болмок.

Алым сабак ырында таптык мүнөздө болорун эсте тутушубуз зарыл. Ар бир акын өздөрүнүн көз карашына, таптык позициясына карата, айтыш сыяктуу эле, алым сабак ырды да түрдүү багытта, түрдүү мазмунда алып барышкан. Азыркы биз сөз кылып жаткан Алымкул менен Токтогулдун алым сабак ыры элдик багытта, элдик көз карашта айтылган. Ырдын өзөгү мазмунун аялдардын теңдиги жөнүндөгү маселе, эркиндик жөнүндөгү чоң ой түзгөн.

" Аялдардын теңдиги жөнүндө" аттуу ырда лирикалык мотив басымдуу. Тактап айтканда элдик лирикалык ырлардагы сүйүү сезими эки акындын алым сабак ырынын негизги мазмунун түзгөн.

" Ак бетинин кызылы,
Ак токтунун канындай.
Ак бетинин илеби

Арчалуу от жалындай"[1]

же болбосо Токтогулдун Акбаорынын мүнөздөгөн бир портреттик учурун алсак : "Ирециван актыгы,

Тескейде жааган кардайсың,

Ирэттүү чыккан талдайсың,

Ирбилип күйгөн шамдайсың,

Ирециң аппак, бото көз,

Ак келин,

Илгерээк кезде кандайсың."[2]

Бул келтирилген ыр саптары жогорку лирикалык мотив, анын мүнөздүү белгилери жогорудагы сөбуаду толугу менен ырастайт. Элдик лирикалык ырлардын башкы өзгөчөлүгүн түзгөн мындагы салыштыруу, метафора, метонимии сыяктуу көркөм сөз каражаттарына кайрылып көрөлүк. Биринчи Алымкулдун сөзүнөн алынган строфадагы " Ак токтунун жонундай", "Арчалуу от жалындай" деген салыштыруулардын, же болбосо Токтогулдун ырындагы ирециван актыгы тескейдеги карга, мүчөсүнүн сыйдалыгын ирэттүү чыккан талга, ирбилип күйгөн шамга теңештиришин элдик сүйүү ырларына, анын негизги сүрөттөө ыкмаларына мүнөздүү экендигин эч ким таба албас. Мына ушундай көркөм сүрөттөөлөр, күчтүү лирикалык сезим эки акындын алым сабак ырына элдик сүйүү ырларына

[illegible]

1. А. Үсөнбаев. Тандалган ырлар. 1965, 338 -бет.

2. Ошондо 339 -бет.

мүнөздүү элдик мотивди берген. Бирок муну менен биз ырды элдик лирикалык ырлардын анчейин бир үлгүсү катарында карагыбыз келбейт. Мындай деп, мүнөздөө менен "Аялдардын теңдиги жөнүндөгү" ырдын оригиналдуу өзгөчөлүктөрүн көз жаздымында калтырган болорбуз. Эл акындары элдик сүйүү ырларынын үлгүсүндө чоң социалдык маселени - аялдардын теңдиги жөнүндөгү көрүнүктүү теманы көтөрүшүп, ыктуу чечишкен. Мында лирикалык мотив, жеке сезим коомдук чоң маселе менен тыгыз айкашкан. Атап айтканда, эки акын сүйүү ырларынын мотивиндеги ачык мүнөздөмөлөр, түрдүү салттык туруктуу сүрөттөөлөр аркылуу Акбаарыга карата өздөрүнүн чоң симпатияларын билгизишсе, экинчиден, ал аркылуу аялдардын жаңы замандагы теңдик турмушун даңазалайт:

Аялга берген теңчилик
Акыйкат совет жыргалы - дейт.

Бул жалаң гана эки акындын алкышы эмес, бул бүт элибиздин алкышы, ырдаачылыгы. Ырчыларыбыздын эл арасында чоң кадыр - баркка ээ болуусу да жеке сезимдерин, ойлорун көпчүлүк массанын ою, сезими менен бирдикте бере алышында турат.

Ушында эле Токтогул менен Алымкул күн өткөзбөй жолугушуп саламдашса да, айлар, жылдардан кийин көрүшсө да алар жеке турмуштук тема менен эч чектелишпестен көпчүлүк элди терең ойлогон, аларды чексиз толкундаткан окуяларга, көрүнүштөргө кайрылышып эмгекчилердин ой санаасын билгизишкен, алардын мүдөөсүн жакташкан.

Бул Алымкул Үсөнбаевдин "Экинчи жолугушуу " деген ырынан да ачык көрүнөт.

Айрым убактарда ырдын темасын окуганыбызда бир топ ойлонтот. Мүмкүн окуучу биздин жогоруда Алымкул менен Токтогулдун жолугушу жөнүндөгү сөзүбүзгө карши да чыгышар, антпесе ырдын темасына караганда, Алымкул 1928 - жылы Токтогулга араң эле экинчи жолугушкан болуп жатат. Алымкул тээке "Экинчи жолугушуу" деген ырынын кириш сөзүндө мындай деп жазат:

" Токтогул 1928 - жылы Пишпек шаарына чакырылып келет. Кайта кайтканда Таласка барат. Улуу Октябрь майрамы болуп жаткан кези. Ошондо Токтогулду калың эл тосуп чыгып, менин Токтогулга салам айтып турган жерим"[1] Бул баш сөздө жана ырда анын улуу ырчы менен экинчи гана жолугушуп жатканын ачык ~~айтып өөсө~~ айтпайт. ~~Ал жөнүндө эскербейт да~~, бирок, ырдын темасы кайчы ойду туудурууга мүмкүн. Чынында, бул Алымкулдун улуу акын менен экинчи жолугушуусу эмес, антпесе кечээ жакында 1957 - жылы жарык көргөн " Кырк серке жайлоосунда" деген улуу акынга арналган эскерmeсинде Токтогул менен 19 жашында экинчи жолу жолукканын эскерет[2]. Демек, Алымкул "Экинчи жолугушуу" деген теманы чыгармасына койгондо биздин сөзүбүзчө ошол жылдагы экинчи жолугушуусун эске алып жаткандай көрүнөт. Бул жагынан тема өч кайчы ойду туудурбаса керек.

1. А. Үсөнбаев. Тандалган ырлар 1956, 370 бет.

2. Ала-Тоо, 1957, № 8 18 -бет.

"Экинчи жолугушуунун" башталышы акындардын айтыштарына мүнөздүү белги менен башталат. Тактап айтканда, адатта акындар айтыштын "чу" деген жеринен эле негизги предмет жөнүндөгү сынап баштабайт. Мындай баштоо адепсиздикке, адамкерчиликсизге жаткан. Ошондуктан турмушта адамдар көрүшкөндө эмдурун амандыкты сурашкан өңдүү акындар да айтыштын башталышын саламдашууга, жай сурашууга бөлүшкөр. Мына ушундай "киришүүдөн" кийин гана айтыштын негизги мазмунун түзүүчү окуяга өтүшкөн. Муну Эшмамбет менен Токтогулдун айрым айтыштарынан, Барпы менен Токтогулдун жолугушуусунан, же болбосо Жамбул менен Калыктын, Алымкулдун алым сабак ырларынан ачык көрүүгө болот. "Экинчи жолугушуу" аттуу ырда:

"Токтогул келе жатат -деп,
Калың эл уктук кабарды.
Алдыңдан тосуп Алымкул
Айтып турам саламды.
Алыс жерге бардыңбы
Токо,
Ат көлүгүң аманбы?"[1]

деген өңдүү Алымкул менен Токтогулдун саламдашуусу, жай сурашуусу менен байк башталат. Бирок мындай жеке мүнөздөө бат эле коомдук окуялар социалдык маселелер менен алмашат. Айтыш да ушул социалдык маселелердин айланасында өнүгөт. Атап айтканда кыргыз элинин турмушундагы революциялык өзгөрүш, ~~алып масалан~~ айтыштын мазмунун түзгөн. Бул

1. А. Үсөнбаев, Тандалган ырлар жыйнагы, 1955, 370 бет.

жөнүндө ырдын башталышында эле Токтогул ачык билгизет:

" Ачып берди өкмөт,
Акыйкат,теңдик заманды.
Арабыздан тазалайт,
Алдамчы бузук адамды.
Мурун болсо теңчилик
Көрбөйт элем заманды"[1]

Токтогул жаңы замандын башка өзгөчөлүгү катарында " акыйкат, теңдик" деген сөздөрдүн маанисин өзгөчө белгилеп, ырдап жатат. Ал эми ырдын алкы эки сабынан орун алган автордук оор ыкчуруk, чоң окунуч өзү айткандай " Акыйкат, теңдик замандын" маанисин дагы ачык, дагы тереңдетип көрсөтүүдө. Автор мында ачык бөөктүү контрасттык сүрөттөөнү колдонгон эмес. Бирок ыктуу алынып, өз ордуна жыйынтык катары түшкөн ыр жолу акындын сөн токтоп, толуктаган. Башкача айтканда акындардын чебер түзүлгөн ыр жолдорунан жаңынын шоодуу үнү, анын артыкчылыгы алыстан көзгө чалдыгат, даана угулат. Ал эми эски менен жаңынын карама-каршы келген жерлери ырдын адабий көркөмдүк маанисин дагы тереңдеткен.

" Кысылып жүргөн кедейлер,
Кырга чыктың,сайрагын.
Кырк жылы кызмат кылсаң да
Кызыл тыйын бербеген
Кырданып жүрчү бай,манап,
Бүгүн,кыргыздан бөлүп айдаган"[2]

---

1. Тандалган ырлар жыйнагы,1955,370 бет.
2.Тандалган ырлар,1955,372 бет:

Бул бир сөз ырдагы чыгарманын башкы үндүү, үнсүз тыбыштарынын бири- бири менен үндөшүп, уккулуктуу күүгө келтирилген аллитрация, ассонанс, акын тарабынан бир караганда тышкы үндөштүктү куул, атайы жасалгаланган-дай сезилер. Чынында андай эмес. Акындын чеберчи-ликтин бир көрүнүшү да кышты кынап тигендей тышкы ыргакты да жана ички мазмунду да терең айкалыштырып, бирдей алып жүрүшүндө турат. Акын "кырга чыктың сайрагын" деген көркөм элес катары элдик чыгармачылыктан бекем орун алган ыр сабы аркылуу эркиндик, теңдиктин келгенин салтанаттуу түрдө жарыяласа, ал эми андан ылдый-кы жолунда учурундагы милдетти айкындайт да чакырык үнүн бийик чыгарат.

Ушул эле үндү, ушул эле тонду Алымкул да улантып, улуу акындын үнүнө үн, кубанычына кубанычын кошот. Жаш ырчы:

"Жарды жалчы колунда,
Жаркырайт кызыл байрагы
Жан бакчылар келген жок
Бул, жалпы кедей аймагы
Жаңырып элдин бактысы
Жакшы болду майрамы"[1]

-дейт. Бул ырда автордун конкреттүү фактынын негизинде чоң коомдук мааниге ээ ойду жалпылап айтууга кылган аракети ашкере. Автор жеңиштин, бактынын символу катары поэтизацияланган кызыл байрактын" бүт эмгекчилердин

1. Ошондо, 372-бет

колунда экенин айгинелеп, " жан -бактылар" деген таамай аныктоо менен эзүүчү таптардын ашкерелеөөдө, Алымкул алым сабак ырды мына ушул эркиндик, теңдик идеясына чулганган ойдун айласында өнүктүрөт. Автор Ленин, Коммунисттик партия баштаган жаңы замандын артыкчылыгын, анын чоң мүмкүнчүлүктөрүн ырдоо менен өз ырына, Токтогул сыяктуу агитациялык мүнөз берген.Социалисттик курулуштун жоцилине багытталган анын чакырык үнү бул айтышта ачык. Акындардын көркөм сөздүк чеберчилиги да, новаторлук жаңы айтыштын традициялык мазмунуна чоң социалдык окуяларды батырып, көркөм сүреттөрдү тартa алышында турат. Бул, сөзсүз, өз мезгилинде шарттын, учурдун суроосуна акындардын белгилүү форманы ичине алган жообу эле.

Демек жогорудa фактылардын өзү эле Алымкул,улуу окутуучусу Токтогул өңдүү айтышты, анын бир түрү болгон алым сабак ырды уруу таламында же болбосо жай суроо жеке турмушундагы айрым бир жагы,кубанычты баяндоо кырдалында өнүктүрбөстөн,көпчүлүк элдин мүдөөсүн жактаган коомдук маанидеги окуянын кеңири жалпылоого умтулганын дагы бир жолу ырастап жатат. Кыскасы 20 - жылдардагы акындын ырлары ошол мезгилдеги социалисттик курулуштун жүрүшү,партия жана совет өкмөтүнүн учурдагы милдеттери менен жаралган чыгармалар эле. Бул убакыттын үнү, мезгилдин ыры болучу. Анын ырларына бай -манаптарга каршы күрөшүүгө, социалисттик курулушка активдүү катышууга үндөгөн агитациялык чакырык мүнөздүү. Алымкулдун совет мамлекетинин алгачкы жылдарында

гы ырлары толук биздин колдо жок болсо да, улуу акын менен ырдалган айтыштары, алым сабак ырлары, айрым чыгармалардын үзүндүлөрү акын чыгармаларын мына ушундайча мүнөздөөгө негиз берет. Сөзсүз, бул жерде биз Алымкул алгачкы жылдарда эле, б.а. 20 - жылдарда эле саясы мааниси терең, социалисттик курулуштун түрдүү көрүнүшүн өз ичине алган көркөм образга бай, ою чалкар, сөзү кенен жаңы темадагы чоң полотнону түзө алган деп, айтканыбыз айткыбыз келбейт. Мындай дешибиз чындыкка эч убакта туура келбес, анткени, - акындын сабатсыздыгы, карангылыгы жаңы саясатка терең түшүнүп, эпибиздин талабына ылайыктуу чоң чыгарманы түзүүгө мүмкүнчүлүк берген эмес. Муну акын өзү да толук сезген.

"Атым менин Алымкул,
Азыр келдим Таластан.
Кечиргиле, жолдоштор
Саясы сөздөн адашсам"[1].

Бирок, акын өзүнүн түшүнүгүнүн чектелгендигине, кошдук аң-сезиминин али төмөндөгүнө карабастан эркиндик, теңдик үчүн, социалисттик курулуштун жеңиши үчүн көркөм сөзүн, ырчылык талантын эч аяган эмес. Алымкулдагы мына ушул чоң далалат гана ага ар кандай тоскоолдуктарды жеңип, чыныгы элдик таланттардын катарына көтөрүлүүгө жардам берет.

30 - жылдар Алымкул Үсөнбаевдин ырчылыгындагы жаңы жогорулаштын, чыгармачылык жеңиштин жылдары болду. Бул жыл-

---

1. Л. ж. газетасы, 17/XII.1960 жыл

дары акын учурдун, мезгилдин талабына татыктуу курч саясий ырларды, көлөмдүү нормаларды өз алдына тартуу кылат. Өкүлдүн ырчылыгындагы мындай жылыштарга, биринчи иште өкмөт менен партиябыздын элдик таланттарга көрсөткөн чоң камкордугу зор таасир берет.

1936 - жылы Алымкул Үсөнбаев Фрунзе шаарына келип, эл чыгармачылыгынын республикалык олимпиадасына катышат. Анын комузчулугу, ырчылыгы жогору бааланып, Кыргызстан Мамлекеттик филормониясына артист болуп өтөт. Сунушунан, Алымкул филормонияга артист болуп өтөт. Ушул жылдары ал кат тааныйт, барлык окуя менен кабардар болот. Өкмөт менен партия тарабынан чоң чыгармачылык мүмкүнчүлүктөр түзүлөт. Филормониядан Алымкул атактуу кыргыз ырчылары, комузчулары менен жолугушат, алардын ырын, күүсүн угат. Бул эвал анын акындык талантынын дагы өркүндөп өсүшүнө кеңири шарт түзүп, мүмкүндүк берди. Алымкул Үсөнбаев кыргыз элинин улуу композитору Мураталы Күрөңкеевдин туулганына 100 жыл толушуна байланыштуу жазган "Жакшы сөз жанга кубат " деген эскермесинде ырчы, комузчулар менен жолугушуусу жөнүндө мындай дейт: "Артист болуп иштеген күндөн тартып, кыргыздын дагы сонун өнерпоздору, шайырлары, комузчулары жана ырчылары менен таанышып, келечекке ой жүгүртүү сезимим артты"[1]

Чындыгында эле, Алымкулдун кыргыздын чебер комузчу ырчылары менен элди аралап, алардын турмушу, ийгиликтери көмчилик

---

1Советтик Кыргызстан ,1960 жыл, 17 -декабрь

лдиктери менен кенен таанылышы, такай массанын арасында болууду акынга өзгөртүш, өсүштүн чыныгы көркөм элесин түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Акындын чыгармаларынын тематикасы кеңийт, мазмундуулугу артат. Алымкулдун чыгармалары да 30 - жылдардын ичинде кыргыз элине кеңири тарала баштайт. Ушул жылдардан тартып акындын ырлары Калык Акыев, Осмонкул Болебалаев өңдүү ырчыларыбыздын чыгармалары менен газета, журналдардын бетине басылып турат. Алымкул Үсөнбаевдин 1926-1940 жылдардын (аралыгындагы) ичиндеги ырлары алып 1938 жана 1940 - жылдарда чыккан " Ырлар жыйнагы", "Ырлар жана поэмалар" деген жыйнактарында топтолгон. Ата Мекендик Согушка чейин автор убактынын мезгилдин үнү болгон саясы ырлардын үстүндө гана эмес, кыргыз элинин өткөн турмушуна арналган жана жомоктун негизинде жазылган "Сайракан", "Жолборс менен киши", "Эшектен жолборс" өңдүү көлөмдүү поэмалардын үстүндө да иштейт. Акын, ошондой эле эл оозеки адабиятынын айрым үлгүлөрүн басмага даярдоого да көп күч жумшайт. Ушул жылдары Алымкул Үсөнбаевдин айтуусунун "Олжобай менен Кишимжан", " Сарынжи-Бөкөй", "Кожожаш" өңдүү кыргыз элинин кенже эпостору жарык көрөт. Бирок ушул арды атоодон эле акындын чоң чыгармачылык эмгегин байкоо кыйын эмес. Алымкул Үсөнбаевдин Ата Мекендик Согуш мезгилине чейин өз элине берген оригиналдуу ырлары сан жагынан алып карагында анча деле көп эмес. Эки ырлар жыйнагындагы ырларын санап келгенде отузга жетпеген чыгарма. Бирок, ушул санаалуу ыр жолдоруна акын өзгөрүш, өсүш (ошол) мезгилдин, (ошол) учурдун окуялары жөнүндөгү чоң

ойду батыра алган. Алымкул тап күрөшү, Октябрь революциясы, аялдар теңдиги, Коммунисттик партия, Улуу Ленин жөнүндө ырдайт, алардын жеңишин даңазалайт. Сөзсүз, бул тематикалар акындын 30 - жылдагы чыгармачылыгындагы жаңылык катары каралбашы керек. 20- жылдарда эле акын Алымкул бул мунөздөгү ырларды ырдай чыкканы бизге белгилүү. Бирок, 30 - жылдардагы акындын ырлары бул өткөндөгү чыгармаларынын нөнөкөй кайталоочу эмес. Бул жылдарда, жогоруда биз эскерткендей Алымкулдун эл менен, көркөм сөз менен болгон байланышы дагы күчөйт. 30 -жылдарда ал Советтик Кыргыз Жазуучулар Союзуна мүчө болуп өтөт. 1939 - жылы Алымкул Үсөнбаевдин кыргыз искусствосуна сиңирген эмгегин эске алып, партиябыз менен өкмөтүбүз ага Кыргыз ССРнын эл артисти деген ардактуу наам берип, СССР Жогорку Советинин биринчи чакырылышында аны депутат кылып шайлады. Мына ушунун баары акындын өзү айткандай, анын ой-жүгүртүүсүнө, сезимине таасир берип, түшүнүгүн дагы кеңитти. Ал эми акындагы мындай ички чоң өсүштөр анын чыгармачылык ишине чоң кубат, дем берди, ырларынын тематикалык, идеялык- көркөмдүк жактан да тактальшында зор мааниге ээ болду. Башкача айтканда партиябыз менен өкмөтүбүздүн эл ырчыларына жасаган камкордугу Алымкул Үсөнбаевге окшогон акындарыбыздын чыгармаларынын идеялык көркөмдүк деңгээлинин артышына чоң жардам берди. Акын эми жалаң гана аялдар теңдиги, партия жана өкмөтүбүздүн эркиндик жөнүндөгү, теңдик жөнүндөгү камкордугу тууралу ырдабайт. Ал~~ымкул~~ бул ~~[illegible]~~

тематикаларды социалисттик курулуштун конкреттүү айрым көрүнүштөрү, маданий- экономикалык жылыштар, улуу өсүш, өзгөрүштөр менен тыгыз бирдикте алып, көркөм сүреттөөгө умтулат. Так ушул жылдардагы ырларында агитациялык мүнөз, чакырык үндөн жаңы турмуштун көркүн, берекелүү көрүнүшүн, кубанычтуу ийгиликтерин сүреттөө басымдуу. ~~жана мүнөздүү,~~

" Боз талаага эгин, пахта түрдөтүп,
Кыштак салып, бак-даракты бүрдөтүп.
Туура байлап, тукк жерден суу алып,
Куурай чыкпас, куу талааны гүлдөтүп
Ой, Ала -Тоо ачык алтын кениңди,
Аксай, Соң -Көл, Суусамырдай жериңди.
Колхоз,совхоз чарбаларын жайнатып
Көрчү Ала- Тоо дуулап жаткан элиңди"[1]-

Алымкул Үсөнбаев Совет бийлигинин тушундагы жаңы айылдын өскөн жердин,өзгөргөн элдин картинасын мына ушундайча мүнөздөйт.Ушундай эле кубанарлык көрүнүш, чоң революциялык өзгөрүш анын " Ыргап жатат элибиз", "Таластын көрүнүшү" "Таалайлуу ал" "Он биринчи " аңдуу ырларынан да ачык элестейт.Автор өткөн замандын аянычтуу картинасын,жаңы күндүн чоң кубанычын сүрөттөө менен ар бир мезгилдин,учурдун адамдарынын конкреттүү образын ~~да түзөт~~ түзүүгө да чоң аракеттенет.
~~Өзгөчө анын эски замандын тиштүү өкүлү,эмгекчилердин чыныгы душманы молдонун бүт турпатын мындайча мүнөздөсө:~~

1.А. Үсөнбаев. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы, 1960, 101

"Жок немени жобурап,
Караңгы элди үндөгөн.
Бай, манапка жармашкан
Кедейди көрсө тилдеген
Өлгөнчө алдап эл жеди
Өзү эчтеме билбеген.
Аңык куугун ошолор
Алдап элден сүр жеген"[1]

Мында автор таптык карама -каршылык, турмуштук айрым көрүнүштөр менен элди алдап жеген "куугундарды" ашкерелесе, ал эми ошол эле ырында буларга илим , билим менен куралданган, өз энгеги менен элине жаккан адамдардын образын карама каршы коюп, мындайча сүрөттөйт:

" Өнөр билим үйрөнүп,
Учкучтар чыкты элимден.
Ураан салып эпкиндүү,
Ударник чыкты көлимден"[2]

Баатыр элдин образын, алардын улуу жеңиштерге чулганган турпатын акын " Папаниндер", "Жаштарга", "Комсомолдун 20 жылдыгына" деген чыгармаларында да чоң ынтаа коюп ырдайт. Эпкиндүүлүк, баатырдык совет элине энчилүү сапат катары даңазаланат. Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгы өлкөбүздүн өсүшүн, өзгөрүшүн, илимдеги жаңылыктарды, жетишкендиктерди баяндаган ырлары менен гана эмес, ошондой эле бизге саясы тематикадагы көркөм чыгармалары менен да баалу.

1. А. Үсөнбаев Ырлар жана поэмалар, 85 -бет.
2. Ошондо,

" Токтогулдун саясы ырлары Алымкулга өзүнүн чоң таасирин тийгизди жана анын андан аркы чыгармачылык өсүү жолун белгиледи"[1] - дейт,М.И. Богданова өзүнүн "Кыргыз адабияты" деген китебинде. Чындыгында эле, Алымкул өз окутуучусунун курч саясы темадагы ырларын улантан акын. Ошондуктан, анын ырлык бир өзгөчөлүгү да убакыт,мезгилдин үнү менен терең айкалышкан зор тарбиялык маанидеги саясы ырларды көп түзгөндүгүндө турат. Автордун алгачкы эки ырлар жыйнагына кайрылып көрсөк, алардан Октябрь революциясына,совет мамлекетине улуу жолбашчыларга,элдер теңдигине,советтик армияга,улуу шайлоолорго арналган "Октябрге","Ленин" "Жашасын жолдош Сталин","Улуу даанышман", "Кызыл аскер", "Улуу с"ездге" өңдүү саясы тематикадагы ырларына кеңири орун берилген.

Алымкул Үсөнбаевдин ырларындагы бул чыгармачылык өзгөчөлүктү сүйүктүү жазуучубуз Мукай Элебаев да өз мезгилинде оң туура байкаган.Акындын экинчи ырлар жыйнагына жазган баш сөзүндө Мукай Элебаев Алымкулдун совет доорундагы чыгармачылыгын мүнөздөп келип, мындай дейт: "... Алымкул биздин маданият майданыбызга эдегенде сабатсыз келип кошулган адам.Эски замандын чайросун да бир топ көргөн акын.Бирок ошондой болсо да, социалисттик заманды, өлкөбүздүн гүлдөшүн,колхоздун жеңишин, элдин улуу көсөмүн ырдаш акынга жаны, жаны менен байланышкан табыйгы нерсе болду. Кайта бүгү

[1] Г.И.Богданова,Киргизская литература,М.1947,121 стр.

келгенде тулпардай бар күчү менен чуркап, кенен көшүлүп, табынын эркин чыгарып отурганын көркөм чыгармалар биз тараптан кошумча сөздү керек кылбайт".[1] Чынында эле ошондой. Акын аялдар темадагы ырлары менен 30-жылдарда эле жаңы түзүлүштүн, Октябрь революциясынын, Ленин баштаган Коммунисттик партиянын караңгы кыргыз аялынын тагдырындагы маанисин ачууга өзгөчө күч жумшайт. Алыкул жаңынын революциялык бул маанисин ачууда өзгөчө, ошол мезгилде көп ырчы, акындарыбыздын сүйүктүү ыкмасы болгон салыштырууга, параллелизмге өтө көп кайрылат. Акындын ырларынан бирде кайгуу тырмагын батырып, аялдарды ыйлаткан адилетсиз замандын оор күндөрүн элестетсек, бирде жыргал, бактыга бөлөнгөн ырыстуу күндү көрөбүз. Мындай картина өзгөчө акын "Аялдарга "шайлоо", "Таалайлуу эл", "Көңүл толкуганда" өңдүү аялдар темадагы ырларында басымдуу. "Аялдарга" деген ырында акын аялдардын өткөн заманын мындайча мүнөздөйт:

" Жабыр тартып, кор болуп
Жарылып бүтү чор болуп
Жайдырап көөнүң ачылбай
Жайнаган кызыл гүл солуп"[2]

Мына ушул азаптуу турмушка акын "аялдар эркин шайланган", "Эркек менен тең болуп депутатка шайланган" кубанычтуу күндү каршы коюп, көркөм сүрөтүн берет. Ушул эле көркөм

---

1. А. Үсөнбаев. Ырлар жана поэмалар, 4-бет.
2. А. Үсөнбаев. Ырлар жана поэмалар, 21-бет

~~акындык ишмалерин~~ Сүрөттөөнүн мүнөздүү үлгүсү катарында "Шайлоо" аттуу акындын биринчи эле ырлар жыйнагына киргизилген жана ошондон бери үзүлбөй басылып келе жаткан ырын да көрсөтүүгө болот Мында акын:

"Эски убакта элде шайлоо болчу эле
Пара берген байдан болуш койчу эле.
Шайлоодогу чыгымдарын чачышып
Кедей канын бай-манаптар сорчу эле."[1]

дейт.

Бул акындын учкул фантазиясы эмес. Автор эски доордогу паракорлукту,адилетсиздикти эң туура мүнөздөгөн, анын мүнөздүү өзгөчөлүгү катарында паракорлукту таамай көрсөткөн. Бул ыр саптарынын тактыгы, чоң ойго чулганган мазмундуулугу да чындыктын таамай орун алышында турат. Акын адилетсиздикти социалдык теңсиздикти катуу ашкерелөө менен ошол доордогу көпчүлүк массанын саясы- экономикалык абалын туура элестеткен. Өзгөчө акындын жаңы замандын мүнөзүн,анын шайлоо системасынын өзгөчөлүгүн баяндаган ыр саптары эскинин картинасын дагы тактаган, өөкторун дагы ачыктаган:

"Колхозунда жакшы иштеген балбандан,
Мал өстүрүп, барып сыйлык алгандан.
Гүл жыйнатып, кызылча,пахта эккенден,
Стаханов кыймылында иштешип,
Жалкоолонбой күч сынашкан келинден
Бир гектардан миң центнер алышып,
Эпкин менен ашыгынан план төккөндөн[2]
Элге жаккан эпкиндүүдөн шайлайбыз"

---

1.Ошондо, 11 -бет.
2.А. Үсөнбаев. Ырлар жана поэмалар,13 -бет.

Алыкул Үсөнбаевдин "Ленин", "Жаңы жылга" ,"Улуу с"ездге", "Москвага салам" атуу ырлары да Улуу Ленинге, анын кыжырмен ишине, аталык камкордугуна,жаңы замандын жаркыраган келечегине арналган.

Эл ырчысы Алыкул Үсөнбаевдин 30 -жылдардагы/ ырларынын ичинде советтик элдин биримдигине, эл достугуна арналган чыгармалар да жок эмес. Акын "Учурашуу","Алма- Ата", "Эл достугу " атуу ырлары мына ушул идеяны устаттык менен берген. Автор бул ырларында эски убакта эрегишип урушкан" күндердүн элесин тартууга да, "бир энеден туугандай,бир уядан учкандай" ынтымактын боордоштуктун туусун кармаган бүгүнкү күндүн биримдигин сүреттөөгө да жетишкен. Мына ушунтип, акын алгачкы жарык көргөн ырларында эле учурдун, мезгилдин талабына ылайыкталган чоң саясы тематикаларды,коомду зор маселелерди көтөрө алды. Алар менен элибизге социалисттик курулуштун жеңишине, анын революциялык маанисине дагы тереңирээк түшүнүүгө жардам берди. Акын эл ырчылары, жазуучулар менен бирдикте жаңы турмуштун алдыңкы катарында болду.

Әлбетте,акындын чыгармачылыгына мындай баа беришибиз анын ырларындагы айрым үстүртүктүү көрүнүштү таба жокко чыгарууга же көз жаздымында калтырууга жатпайт. Алыкулдун ырлары угуучуларга көркөмдүк жагынан бардыгы бирдей даражада таасир калтыра албайт.

Айрым ырларынан көп кайталоолор, тайкы мазмундагы уйкаштыкка гана баш ийген ыр жолдору жасыз көркөм элестер да учурайт. Натыйжада чоң ой, жакшы тематика аягына чейин ачылбай калган учурлар да бар. Акындын " Кызыл Аскердин жыйырма жылдыгына", "Кронштад", "Москвага женерде" деген ырлары мына ушуга мисал боло алат. Бирок, мындай көрүнүш акын 30- жылдардагы чыгармаларынын айрымдарына гана тийиштүү. Алымкул Үсенбаев бул мезгилдеги ырлары менен жалпы коомунан элибизди жаңы жеңиштерге, социалисттик курулушка үндөтүүдө, алардын ийгиликтерин пропагандалоодо кыргыз Совет адабиятында белгилүү ролун ойной алды. Ошондой эле акын жалындуу, курч саясы тематикадагы чыгармалары менен таптык позициясын ачык көрсөттү. Ата Мекендик согуш жылдарында Алымкул Үсенбаев өзүнүн лир ырчылык ордуна, көркөм сөздүн маанисине толук түшүнүү менен келди.

## II бөлүм

Ата Мекендик согуш - Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы көрүнүктүү темалардын бири. Улуу күрөштүн белгилүү учурун, баатырдык салгылашуулардын түрдүү түстөгү көрүнүшүн акындын ырларынан кенен кездештирүүгө болот. Алымкул Москвалык, Ленинграддык, Сталинграддык жоокерлерге сыймыктанып, элибизди улуу жеңишке шыктандырган " Баатырлардын анты" Жеңе жүрдүк жеңебиз" /1942/, "Чолпонбай", "Сталинграддык сактоочуларга" /1943 /, " Ленин шаары" /1943/, "Ушул кез" /1944 / өңдүү көркөм чыгармаларды окуучуларга тартуу кылды.

Ата Мекендик согуш жылдарындагы акындын ырлары автордун жимиеқ импровизатордук чыгармачылыгына мүнөздүү арноо, чакырык, баатырдык баяндоо, лирикалык ой жүгүртүү формасында жазылган. Өз уулдарына, каарман жоокерлерге, кайраттуу өнөкчүлөргө арналган түрдүү мазмундагы, ар кыл формадагы бул ырларында Алымкул элибиздин оюн жана санаасын, турмушу жана күрөшүн чоң күч, жандуу поэтикалык ык менен берүүгө умтулган. Ырчынын Москванын коргоочуларына, Ленинграддык жоокерлерге арналган көркөм сөзү - бул көп улуттуу совет элинин баатырдык күрөшү менен терең үндөшкөн патриоттук үн эле. Акындын чыгармалары жоокерлер үчүн жалаң гана атал

накае, акыл насаат эмес, ошондой эле чоң кубат, деп берди. Бул жөнүндө Ленинграддыктар кыргыз элине жиберген бир катында мындай деп, жазышат.

" Ардактуу жолдоштор! Кыргыздын эл ырчысы Алымкул өзүнүн сонун ырында советтик элдин фашисттерди кандай жек көрө тургандыгын аң таамайлап:

Айбатың башка көрүнсүн,
Алды карай жүргүлө
Ач дөбөттөй фашистти
Алыстатып сүргүлө.
Тумшугуна таш тийип
Душман качып сендепсин.
Көктө өлгөнү көктө өлсүн,
Жерде өлгөнү жерде өлсүн,
Көрүнө чөгүп көлдө өлсүн,
Көз жетпеген чөлдө өлсүн.
Фашисттер кыйрап бүткөнүн
Бүтүн дүйнө эл көрсүн!

-деп, келтирип айткан"[1]

Совет элинин жек көрүү сезимин таамай берген акындын мына ушундай көркөм сөздөрү каармандарды улуу жеңишке шыктандырбай койгон жок. Алымкул Үсөнбаевдин фронт жана тыл жөнүндөгү ырларынын бир бөтөнчөлүгү да автордун кеңири көркем жалпылоого татымдуу турмуштун урунттуу учурун,

1. Цитата К. Укаевдин "Тааланйлуу элдин ырчысы" аттуу макаласынан алынды. Советтик Кыргызстан, 1954, № 11.

чечүүчү этабын иргеп, ырдоого кылган аракетинде турат.

Ата Мекендик согуш жылдарындагы Алымкулдун ырлары анчалык деле көп эмес. Газета, журналдарга жарыяланып, жарык көргөн чыгармаларынын саны жыйырмадан аша бербейт. Ал эми акындын импровизатордук жайын эске алсак ырларынын санын, сөзсүз мындан да ашырууга болор эле. Алымкулдун Талас, Чүй, Ысык-Көл өрөөнүндө кеңири күүсүн комузга коюп, ал арасында ырдаган ырларынын көпчүлүгү жыйналып, кагазга түшкөн эмес. Ошондой болсо да, жарык көрүп, элге таанымал болгон акындын аз сандуу ырлары көркөмдүгүнө, идеялык - тематикалык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу өз алдынча алып, ой жүгүртүүгө татымдуу.

1941- 1945 - жылдардагы Ата Мекендик согуш темасы акындын элге кайрылган үндөөлөрүндө, фронттун жана тылдын турмушун тарткан сүрөттөөлөрүндө ачык көрүнөт. Согуштун жүрүшү, убакттын сыналышы менен бул тема улам тереңдеп, кеңири жалпылоого ээ боло баштаганын көрөбүз.

Алымкул Үсөнбаевдин 1942 - жылы басылып чыккан "Согушуп жаткан эрлерге " аттуу чакан жыйнагы Коммунисттик партиянын Совет өкмөтүнүн мекенди коргоого чакырган ураанына түздөн-түз жооп болду. Акын "Уулу кез"," Учурашуу","Келген кез", "Аксакалдарга" өңдүү ырларында душмандын коркунучтуу көркоосуз экенин эскертип, жоокер уулдарына аталык наказын насаатын айтты.

" Катын бала калды -деп,
Кайрылып артың карабо,

Эрлер коргойт мекенди

Эч кимге ойлоо санаба.

Кабагың бүркөп кайгырба,

Кан чыккан саал карага

Кыраандай жүрсөң аралап,

Кыйрасын фашист талкаада"[1]

Согуштун биринчи күндөрүнөн баштап Алымкул мекенди коргоочуларды туруктуулукка, баатырдыкка үндөгөн ушул мезгилдеги патриоттук ырларды ырдап чыкты. Акындын чыгармаларынын башкы образын – баатыр элдин жана эмгекчилерди күрөшкө үндөгөн автордун лирикалык өз образы түзгөн. Мына ушул каармандар аркылуу акын совет элинин мүнөздүү патриоттук жоогерлерин, алардын мекенге, партияга карата болгон жылуу мамилесин билгизет. Турдукү түстөгү акындын ырларындагы лирикалык образ элдин, мекендин образы менен тыгыз биримдикте. Алымкул жеке көркөм үнү аркылуу элдин ой-санаасын билгизип, элдин атынан ырдайт да, элге кайрылат. Акындын эскилер аксакалдарга, каарман жоокерлерге, күйүгөн аялдарга кайрылган патриоттук көркөм сөздөрү совет адамдарынын атынан айтылган жалындуу сөздөрдөй угулат:

"Ок өтпөс болот денебиз,

Озондой туулган энебиз.

Баатырлар чыкты аттанып,

Багынтып жоону жеңебиз",[2]

Акын чоң оптимист. Ыр саптарында салттык көркөмдөө ыкмасы

1. А. Усенбаев. Тандалган ырлар, 131-бет

2. Ошондо, 121-бет.

аркылуу автор күрөштүн жеңишине терең ишенген көпчүлүк масса-
санын сон,үмүтүн таамай берип жатат. Мында алдын образы
сөзеки адабиятта туруктуу орун алган эпитет, метафора
сыяктуу традициялык көркөм сөз элестери менен сүрөттөл-
гөн. Мындагы " Ок өтпөс болот," б.а. "Болот" деген метафора
элдик чыгармаларда, өзгөчө эпикалык поэмаларда туруктуу
колдонуучу көркөм сөз элеси. Ал муну менен чыдамкайлуулук-
ту, өткүр баатырдыкты ачык түшүндүрүшүп келишкен. Ушул
эле мүнөздөгү көркөмдөө куралы катары "болот тегеер",
"алгыр кыраан" өңдүүлөрдү да эскертүүгө болот. Алымкул
Үсөнбаев да мына ушул маанида колдонуп жатат. Бул эпикалык
гиперболизация эмес. Учурунда кырдаалга жараша чындыкты
таамай элестеткен көркөм сүрөттөө эле. Чындыгында эле
Согуш мезгилинин өзгөчөлүгү, анын курч мүнөзү образдык
системага, көркөмдөө куралына өз таасирин тийгизди. Фронт-
тук турмушту, анын айрым көрүнүштөрүн, баатырдык салгылашуу-
ларды сүрөттөөдө кыргыз акын, ырчылары өңдүү эле Алымкул
Үсөнбаев да традициялык көркөмдөөлөргө гана таянып, сөзеки эпи-
калык чыгармалардын туруктуу салттык гиперболасын жана
антитезалык сүрөттөөлөрүн да кеңири колдонгондугу ачык
байкалат. "Өлүмгө өлүм", "Жырткыч фашист качканда",
"Фашисттер качтың сокку жеп" деген чыгармаларында душман
бирде " ачкөз итке", "кан ичкич жырткычка", "ууру итке"
салыштырылса, бирде "салпылдаган карга", "Тарп аңдыган

"Арам тамак жору" катары мүнөздөлөт. Ал эми советтик жоокерлер, тыңдын каармандары "Шумкар", " Барчын", "Жолборс" "Тулпарга" теңештирилет. Ачыктык үчүн биз " Фашисттер качты сокку жеп" деген акындын Москванын алдындагы душмандын талкаланышына байланыштуу жазылган ырынан бир мисал алып көрөлүк:

" Акыры болдуң жырткыч ит
Бир туйгунга миң карга
Темирин кырып талкалап
Түркүгү кыйрап сынганда".[1]

Бул ыр жолдорундагы чоң чындык түрдүү түстөгү туруктуу көркөм сөз элестери аркылуу берилген. Атап айтканда ырчы фашисттердин жырткычтык облигин, алардын душмандык жүзүн "Жырткыч ит " деген метафора менен аныктаса, ал эми биздин жоокерлердин баатырдыгын, кайтарылгыс күчүн миң карганын ичиндеги бир кыраан туйгунга салыштырат. Башкача айтканда, карга менен туйгунду бири-бирине карама каршы коюп, душмандын алсыздыгын элестетет, демек, жогоруда алынган мы-дагы туруктуу көркөм сөз элестери фашисттердин жырткычтык облигин аныктоого кандай шарт түзсө, ошондой эле Советтик армиянын күчүн, каармандык образын ачык элестетүүгө чоң көмөкчү болгон. Мындай антитеза акындын согуштун алгачкы жылдарындагы көпчүлүк ырларынын композициялык түзүлүшүнө мүнөздүү. Автор жырткычтык менен гумандуулукту, көркөмдүк

1. А. Усенбаев. Тандалган ырлар, 141-бет

менен баатырдыкты кандай карама -каршы койсо,ошондой эле акниеттүүлүк менен жыкаачылыкты, адилеттүүлүк менен алдамчылыкты бет маңдай коюп сүреттөйт. Бул болсо акындын 30-жылдардагы эски менен жаңыны - салыштырып көркөмдөө, ошол аркылуу жаңы замандын артыкчылыгын ачуу ыгынын бир көрүнүшү эле. Бирок Ата Мекендик согуш мезгилиндеги А. Үсөнбаевдин чыгармаларындагы антитеза курч мүнөздөгү ачык боектор менен берилген. Мында акын эки өлкөнү социалдык жана экономикалык жагынан болгон өзгөчөлүктөрүн тизмелеп санап отурбайт. Туйгун менен карганы,жолборс менен итти салыштыруу өңдүү чакан,так элестер аркылуу ички мазмундуулукту арттырууга жетишкен. Ал эми бул болсо Советтик элдин жеңилбес тоодой күчүн, майтарылгыс кайратын ачып көрсөтүүгө чоң мүмкүнчүлүктү түзгөн.

Согуштун жүрүшү, убактынын сыноосу Алымкул Үсөнбаевдин көркөм сөзгө образдык системага,сюжеттик мазмунга карата болгон мамилесин такыр өзгөртөт. Эгерде согуштун биринчи жылдарында ырдаган акындын чыгармаларында:

" Алтындан жалтын толугу,
Абалар, бекер жатпайлы.
Эсиң бүтүн асылдар
Эриктин тузун актайлы.
Баатырларга дем берип,
Бактыны жоодон сактайлы...[1]

---

1.А. Үсөнбаев. Улуу дос, 1950, 88 -бет.

өңдүү ачык үндөө басымдуу орунду алып, автордун накаа жалпы чакырык сюжеттик мазмунду мүнөздүү белгисин түзсө, ал эми уруштун кийинки жылдарында элдин образы, ал гана эмес лирикалык каарман да белгилүү турмуштук шартта сүрөттөлө баштаганын көрөбүз. Эпикалык гиперболизация акырындап конкреттүү сүрөттөө менен алмашат. Атап айтканда, акындын чыгармаларында белгилүү тарыхый кырдаал менен тыгыз байланышкан каармандын конкреттүү жеке образы пайда болот. "Чолпонбай "/1942/, " Кыргыздын уулдары" /1942/, "Гвардия атандың" - мына ушул мүнөздөгү чыгармалардан. Буларда жоокерлердин жалпылоо мүнөзүндөгү бир бүтүн образын түзгөн " Даңктуу Кызыл армия", алардын баатырдыгы,эрдиги жалпы эле даңазаланбастан, айрым каармандардын белгилүү тарыхый шарттагы конкреттүү баатырдык күрөшү жөнүндө сөз болот.

"Чолпонбай "- көлөмү жагынан өзүнүн чакандыгына карабастан эпикалык мүнөзгө ээ. Автор эң мурун каармандын эли, жери, төрөлүшү жөнүндө кабар берет да андан кийин аны Дон суусунун боюндагы "Пулемет менен ок төгүп" турган согуш майданында сүрөттөйт. Советтик жоокерлердин жеңишин камсыз кылуу максатында Чолпонбай Түлөбердиевдин "Күркүрөп аккан дайраны" кечип, дөпөсин окко тосушу:

" Пулеметтүн ок жолу
Баатырдын толду канына
Жолборстой баатыр Чолпонбай
Жол ачкан аскер баарына"[1]

---

1. А.Үсөнбаев.Тандалган ырлар, Фрунзе, 1955, 128 бет.

өңдүү ыр жолдорунда чоң патриоттук күч, " Ата Мекен жери үчүн" көрсөтүлгөн чеченсиз эрдик катары ачык элестейт. Демек мында улуу орус элинин уулу Александр Матросовдун өрнөгүн кайталаган Чолпонбай Түлөбердиевдин унутулгус баатырдыгын белгилүү шарттын фонунда алып, анын күрөшүн конкреттүү учурлары менен сүрөттөсө, ал эми "Кыргыздын уулдары", "Гвардия атандын" аттуу чыгармаларда өзүнчө өзгөчөлүккө ээ Дамир Асанов менен Ташмамат Жумабаевдин жана каарман панфиловчулардын баатырдык күрөштөрү башкы орунду ээлеген.

Конкреттүү тарыхый кырдаалда сүрөттөлгөн бул каармандардын образдары автордун совет элине мүнөздүү чыныгы баатырдыктын белгилерин конкреттештирип көрсөтүү аракети менен тыгыз байланышкан.

Элдик каармандардын баатырдык белгилерин даңазалоодогу башкы өзгөчөлүктүн бир да традициялык көркөмдөө каражаттарына жаңыча мамиле кылууда турат. Автор эпикалык көркөм сөз элестерин шартка кырдаалга жараша тандай билет. Ал эми бул болсо тартылган образдардын, айтылган ойдун дагы ачык, так болуусун камсыз кылган.

Алыкул Москванын алдындагы фашисттердин катуу сокку алуусуна байланыштуу жазган " Фашисттер качтың сокку жеп" аттуу ырында душманды төмөнкүдөй салыштыруулар менен мүнөздөйт:

Арстанга үрген түлкүдөй
Билбедиң фашист алыңды
Ким чыдады ким качты,
Бүт дүйнөгө таанылды.
Белгилүү болуп дүйнөгө
Бети кара кылдың жүзүңдү
Ташка чапкан балтадай
Талкаладың мизиңди"[1]

Кто выстоял, а кто удрал,
Теперь знает весь мир

Бир караганда мындагы көркөмдөө элестери традициялык формадан көп деле өзгөчөлүгү жоктой сезилет. Чындыгында такыр андай эмес. Эгерде биз Ата Мекендик согуштун белгилүү учурун элестетсек, анда бул эпикалык мүнөздөмө тарыхый конкреттүү формага ээ болгон болор эле. Тактап айтканда, күчүн билбеген Москваны басып алуунун оңой планын түзүп келип, өздөрүнүн көрүн табышкан фашисттин желдеттери бул кырдаалда чынында эле, арстанга үргөн арсыз түлкүдөй болушпады беле? Бул эч кимге жашыруун сыр эмес. Акындын ыктуу салыштыруусу чындыкка дал тийген. Ушул эле маанидеги ушундай эле чындыкты ырдын экинчи строфасындагы " ташка чапкан балтадай талкаладың мизиңди" деген сөз тизмектери да ачык айтып турат.

Традициялык формага карата болгон акындын ~~бул~~ чыгармачылык аракетин, ошондой эле, анын айрым эпикалык тропторго

---

1. Ошондо, 160-бет.

кылган мамилесинен да ачык көрүүгө болот. "Шумкар","Кыраан барчын", "Тоо бүркүтү", "Жолборс", "Арстан", өңдүү көркөм сөз каражаттары элдик оозеки чыгармаларда кеңири кездешүүчү туруктуу эпитеттер.

Булар аркылуу адатта эл айрым жоокерлердин,баатырдын эрдигин каармандыгын белгилеп келишкен. Аларга карата болгон сөздөрүнүн мамилесин билгизишкен. Бул тропторду элдик оозеки чыгармаларда туруктуу көрүнүш катар кабыл алынган десек эч жаңылышпайбыз. Биз оо чалкар,сөзү терең " Манас" трилогиясынан тартып, кичинекей жомокторго,поэмаларга чейин баракчып көрсөк мына ушул көрүнүштү ачык көрөбүз. Эл адабиятынын окуулдөрү ырчылары,анын ичинде Алымкул да оозеки чыгармалардын салттык туруктуу көркөмдөө каражаттары менен

бардык жактан байланыштуу болгон А. Үсөнбаев да жоокерлерди, тылдын күжүрмөн каармандарын "кыраан", "барчын", "шумкарга" теңештирип, көп сүрөттөйт. Бирок, булар белгилүү идеяны образдын белгилүү өзгөчөлүгүн ачууга багынган. Акын Советтик жоокерлерге архаикалык белгини бербөөчү эпикалык көркөм сөз элестерин тандап алууга чоң аракеттенет. Алымкул Үсөнбаевдин ырларынын бир өзгөчөлүгү да "кыраан", "шумкар" өңдүү туруктуу көркөм кулалдарынын согуштук азыркы терминдер менен терең айкалыштырылып берилгендигинде турат. Акындын шумкарлардын, барчындардын,ылаачындарын бирде самолеттон көрсөк, бирде танкадан, бирде замбиректен, [illegible] катокодон көрөбүз. Ырчынын каармандары -булар гвардеецтер, сталинградлыктар, ленинградлыктар. Демек,мындай салт-

тык көркөмдөө ыкма менен тыгыз тутумдашкан сүрөттөөлөр образдарга белгилүү тарыхий шартты, кырдаалды өз ичине алган конкреттүүлүктү берген.

Экинчиден, бул баатырдык турпатты ачык көрсөтүүчү салттык туруктуу эпикалык троптор Алымкул тарабынан адаттагыдай айрым жеке каармандарды мүнөздөө үчүн эмес, көпчүлүк массанын баатырдыгын жана туруктуулугун мүнөздөө үчүн колдонулган. Мисалы:

" Кыргын салып душманга,
Биздин, кырааңдар күчтөн талыкпа
Кырылып душман бүткөн деп,
Кылымда калсын тарыхта 1)

Мындагы экинчи сап ырдан орун алган " кырааңдар" деген метафора аркылуу ырчы өз элинин жоокерлерин чоң сыймык менен атап, аларга мекенинин наказын тапшырууда ."Кырааңдар" - бул советтик армиянын эрдик күчүн, каарман баатырдыгын ачык элестеттүүчү эпикалык символ десек да болот. Демек, автор бул баатырдык формада согуш мезгилиндеги турмуш чындыгын таамай берүүдө ийкемдүү кадам шилтей алган.

Бирок, биздин мындай чакан жыйынтыктуу ообуудан акын бардык учурда эле эпикалык тропторду бирдей деңгээлде колдоно билген экен деген түшүнүк келип чыкпас керек. Автордун өзгөчө, советтик жоокерлерди сүрөттөөдө айрым мезгилдерде анын туткунунда калган учуру да болгон. Тактык үчүн биз төмөндө кызыл армияга арналган акындын ырларына кайрылып, сүрөттөө ыктарына көз жүгүртүп көрөлүк.

1. А. Усенбаев. Тандалган ырлар, 160-бет.

Советтик Армия, анын шаңдуу элеси Алымкул Үсөнбаевдин образдык системасынан, чындыгында эле, көрүнүктүү орунду алган. "Өлдөн салам", "Сталинградды сактоочуларга", "Күжүрмөн жеңиш кубанычы" өңдүү ырларында жоокерлердин образдарына кайрылып, баатырдык күрөштөрү менен чоң сыймыктанат, алар жөнүндө башка ырларында да көп ырдайт. Бул жалаңгана Алымкулдагы чыгармачылык бөтөнчөлүк эмес. Советтик Армия, башка улуттун жазуучуларындай эле кыргыз акын, ырчыларынын да негизги темаларынан болуп келген. Өзгөчө, Ата мекендик согуш жылдарында жоокерлерге арналган чыгармалар өтө арбын. Согуш күндөрүндөгү бул тематикалык өзгөчөлүктү, менимче советтик армияга артылган ыйык милдет, чоң үмүт, элдин зор тилеги менен түшүндүрүүгө болор, анткени, эркиндик күнүнүн келишин, душмандын талкаланышын совет эли, анын ичинде акындар да биринчи иретте советтик жоокерлердин аты менен тыгыз биримдикте алып карашкан. Алардын каармандык күрөшүнөн кубанычтуу жеңишти көрүшкөн. Мына ушул кырдаалга байланыштуу кыргыз элинин акыны Алымкул да жоокерлерди эпикалык төңдөгү көтөрүңкү баскычта чоң сыймык менен ырдап келген:

Толкуңдар тоо бузуп,
Токтолбой селдей акыңар
Талкалап жоону тепсетип,
Тартынбай балта чаптыңар/1/

Өлке учун жоого өрт кошп,
Өсту эрлер бактыңар.
Панфилов баштап киргенде
Фашисти жерге кактыңар.[1]

Алымкулдун образдарындагы бул баатырдык пафос жылуу интонация менен да терең айкалышкан. Автор Ленинград, Москва, Сталинград шаарларынын коргоочуларына, Кавказ жоокерлерине кайрылганда аларды "уулдарым", "баатыр балдарым" /"кыраан учкуч балдарым"/ -деп атайт. Родинанын коргоочуларына арналган бул аталык терең сүйүү алардын образындагы назик лирикалык сезимди дагы күчөткөн. Акин Ата Мекендик согуштун жоокерлерин баатыр гана эмес аларды согуштун искусствону терең билген азыркы согуштун жеңилбес каармандары катары да сүрөттөйт.

" Катюша турат бир жерде
Салаа-салаа топ болуп.
Огу тушкөн жерлерин
Өрттөп бүтөт чок болуп/[2]

Автор советтик армияны мекендин ишенимдүү коргоочусу катары көрсөтүү менен алардын моралдык жогорку сапатын эл менен болгон сакушка борбордоштугун да өзгөчө белгилейт. Согушка аттанып жаткан эр-азаматтарга Алымкул ~~ишыгы ата катары~~ кайрылып, патриоттук сезимин билдирет.

"Ээмрап тулпар ат минип,
Эл коргой турган ушул кез.

1. А. Усенбаев. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы, 128-бет
2. Ошондо, 139-бет.

Эне-атаң эркин өстүргөн
Жер коргой турган ушул кез
Тайманбастан эл үчүн
Эл коргой турган ушул кез.
Элге кайрат, күчкө дем,
Эл тилеги ушул сөз."[1]

Автордун бул жоокер уулдарына өзү аксакал карыялардын атынан берген бүткүл элдик наказы эле. Алардын баатырдык күрөшү согуштун кыйын күндөрүндө да акынды чоң чыгармачылык жеңишке шыктандырды. Алымкул улуу күрөшкө жогорку идеялуу көркөм ырлары менен жооп берүүгө аракеттенди. Бул аракет көпчүлүк учурда жеңиш менен чулганса да, айрым убакта ойдогудай болуп, окуучуларды толук канааттандыра алган жок.

Азыркы Советтик Армия кылыч, найза, ай балта менен куралданган Сыргак, Үбөк өңдүү жомоктогудай жоокерлер эмес. Алар жаңы идея, жаңы техника менен куралданган совет элинин эр уулдары. Сүрөттөөнү да мына ушул кырдаал менен бирдей деңгээлде алып барыш керек эле. Бул талапка айрым акын, ырчыларыбыз сыяктуу эле Алымкул Үсөнбаев да ~~так жогорку көркөмдүктө~~ бардык убакта так жооп бере алган жок. Акын дайым эле жаңы адамдын, советтик каарман-дардын турпатына дал келүүчү көркөмдөө деталдарын, акыйкаттуу терең ойлорун таба билген эмес. Айрым ырларында автор жоокерлорду балта,

1.А.Үсөнбаев.Тандалган ырлар, ~~Фрунзе, 1958,~~ 131-бет.

найзаны колуна берип, "топурактай таш жарган туяктары темирдей" тулпарлардын үстүндө сүйлөттөөнү жакшы көрүп, ага көбүрөөк көңүл бөлөт. Тактык үчүн биз танкага берилген акындын бир сүрөттөөсүнө кайрылып көрөлүк:

" Табына келген кулуктай,
Танкалар даяр жүрүүгө.
Талпынган куштай күүлөнөт
Талкалап жоого кирүүгө".[2]

Мүмкүн айрым окуучулар "эмне үчүн мындай сүрөттөө болбо - сун" деген суроону да беришер. Танканын сынына биз каршы эмеспиз. Бирок, мындай көрүнүштө эмес. Автор бул жерде эпикалык мүнөздөөнү ыгы жок колдонгон. Танканын сүрөтүндө жаңы элес жок. Мындагы традициялык көркөм сөз элестери/"табына келген кулуктай", "Талпынган куштай күүлөнөт"/Танканын көрүнүшүн тактап, аны эмоционалдык жагынан да, идеялык жагынан да байыта алган эмес. Автордун мында азыркы согуш техникасын сүрөттөөнүн жаңы реалисттик деталдарын таба албагандыгы талашсыз. Ушул эле мүнөздөгү сүрөттөө Алымкулдун жоокерлерге арналган айрым ыр жолдоруна да тийиштүү.

"Колдо мылтык, болот кылыч белимде
Күндө тоодой толкун кирет көңүлгө.
Кулан куйрук тулпарымды туйлатып,
Жан аябай эмгек кылам өлкөмө.

1 А. Усенбаев. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы. 138-бет

2. Ошондо, 119-бет.

Мындагы автордун ыйык патриоттук сезимге ык толгон жакшы ниетине эч шек келтирүүгө болбойт. Бирок заманыбыздын гиганттык ордына тең келбөөчү "колдо мылтык,болот кылыч белимде", же болбосо "Талкалап жоону тепсетип, тартынбай болта чаптыңар" өңдүү ~~түрүндөгү~~ көркөм сөз элестери советтик жоокердин азыркы образын көрсөтүүгө татыктуу эмоционалдуу күч бере албай жатат. Башкача айтканда бул сүрөттөө эсеки чыгармалардагы жоокерлердин образына караганда советтик жоокерди идеялык жагынан да көркөмдүк жагынан да байыта алган ~~жок~~ эмес.

Ошондой эле акындын ырларынан эски баатырдык салтты өтө идеализациялоо учурлары, көркөмдүгү начар ыр жолдору да кезигет.

Сөзсүз көркөм элестериндеги,образдык системадагы мындай төгүлтүктүү учурлар советтик патриотизмдин пафосун ачып берүүдө, жоокерлердин конкреттүү образын түзүүдө чоң бөгөт болбой койгон жок. Бул, өзгөчө акындын согуш мезгилиндеги чыгармаларына мүнөздүү экендигин дагы бир жолу эскерте кетишибиз керек.

Ата Мекендик согуштун түрүсү, совет элинин каарман эмгектери,ыкыштуу күрөштөрү башка акындарыбыз сыяктуу эле Алыкул Үсөнбаевдин тематикасын байытат, образдарын дагы таптайт. Ал жалаң гана баатыр жоокерлер жөнүндө ырдабайт. Күкүрмөн ала, кең пейилдүү абышка, эү

эр жүрөк колхозчу өңдүү тылдын каарман баатырларынын образдары акындын чыгармаларынан көрүнүктүү орунду алган. Ырас, алыскы тылдын адамдарынын образы акын үчүн жаңылык эмес. Бул образдарга А.Үсөнбаев согуштун башталышында эле кайрылган болуучу. Акын согуштун алгачкы күндөрүндө жазылган "Ушул кез","Аксакалдарга","Эмгекти сүйгөн эрлерге" аттуу ырлары да тылдагы эмгекчилерге арналган. Бирок, буларда турмуштун белгилүү шарттагы ачык картинасы, образдын конкреттүү көрүнүшү али жокко эсе. Чыгармаларда ырдын агитациялык, үндөө мүнөзүнө жараша автордун жеке чакырык үнү басымдуу. Ал эми акындын кийинки жылдардагы ырларында тылдагы айрым каарман адамдардын күрөштөрү, патриоттук иштери турмуштун конкреттүү картиналары аркылуу тартыла баштаганын көрөбүз. Ушул мүнөздөгү чыгармалар катарында "Капчыгай","Көк арт жөнүндө ыр", "Суусамыр","Учурашуу" өңдүү ырларды атоого болот. Акындын "Көк-Арт жөнүндө ыр","Суусамыр","Капчыгай" деген чыгармаларында жергиликтүү колоритке ээ " атырдай жыты буркурап, абасы салкын жел жүргөн" Ала-Тоонун суктанарлык пейзажынын фонунда тылдагы совет адамдарынын кыжырмен эмгегин сүрөттөйт. Жөнөкөй адамдардын "адамга баш ийбеген кыйык" боом капчыгайын, "эрдей белес жолу жок" "Көк Артты, " Жалама зоолуу" Суусамырды баш ийдирип, жеңиштин дайрадай даңгыр жолун салып жатканын көрөбүз. Автор муну социализмдин күчү, биздин коомдун жеңиши катарында ырга кошот, ал аркылуу чоң сыймыктанат.

"Камбыл өскөн эрлерин,
Камылдар дайым күтүнүп.

Кайсы ишти бет алса
Кадиксиз кылып бүтүрүп.
Тал,кайыңды кармаса,
Тамыры менен үзүлүп.
Коңторулуп үйдөй таш,
Көөлүп жатат тизилип.
Тоо жаңыртып,таш учуп;
Бет-бетине урунуп.
Колу тийген бадалдар
Кошо кетти жулунуп.
Кайратына кара таш
Камыр болот жуурулуп.[1]

Бул эпикалык гиперболизация эмес. Совет адамдарынын алп эмгегин ~~демин~~ көрсөтүүчү көркөм сүрөттөө. Автор күчтүү техника менен жабдылган жөнөкөй адамдардын кадыресе эмгек күрөшүнүн бир көрүнүшүн жандуу элестеткен. Окуучу акындын ырын окуганда фронттук күрөш менен терең айкалышкан мына ушундай алп эмгекти ачык сезет. Демек автор жандуу согуштун жалынына чалдыккан алыскы тылдагы патриоттук зор жоогерлешти жөнөкөй гана атабастан, аны эмгек процесси менен тыгыз бирдикте сүрөттөөгө умтулган. Мындай умтулуш, мындай демилге ырчынын "Биздин кыз" ," Учурашуу" аттуу чыгармаларынан да ачык сезилет. Эгерде "Учурашууда" Ысык-Көл өрөөнүндөгү "Жоокерге кубат дем берген" колхозчуларга

1. А.Усенбаев, Тандалган ырлар, ~~1965~~, 104-бет.

кайрылып, алардын эмгек күрөшүн даңазалоса, ал эми " Биедин кызы" аттуу ырда "комбайнын минип жарышкан" жоокер кыргыз кызынын жылуу образын элестеткен. Фронттун тылы-эмгек адамдарынын ыйык туусу. Алыкул Үсөнбаевдин ырларынын бир баалуулугу да Ата Мекендик согуштун мүнөзүнө туура түшүнүп, аны басты, эркиндик үчүн жүргүзүлгөн бүткүл элдик күрөш катарында пропагандалашында турат.

Алыкул Үсөнбаевдин Ата Мекендик согуш жылдарындагы чыгармалары жөнүндө сөз кылганда анын Москва, Ленинград, Сталинград шаарларына арналган ырларын айтпай кетүүгө болбойт. Бул чыгармалар акындын ырчылыгында белгилүү орунду ээлейт. " Ленин шаары","Элден салам","Ленинградга барганда","Москвага салам" ,"Сталинграддын сактоочуларга" өңдүү чакан ырлары Алыкулдун согуш мезгилиндеги чыгармаларындагы образ системасынын идеялык жактан гана тереңдегенин айгитабастан, ошондой эле акындын поэтикалык жалпылоолорунда тарыхый конкреттүүлүктүн да артканын ачык көрсөттү.

1943- жылы фронтто согуштун кызуу жүрүп жаткан мезгилинде Алыкул Үсөнбаев, Кубанычбек Маликов, Молдогазы Токобаев өңдүү жазуучуларыбыз өндүрүштүн алдыңкы адамдары менен бирге кыргыз элинен белек алып, Ленинград шаарына барышат. Уруштун алдыңкы линиясында, өндүрүштүн түрдүү тармактарында болушуп, Ленинграддыктардын турмуш шарты, каармандык иштери менен таанышат. Мына ушунун баары Алыкулга чоң таасир берет, сүрөттөөнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачат.

Эгерде ырчы өзүнүн мурунку согуш темасындагы чыгармаларын да улуу күрөштүн жүрүш процессинен анын баатырдык жыйынтыктарына көбүрөөк көңүл буруп келсе, ал эми Ленинграддык ырлар циклинде фронттук турмуш, анын түрдүү түстөгү көрүнүшү белгилүү деңгээлде чагылганын көрөбүз. Согуштун бүлгүнчүлүк мүнөзү, чоң жоготууларга учураган шаардын аянычтуу көрүнүшү ырда элестүү.

Жаркыраган нечен жай
Жалынга күйгөн карарып.
Заңгыраган үйлөр жок
Үйүлгөн турпак чаң алып[1]

Мындай көркөм элес автордун Ленинграддын коргоочуларына арнаган ыр жолдоруна да мүнөздүү. Окуучу "Ленинградга барганда", "Баатыр элге", "Элден салам" өңдүү чыгармаларынан адилетсиз фашисттерге алын өчтөгү, каармандык күрөшү менен жооп берген баатыр элдин образы менен таанышат. Булар элибиздин чыныгы сыймыгы катары даңазаланган.

Ленинграддык ырлар циклинин бир өзгөчөлүгү да анын конкреттүүлүгүндө. Баатыр элдин турмушун сүрөттөөнү автор шаардын революциялык традициясы Лениндин шинелдери, Смольный, Кышкы сарай өңдүү тарыхый жерлер менен бирдикте алып көрсөтөт. Ал эми бул болсо окуя, көрүнүштүн элесин дагы конкреттештирип, тактаган. Буга акындын "Элден салам", "Ленинградга барганда", "Москвага салам" өңдүү ырлары ачык күбө боло алат.

---

1. Ошондо, 162-бет.

Москва, Ленинграддыктардын каармандыктарын сүрөттөөдө А.Үсөнбаев эпостогудай тубаса баатырдык өңдүү туруктуу белгилерден кетип, реалдуу чындыкка таянат.
Автор совет адамдарына жогорку моралдык патриоттук сапаттын мүнөздүү экендигин жөнөкөй гана атабастан ,аны терең сезип,өзү көргөндүгүн да катуу эскертет:

" Барып калдык бир күнү
Баатырларды көрүүгө.
Кубатын көрүп элдердин
Кубаныч кирди көңүлгө"[1]

Согуш мезгилиндеги акындын ырларында элдик оозеки поэзиялык чыгармачылык менен жазма адабияттын традициясы да бекем айкашканын, бир-эки сөз менен болсо да белгилей кетишибиз керек. Бул болсо негизинен конкреттүүлүк менен турмушту образ аркылуу жалпылоодон көрүнөт. Мисалга Алымкулду ошондой эле көпчүлүк акындарыбыздын сүйүктүү каарманы советтик адамдардын,элдин образына кайрылып көрөлүк.Элдик адабияттын өкүлдөрүнө элибиздин майтарылгыс кайратын, жеңилбес күчүн " аскар тоого" салыштыруу мүнөздүү. Элдик поэзиянын салтында тарбияланып, торолгон Алымкулда да бул сүрөттөө арбын. Акын "Учурашуу" деген ырында мына ушундайча мүнөздөйт:

"Фашисттер кантип жеңесиң,
Бактылуу совет аскарды?

---
1. А. Усенбаев. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы, 138-б.

Бактыңды коодон корго-деп,

Аттандырдык жаштарды"[1]

Ата Мекендик согуштун мезгилиндеги Алымкулдун чыгармаларында бул традициялык образ менен катар элибиздин күч -кубатын түрдүү түстөгү конкреттүү фактылардын негизинде көркөмдөө да көп кездешет.

" Калың эле сенин күчүңдөн
Какшыган чөлдөр кубанды.
Пайдасыз куу гак талаага
Бак-дарак гүлдөп буралды.
Сууну буруп агызды
Эрме чөлдүн жүзүнө.
Эрдиги балкып асман жер
Эмгекчи дыйкан күчүнө"[2]

Баатыр элдин образын автор мына ушундайча берет. Бул эпикалык гиперболизация эмес, реалисттик чындык. Акын салттык туруктуу эпитет, метафораны турмуш чындыгы менен тактап, көзгө көрүнүктүү, кулакка угумдуу образдын таасирдүү элесин түзгөн. ~~Бул көркөмдөө мында [illegible] [illegible] таасири күчтүү акындардын оюнун гана эмес~~. Образ тарыхый конкреттүү белгиге ээ болгон.

Образды конкреттештирүүгө акындын ~~ырларындагы элдик поэтикалык традициясынын туруктуу белгилеринин бирин түзгөн~~

1. Ошондо, 132-бет.

2. А. Үсөнбаев. Тандалган ырлар, 1955, 140 бет.

элдик афоризмдер,макал,лакаптарда белгилүү деңгээлде катышкан. Булар болсо элдин сезимин ойготуу, алардын окуяга карата болгон түшүнүгүн кеңитүү кырдалында колдонгон.

" Аккуунун күнү көл менен,
Азамат күнү эл менен.
Аргымак чуркайт күч алып,
Арпа,сулуу жем менен.
Айгышкан жоону жок кылдык
Өзүндөй,агайын берген дем менен"[1] —

дейт,акын "Аткаргын элим антыңды" деген ырында. Ушундай эле мазмундагы элдик афоризмдер,философиялык ойлор башка чыгармаларында да көп учурайт. Мындай көркөм ыктары автордун оюн тактап, чыгармаларынын мазмунун тереңдетти.

Алымкул Үсөнбаевдин Ата Мекендик согуш жылдарындагы чыгармалары элибиздин саясы- моралдык сапатын, патриоттук иштерин көркөмдөп берүүгө арналган эле. Автор бул милдети белгилүү деңгээлде аткарды. Бул мезгилдеги акындын ырлары анын ырчылыгындагы жаңы жогорулашты түзөт.

---

1. Ошондо,150 бет.

## III бөлүк

Ар бир акын, ырчы же жазуучу болсун өз чыгармачылыгынын белгилүү мезгилине чоң ыраазычылык менен карай турган элести табат. Бул ыраазычылык да анын эмгек төлүнүн сапатына, терең мазмундуу санына байланыштуу болот. Алыкул Үсөнбаевдин мына ушундай жемиштүү жылдары Ата Мекендик согуштан кийин болду. Бул жылдар жалаң эле Алыкулдун эмес, анын үзөңгүлөш курбулары, заманынын белгилүү уулдары Калык Акиев, Осмонкул Бөлөбалаевге да чоң жемиштүү убакыт болду. Кыргыз элинин ырчылары, акындары өз элинин жеңиштүү күрөшүнө, чоң ийгиликтерине татыктуу түрдүү көлөмдөгү жогорку идеялык-көркөмдүктөгү чыгармаларды беришти. Айтор, согуштан кийинки жылдарда акындардын аты катуу чыкты. Мындай даңктуулукту биздин оюбузча алардын турмуш менен терең айкалышкан, ар түрдүү алп эмгекке терең кийлигишкен ырчылыгы, жемиштүү чыгармачылыгы менен түшүндүрүүгө болот. Чындыгында эле, Ата Мекендик согуштан кийинки жылдарда Калыктын, Осмонкулдун, же Т. Шабданбаев, Борончиев өңдүү ырчылардын ырларын алып көрсөк алардын чыгармачылыгы байкалат, бир топ өскөндүгү байкалат. Башкача айтканда ырларынын тематикалары ар түрдүү турмуштук материалдар менен байып, мазмуну, көркөмдүгү дагы артканын, тереңдегенин көрөбүз. Ушул эле ойду Алыкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгы боюнча да айтууга болот.

Алыкул Үсөнбаевдин Ата Мекендик согуштан кийинки

чыгармачылыгы, чынында эле чоң ырчылык жөндөмдөр менен белгиленет. Бул биздин баарыбыз толугу менен анын чыгармачылык мүнөзүнө тийиштүү. Ушу мезгилге чейин биз, эгерде согуш жана андан мурунку жылдардагы чыгармачылыгын эске салсак, ар түрдүү мазмундагы чакан көлөмдүү саясы лирикалары жөнүндө сөз кылып келдик.

Бул чыгармалар өздөрүнүн жанрдык мүнөзү жагынан совет адабияты менен бардык жагынан байланышкан арноо, баатырдык баяндоо, лирикалык ой жүгүртүү түрүндө болгон. Бул азыркы биз сөз кылып жаткан согуштан кийинки мезгилиндеги ырларына да толугу менен мүнөздүү. Ошондой эле, бул мезгилде авторго жаңы чыгармачылык бийикке алып чыккан жазма адабияттын салты, анын таасири күчтүүрөөк сезилет. Эгерде автор кече жакынга чейин биздин турмушту, анда болуп жаткан өзгөрүш процесстерин саясы лирикалык ырларында чагылдырып келсе, ал эми автор кийинки жылдарда бүгүнкү күндүн темасындагы " Ысык -Көл ", "Биринчи бригада" өңдүү поэмаларын жаратуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Ырас, автор согушка чейин жана согуш мезгилинде да "Жолборс минген киши" "Эшектен жолборс", "Көзөлмаа" өңдүү эпикалык мүнөзгө ээ поэмаларды түзгөн болучу. Бирок, бул өздөрүнүн мазмундары боюнча кыргыз элинин жомоктору менен толук үндөш. Башкача айтканда, поэмалардын өзү эле кыргыздын жөө жомокторунан алып жазылган болучу. Ал эми жомоктордун // негизинде айрым ырчылар, алардар өздөрүнүн талантынын күчүнө жараша эпикалык поэмаларды чоң жаратканлыгы бизге белгилүү. Муну Калык Акыев

толугу менен ырастайт. Ал өзүнүн азыркы кол жазма түрүндөгү көлөмдүү поэмасы " Карач доо" атуу чыгармасынын ө[illegible] [illegible] баш сөзүндө поэма,эпостун чыгышы жөнүндө аң адилеттүү туура пикирин айтат: "Азыркы биздин эл угуп жүргөн ыр түрүндөгү жомоктор, жалпы чоң чыгармалардын көбү ао аң мурун кара сөз түрүндөгү жомок катары айтылып келген. Аны ырчылар ырга айландырышып, эл арасында эмек болушкан". Бул Калык Акиевдин чыныгы өз байкоосунун негизинде жаралган адилеттүү ой " Карач доосу" да мына ушундайча чоң поэмага айланган. Жазмасы жок элдерде, эл оозу бул айрым акындар тарабынан ырга айландырылып бир ырдалган жомок экинчи бир ырчы тарабынан өздөштүрүлүп, ал экинчи жерде ырдалган,андан үчүнчү жердегилер уккан. Ошондуктан,кайсыл бир ырчы тарабынан бир жолу ырга айландырылып ырдалган поэма оозлон оозго өтүп, улам толукталып,нечар сүрөттөөлөрү кошулуп, чоң элдик эпоско, сүйүктүү чыгармага айланган.Кыргыз элине кеңири белгилүү болгон көркөм сөздүн алпы " Манастан" тартып, " Сарыкшы-Бекей","Олжобай менен Кишимжан", "Кожожаш","Кедейкан" өңдүү эпостордун көпчүлүгү ушул жолду басып өткөндүгүнө эч шек кылууга болбойт. Алымкул Үсөнбаевдин кийинки мезгилдеги чыгармачылык чоң жеңишин белгилеген поэмалары жөнүндө сөз кылганыбызда анын бул жагынан чоң айырмалана тургандыгын ачык айта кетүүбүз керек. Бул жомоктун негизинде жаралган поэма эмес. Бул биздин адамдар жөнүндөгү азыркы

темадагы дастан. Автор импровизатордук ырчылардан болуп, мындай мүнөздүү чыгармаларды жаратуу менен өзөчкү совет адабиятына белгилүү салымын кошту. Бул поэмаларына төмөндөгү бөлүкчөдө атайы токтолмокчубуз.

Ата мекендик согуштан кийинки Алымкул Үсөнбаевдин чыгармалары тематикалык жагынан бир караганда мурунку чыгармаларынан эч айырмасы жоктой сезилет. Акындын ырларынын мазмунун өз элинин турмушу, күрөшү, алардын алп эмгеги түзгөн. Акын алар жөнүндө ырдайт. Бирок, ушул эле белгилүү жөнөкөй тематикадан ырчынын элдин турмушу жана күрөшү менен болгон байланышы дагы бир жолу ачык сезилет. Алымкулдун ырлары бул өз элинин турмуш күүсү. Партиябыз жана өкмөтүбүз элибиздин алдына дың жерлерди өздөштүрүү, мал чарбачылыгынын продуктуулугун артыруу же саясий агитациянын маанисин көтөрүү жөнүндө жаңы милдеттерди койбосун, ырчы мурункусундай эле күрөштүн алдыңкы катарында болуп, ал чечимди элге кеңири жеткизүүдө өз көркөм сөзүн эч аябады, ал элинин бактылуу турмушу жөнүндө ырдады.

Тынчтык темасы Алымкулдун чыгармаларындагы көрүнүктүү темалардан. Кандуу согуштан кийин бул тема, чындыгында эле, бүткүл дүйнө жазуучуларындай эле кыргыз ырчы, акындарынын чыгармачылыгында өзгөчө тепкичке көтөрүлдү. Тынчтык бул жеңиштүү эмгектин, бактылуу турмуштун чыныгы булагы катары ырга коюлду. Алымкул өзүнүн буга улап, ырына

" Тынчтык ырыс" деп, атайт. Ырынын мазмунунда ушуну айтат.

" Согуш такыр болбосун,
Учпасын кайдуу коргошун.
Адамзат ыйык ар качан
Атомчул кашкор ойлосун.
Бардык эл сүйөт тынчтыкты,
Балдарым шайыр ойносун
Тынчтыкта балдар тилеги,
Тынчтык деп согот жүрөгү,
Жаркырап тынчтык шооласы
Жайнасын эмгек гүлдөрү.
Ар качан тынчтык-ак эмгек
Ак ниет элдин сүйгөнү"[1]-

Демек ырчы бул ырында ал ырысынын жарчысы, анын чыныгы коргоочусу катары бийик добуш менен талбай ырдоодо. Ал өзү айткандай ар кандай атомчуларга согуштун калпоочуларына каршы. Автор тынчтыкты айрым ырында өтө жогору баалап, анын чыныгы өкүмдүү, жемиштүү эмгектин символу катары кармайт. Ошондуктан эмгек-тынчтык бир биринен ажырагыс. Ырчы тынчтыкты күндүн нуруна, күнгө теңештирет. Башкача айтканда адам баласынын жашоосундагы эң зарыл куралга, бактынын эң бир башкы шартына теңештирет. Ошондуктан акын " Тынчтык бакыт, ырыскы" деп, чоң сыймык менен атап,

1А. Үсөнбаев. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы, Фрунзе, 1960-ж., 332 -бет.

бардыгын бир катарга коюп ырдайт. Бирдиктүү күрөш, бир тилектештик тынчтыктын башкы өзөгү катары сүрөттөлүп, бүткүл дүйнөдөгү эмгекчилердин ортосундагы боордоштук кеңири пропагандаланган." Баарыбыз бир тилектеш" деген акындын ыры ушул идея, ушул ыйык тилек менен жазылган. Автор ырдын башында согуштун кандуу көрүнүшүнүн коркунучтуу сүрөтүн тартат да, мына ушунун фонунда, тынчтыктын элестүү полотносун түзөт. Мындай параллелизм автордун ойду дагы тактаган, ачыктаган.

"Согуш -кайгы,тынчтык эли жок кылат,
Согуш-шайтан,соо адамдан кан төгөт.
Күлгүн болгон көрктүү шаар, заводду
Күлгө айлантат,кастык менен бүлдүрөт.
Кыйры чексиз асман,жердин арасы,
Тарыгандай бир ууч болуп көрүнөт.

Согуш -ажал, өлүм оту жалындайт,
Адам эмес, айбандар да каалабайт.
Эмгек менен бүткөн кооз жайларды,
Бомба таштап,бордой кылып талкалайт.
Түтүн каптап,түш тараптан ок учуп,
Көлөкөдөй ай, жылдызды далдалайт"

Менимче,мындагы элес толук жана жеткилең.Автор согуштун түрдүү түстөгү көрүнүшүн турмуштун ар кыл кыйшында сүрөттөгөн. Согуштун жалындаган өлүм оту,чоң кайгы,ый,төгүлгөн

1.А.Үсөнбаев.Тоо булбулу,ФрунзеКыргызмамбас,1956,5-бет.

кан менен бирдикте көрүнгөн элес окуучунун сезимине катуу таасир өтүүдө. Андан чыңдыгында эле ый,кайгы,муң угулуп турат.Акын жогорку ыр жолдоруна эликбиадин согушка карата болгон жек көрүү сезимин байтыра алган. Автор мына ушул коркунучтуу согуш отуна,ачуу ыйга бүткүл элдердин достук, тынчтык ураанын карш коет,анын жеңилбес туусун өз ыр саптарында окуучуларга элестетет:

"Жол беришпейт атом деген шумдукка
Эл достугу күндөн бийик көрүндү.
Тынчтык ураан,жер жүзүнө тараган,
Тынчтык эмгек,жашай бермек ар качан.
Өсүп жайнайт өмүр жашын жаратып,
Достук эли,достук туусун кармаган.
Алкын буулган арыв душман келе албайт,
Адам үчүн кас куралын камдаган"[1].

Алымкул Үсөнбаев тынчтык туусу деген образ аркылуу жеңилбес элдин жеңиштүү күрөшүн элестеткен. Ал эми "Эл достугу күндөн бийик көрүндү" дегенде советик адабиятка ал мүнөздүү болбогон жаңы образды киргизген. " Күн", ошондой эле "таң","нур" деген түшүнүк менен эмгекчилер эзелтен бери эле эркиндик,теңдик, сокаттуу турмушту байланыш

---

1.А.Үсөнбаев,Тоо булбулу, 5 -бет.

тырып келишкен. Ал образдар аркылуу жакшы тилектерин, алдыңкы умтулуштарын билгизишкен. Октябрь революциясынын жеңиши, Совет өкмөтүнүн орношу бекеринен " Күн", "Өчпөс нурга" теңештирилген эмес. Акындарыбыздын 20–30-жылдардагы ырларын авыр кайрадан барактасак жогорку образдардын эркиндиктин символу катары ырга кошулуп, чыгарманын башкы мазмунуна айланганын көрүү кыйын эмес. Ал эми Алымкул Үсөнбаев болсо бул салттык туруктуу көркөм сөз каражаттарына жаңыча мамиле кылып, эл достугун, алардын бирдиктүү күрөшүнүн күчүн күндөн да бийик коет. Демек, автор тынчтык күрөшүндөгү бирдиктүүлүккө жаңыча баа бере алган.

Акын Алымкул Үсөнбаевдин ырлары түрдүү окуяларды, ар кыл сүрөттөөнү ичине алган тематикага өтө бай. Ата Мекендик Согуштан кийинки акындын чыгармачылыгынын бир өзгөчөлүгү анын өлкөбүздө болуп жаткан ар бир окуяга өзүнүн көркөм сөздүү ырынан орун берүүгө кылган аракетинде турат. Акын биздин турмуштагы өзгөрүш, өсүштүн жарчысы, талыкпас пропагандисти. Акын ырларынын тематикасын да өлкөбүздөгү социалисттик курулуштун жеңиштери менен белгилөөгө болот. Автор коммунисттик курулуштун чоң ийгиликтеринен тартып /"Волго-Дон"/, кыргыз айылындагы кичинекей жаңылыктарга чейин ырдайт/ " Тоо арасында", " Гүлдөгөн колхоз бакчасы", "Жалал- Абад көрүнүшү"/.

Акындын сүйүктүү каарманы карапайым эмгекчилер Автор мына ушулардын ою, санаасы, иши жөнүндө көбүрөөк ырдайт, аларды көбүрөөк күткө коёт. Бирок, булар жалпы эле алдын

образы эмес. Автордун согуштан кийинки чыгармачылыгында конкреттештирилген каармандардын образы басымдуу орунду алат. Ал жалпы эле социалисттик эмгектин каармандары жөнүндө ырдабайт. Акындын кийинки жылдардагы ырчылыгынын бир өзгөчөлүгү катарында андан ар түрдүү кесиптеги, ар түрдүү мүнөздөгү адамдардын конкреттүү образдарынын орун алышын өзгөчө көрсөтүүгө болот. Алыкул ырларынын көпчүлүгүн белгилүү кесиптеги белгилүү мүнөздөгү адамдарга арнаган. Мисалы, акындын Таластын даңктуу тамекичиси Зууреканга/"Тамекичи Зууракан"/ саанчы Бүбүканга /"Бүбүкан"/, койчу Алматайга /"Алматай"/, тракторчу Осмонго /"Тракторчу Осмон"/, же болбосо сугатчы, жылкычы, студенткага арнаган ырлары көп. Булар социалисттик коомдун тайманбас эмгек баатырлары катарында даңазаланган. Автор мына ушулардын каармандык иштери,кубанычы, сүйүнүчү,турмушу аркылуу бүткүл элибиздин баатырдык эмгегин, чоң революциялык өсүштөрдүн катар картинасын берет. Так ушул конкреттүү образдар аркылуу биздин турмушубузга мүнөздүү өзгөчөлүктү жалпылоого аракеттенген.

Алыкулдун ырчылыгына элдик оозеки адабияттын салты, түрлөрү да жат эмес. Акындын ырларынан насыят, арноо, санат мүнөзүндөгү чакан чыгармалар белгилүү орун алган.Мисалы,"Шахтерлерге", "Устага","Энеге","Жаш жерит","Үшүктүн тууган дарга" ,"Пионерлерге" өңдүү ырлары арноо, насыят,насаат түрүндө жазылган. Бирок, буларда автор жалпы эле жүрүм- турум, элдик моралды даңазалабастан адамгерчилик, адилеттүүлүк, ар

жүрөктүүлүк, каармандык, ишмердик өңдүү сапаттарды элибиздин азыркы турмушу, конкреттүү тарыхый кырдаалдар менен терең айкалыштырып, акыл- насаатын айтат. Акындын ырчылык чеберчилиги да элдик оозеки адабияттын традициясын, анын түрлөрүн мезгилдин, учурдун суроосуна ылайыктап, чыгармачылык менен пайдалана алышында турат.

" Билим менен жетилип,
Сырын билип жылдырадып.
Түйүнүн чечип турмуштун
Пайдаңды тийгиз калкыңа"[1] – дейт

Алымкул " Бактылуу балдарга" деген ырында. Бул ырында акыл-насаат да, арноо – кеңеш да бар. Ушундай эле акыл-насаатын, өсенге да айтат:

"Карасаң балам, карасаң
Кандайча күлгүн заманың.
Мекемесинин жетилип
Мейкиниң гүлдөп жайнаган.
Келечегиң өтө кең,
Максатыңды кемдагын
Кыйбаган эч качан
Кайратыңдан талбагын.
Жигит болсоң бекем бол,
Жалык талдай морт болбо!
Мээримдүү бол, сылык бол,
Мүнөзү начар чорт болбо!"[2]

---

1. А.Үсөнбаев. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы, 194-бет.
2. Ошондо 24[illegible]-бет.

Бул акын -насаат, башка ырлары өңдүү, социалисттик курулуштун процесси, турмушубуздун учурдагы талабы менен байланышка . Кыскасы акын элдик совети адабияттагы насыят,терменин мына ушул жаңы кырдаалда, ушул принципте колдонгон.

Алымкул Үсөнбаевдин ырчылыгындагы согуш жылдарынан кийинки жогорку бийиктикке көтөрүлгөн, Теманын бири - достук, боордоштук темасы. Бул мезгилдеги акындын ырлары бир топ арбын. Мында айрым гана элдердин эмес, бүт дүйнө эмгекчилеринин ортосундагы ынтымактык, бирдиктүүлүк жөнүндө ырдалат. Акын "Украина жөнүндө ыр","Киев шаары", "Учурашуу","Минск", "Эл достугу" өңдүү ырларында:

"Эски казак,кыргыз эл,
Эрегишип чырдашып,
Ээн жаткан малдарын,
Бир-биринен уурдашып,
Эрегиштен эр өлүп,
Эби жок жерден кан төгүп,
Бир-биринин үйүнөн
Дан таттырбай бир канык"[1]

деп, бирде кичинекей эки улуттун ортосундагы катнаш, мамиле аркылуу алыскы күндөрдүн аянычтуу картинасын элестетсе,
бирде: "Урматтап бардык улутту,
Шумкардай топтоп түлөгөн,
Жапан чөл бетин жашартып,
Кайнатып түркүн гүл эккен,
Элдердин таттуу достугун

1. А.Үсөнбаев.Тандалган ыр чыгармаларынын жыйнагы,377-бет.

Жетекчибиз партия,

Болоттон бекем ширеткен"[1] - деп, Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында жеңилбес күчкө ээ болгон Совет элинин " Болоттон чың" достугун даңазалайт, аны менен автор чоң сыймыктанат. Алымкул Үсөнбаев, ошондой эле, "Эл достугу", "Достук катнашуу", "Вьетнамга кыргыз элинен салам" ондуу ырларында:

" Түбөлүк достук бек болсун,
Бөлүнбөй элдин арасы.
Дүйнөдө баардык эмгекчи
Түбөлүк бирдик, санаасы.
Жандай ишке бет алса,
Калкымдын жетет чамасы"[2].

деп, бүткүл дүйнө эмгекчилерин жалаң гана биримдиктүүлүккө, ынтымакка чакырбастан, эл достугунун күчүн бийик ырдайт. Автордун ырларынын мазмундуулугу да анын жеке адамдардын ой-санасын билгизбестен, бүткүл дүйнө эмгекчилеринин бүгүнкү күндөгү тилегин, күрөшүн таамай чагылдырганында турат. Демек, бул ырлар да акындын чыгармачылыгына жегиминен чоң салым. Коомдук мазмундагы темелер мүнөздүү экенин дагы бир жолу ачык көрсөтөт. Алымкул Үсөнбаев ошондой эле, мекенибиздин көркүн, жерибиздин сулуулугун сүрөттөгөн, адамдын көңүлүн көтөрүп, жүрөгүн элжиреткен жумшак, назик сүйүү ырлары, пейзаждык лирикада жат эмес. Автор " Керкыранын көрүнүшү", "Күз", "Жазга маал", "Түндүн таңы", "Жайдын көркү" сыяктуу

1. Ошондо, 118-бет.

2. Ошондо, 378 -бет.

пейзаждык лирикаларында:

"Сүттү уйкудан ойгонгондой түрткүлөп,
Сансыз көлдөр кабыргасын сүргүлөп.
Күн чыгыштын көшөгөсүн жаңы ачып,
Тоо артынан күмүш шоола чачырап,
Таңкы жылдыз тараганда бириндеп,
Көркө келип, көйрөңдүгүн белгилеп,
Каалгып гана калың дарак дирилдеп,
Шыбыр-шыбыр түш көргөндөй магдырап.
Электрди көркөмдүккө тагынып,
Кыштак жатат жаңы көшүп мемиреп"[1]

деген өңдүү жаратылыштын [illegible] элесин түзгөн картиналар менен өзгөргөн жердин, өнгөн колхоз, совхоз элинин байлыгын сүрөттөйт. Акындын сүйүү лирикаларында да ушундай эле элпек ыр саптары, назик сүйүү сезимдери мүнөздүү. Акын эки жаштын ортосундагы Назик сүйүү сезимди бирде жазма адабиятыбызга мүнөздүү ыр жолдоруна батырса/"Гүл менен"/, бирде элдик оозеки адабияттагы секетбай, күйгөн формасында берет:

"Жалгыз арча, үч күңгөй,
Жамалың тунук күзгүдөй .
Пейлиңди карасам,
Пенденин көөнү түшкөндөй .
Жалжалым эске түшкөндө,
Жаталбаймын ушкүрбөй"[2]

1. А.Усенбаев. Тоо булбулу, Фрунзе, 1956, 41 -бет.
2. А.Усенбаев. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы, 263-бет.

Мындагы көркөм сөз элестери,сүрөттөө ыктары,парллелизм олдик күйгөн,сокотбайга мүнөздүү. Автор мына ушул көркөм сүрөттөөнү пайдалануу менен оки жоатын сезимин берет. Алымкул өзүнүн улуу окутуучусу Токтогулдун сүйүү темасындагы ырларынын сонун салтын улантуучу акын. Токтогулдун таасири жалаң гана чоң сүйүү сезимине болгон чыгармаларынын олдик мотивинен гана эмес, ошондой эле Алымкулдун сүрөттөө ыкмаларынан,көркөм элестеринен да ачык көрүнөт. Мисалы үчүн биз акындын " Селкинчек" аттуу ырын окуп көрсөк, Токтогулдун ырларына окшош мындагы образдуу параллелизмди, көркөм элестерди көрүү кыйын эмес.

"Жашыл жоолук түргө жан,
Жаш өмүрүң гүлдө жан.
Жаш кезиңде ойноп, күл
Жаным сага бирге жан.
Жаш өмүрүң өткөн соң
Жаным келбейт гүлдө жан"[1]

Бул келтирилген үзүндү Токтогул Сатылгановдун " Гүлдөп ал" деген ырын толук элестетип турат. Бул созмо сөз көчүрмө эмес, бул селкинчектин ритмине, акын мүнөзүнө карата чыгармачылык менен пайдаланылган көркөм сүрөттөө.Акындын ырларында / поэзия лириканын ыргагынча бөлөнгөн мындай учурлар аз эмес.

Кыскасы, Алымкул Үсөнбаевдин Ата Мекендик Согуштан кийинки ар түрдүү мазмундагы, ар кыл тематикадагы лирикадагы акындын ырчылык жөндөмдүүлүгүнө ачык күбө боло алат.

1.А.Үсөнбаев. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы,317-бет.

Ал эми акындын поэзиясынын тематикалык жактан кеңип, мазмун жагынан дагы тереңдеши, конкреттүү реалисттик элестер менен толукталышы анын азыркы темадагы эпикалык чыгармаларды түзүүгө чоң мүмкүнчүлүк ачты.

Октябрь революциясына чейинки акындардын чыгармачылыгында ооздон-оозго көчүп, белгилүү тарыхый доордун картинасын,элдин турмушун, ойлоосун, тилегин көрсөткөн көп эпикалык чыгармалар белгилүү.Булар айрым акындар тарабынан чыгарылып, экинчи биреөлөр тарабынан кошумчалангандыгы,толукталгандыгы эч талашсыз.

Совет мамлекетинин орношу,Октябрь революциясынын жеңиши акын-ырчылардын алдында жаңы перспективаларды ачты. Алардын чыгармачылыгы дагы канат жайып өстү, өнүктү. Демек, айрым таланттуу ырчыларыбыздын өз доорунун суроосуна татыктуу эпикалык полотнолорду түзүүгө жөндөмдүүлүгү артты.

Азыркы турмуштун талабына татырлык көлөмдүү чыгармаларды түзүүдөгү акындардын ырчылык жолу бир топ татаал. Акындар элдик бай казынаны сактоочу гана эмес, ошондой эле аларды жаратуучу экенин эске алсак, ырчылардын биздин адабияттагы ордун тек түшүнгөн жана баалай билген болор элек. Азыркы биздин көпчүлүк акындарыбыз советтик адамдардын турмушун жана күрөшүн,ой жана тилегин көрсөткөн" Алымкан", "Шамбет"," Күлсүн"," Биринчи бригада" өңдүү поэмаларды өз элине тартуу кылгандыгы коомчулугубузга кеңен белгилүү.Бул поэмалар жазма адабиятыбыздын алдыңкы чыгармалары менен тең өмүр сүрүүдө. Бирок, мындай чыгармаларды акын, ырчыларыбыз кечээ жакында гана,негизинен 50-жылдарда гана түзө алды. Бул мезгилге

чейинки ырчыларыбыздын эпикалык чыгармалары, баарыдан мурда, социалисттик турмуштун идеяларын жактаган, ар кандай эзүүнү жаман жүрүм-турумду ашкерелеп, адилеттүүлүктү, акыйкаттыкты даңазалаган элдик жомок, легендалардын негизинде туулду, алар аркылуу жаңы турмушту пропагандалап, эскини жектешти. Мындай чыгармалар катарында түрдүү мазмундагы ар кыл тематикадагы К. Акыевдин "Өлбөс баатыр", "Карач дөө", "Ач карышкыр" өңдүү жомокторун, Тоголок Молдонун ушул мазмундагы айрым чыгармаларын эскертүүгө болот. Демек, профессионалдуу жазуучуларыбыз сыяктуу эле, биздин ырчыларыбыз жаңы турмушту, анын баатыр каармандарын сүрөттөгөн эпикалык чыгармаларды түзүү жолуна жомоктор, легендалар аркылуу келгендиги эч талашсыз. Бул чыгармачылык жол Алымкул Үсөнбаевге да мүнөздүү. Акын 30 - жылдарда кыргыз элинин жомокторунун негизинде жазылган "Жолборс минген киши", "Эшектен жолборс", "Көзөл шаа" өңдүү поэмаларды басмадан чыгарат. Автор бул чыгармалардын элдик мазмуну аркылуу ууручулукту, зулумдукту, ачкөздүктү ашкерелеп, адилеттүүлүк, акыйкаттык идеяларын пропагандалайт. Тактап айтканда, "Жолборс минген киши" дегенде окуучу элдин мал-мүлкүн уурдап, жеңил оокат менен жашаган ууруунун жолборско кабылып, өлүмдөн чоң кыйынчылыктар менен араң кутулганын баяндоо менен "Ууруну караачы урсун" деген элдик макалды берсе, ал эми экинчи поэмасында автор элдин ушул кыялынан жаралган кыска аңгеменин негизинде социалдык мааниге ээ окуяларды сүрөттөөгө, эки таптын ортосундагы карама—

карамалыктын себептерин ачууга аракеттенет. Акындын бул поэмасына токтолуудан мурда биз анын "Жолборс минген киши" аттуу поэмасынын айрым өзгөчөлүктөрүн мүнөздөй кетелик.

"Жолборс минген киши" поэмасынын сюжети, жогорда биз эскерткендей, эл арасында "ууруну каракчы урсун" деген моралдын негизинде белгилүү болгон чакан аңгеме, жомоктон алынган. Эл арасында бул чыгарманын бир нече варианты бар. Негизинен баарлыгы тең элдик моралды тереңирээк ачууга негизделген окуялардан турат. Айрым гана окуялардын башталышы же аякталышындагы учурлар башкача болбосо, негизинен бирдей сюжеттик сызыкта, бирдей окуялардын түйүнүндө өнүгөт. Башкача айтканда ууруунун чаар ат деп, жаңылыштык менен жолборско минип, ушуу уурунун талга чыга качып, жолборстон кутулуусу, аягында адамды жешке аракеттенген аюунун жолборско жем болушу баяндалат. Алыкул Үсөнбаев уурулукту, адилетсиздикти жектеген элдик жомоктун кара сөз түрүндөгү сюжетин ырга айландырып, окуучуларга жеткизүүгө аракеттенген. Ал эми акындар элдик бай казнаны сактап, таратуучу гана эмес, аны дагы көркөмдөп, жаңы ойлор, сүрөттөлөр менен толуктаган көркөм сөз чеберлери болгон. "Жолборс минген киши" аттуу элдик жомокко Алыкул Үсөнбаев ушундайча мамиле кылган. Ал жомокту биринчиден ыр формасына келтирсе, экинчиден, элдик моралдын ачык, айрым элесин берүүчү сүрөттөөлөрдү, мүнөздөмөлөрдү күчөткөн.

Акындын чыгармачылык эмгегинин баалуу жагы да мына ушунда турат. Алымкул Үсөнбаев жолоочулардын малын жеп-семирген жолборс менен жецил ооқат уурулук менен жанын баккан уурунун кокусунан бир-бирине жолугушун, аягында алардын биринен бири чочуп, кутулуунун айласын издеши "ууруну карышкыр урсун" деген элдик моралдын мазмунун айкындоочу окуялардын тизмегинде конкреттүү мүнөздөлгөн. Окуучу үстүндөгү " жабышкан" дарттан кутулуу үчүн жолборстун чыгырман токтойду, аскалуу тоону аралап, кыйналышын же болбосо, уурунун астындагы тулпары жолборс экенин көрүп, жүрөгү түшүп, айла издешин сүрөттөгөн ыр саптарын окуганда эленин уурунун мектепке берүүгө карата чыгарган катуу өкүмүн дагы терең түшүнөт. Автор, өзгөчө уурунун өлүмүн тилеп, өздөрү жолборско жем болгон майыл менен түлкүнүн ачкөздүгүн эң жакшы мүнөздөгөн. Бул жерде акын окуянын элестүүлүгүн, моралдын мазмунун дагы терең ачуу максатында элдик варианттарда негизинен учурабаган үчүнчү бир персонажды -түлкүнү киргизген. Ал эми түлкү элдик жомок, тамсилдерде дайыма куулук-шумдуктун ичинде жүрөрдүгү маалым. Анын акындын поэмасындагы орду да мына ошол учурда жагдайда берилген. Ал эми бул болсо элдик ашкерелөөчү идеяны, акыйкаттуу моралды дагы оңуно чыгара сүрөттөөгө көмөктөш болгон.

Кыскасы автор элдин учкул кыялынан жаралган кичинекей жомоктун бүт мазмунун окуучуларга жеткизе алган.

— 101 —



Алыкул Үсөнбаевдин эпикалык чыгармаларды түзүүдөгү ырчылыгында анын „Чекенден жолборс" деген поэмасы да белгилүү орунду алат. Бир карагында поэманын мазмуну өң эле жөнөкөй көрүнөт. Бир сараң бай болот. Анын сор турмушта жашаган малайы бар. Бир күнү анын капканына жолборс түшүп калат, Малай чоң кубаныч менен жолборстун терисин эгегине жаап алып, үйүнө келе жатса аны бай көрүп, жолборс экен деп, коркуп өз короо жайын таштап көчө качат. Ал жерге малай туруп калат. Акын мына ушул элдик жомоктун негизинде поэма түзүүгө умтулган. Бул поэмасында автор биринчи катарга мурункудагы жогорку чыгармасындай морал-ды койбойт. Элдик жомоктун жөнөкөй окуяларынын негизинде социалдык маселелерди- эки топтун ортосундагы карама-каршылыкты сүрөттөөгө умтулган. Жомоктун ушул жагына көп көңүл бурулган. Автор окуяны жөнөкөй баяндоодон байдын эзүүчүлүк жүзүн ашкерелөөчү, зулумдугун, ачкөздүгүн ай-кындоочу кырдаалдарга поэмада басымдуу орун берет.

" Бак дөөлөттүү Карынбай,
Бай болгон экен илгери.
Пайдаланып кобейтүп,
Жыйнаган экен дүйнөнү.
Башынан карып сараң бай
Колунан бербей ийнени,
Бай дегени болбосо,
Байлыктын доорун сүрбөдү.
Соода кылып, мал сатып,
Башкача жыйган дилдени.

Ат семиртип жабдыктап,
Асемдеп атка минбеди"

Акындын поэмасында сарандыктын, ачкөздүктүн эзүүчүлүктүн адамкерчиликсиз көрүнүшүнө күбө болгон бута окшогон сүреттөөлөр аз эмес. Эгерде Карынбай элдик мүдөөнүн, ойдун ачык душманы катары мүнөздөлсө, ал эми анын карама-каршысындагы малай оор эзүүгө дуушар болуп, түйшүктүү турмуш менен алп урушкан эмгекчинин өкүлү катары көрсөтүлөт. Анда ичи толгон кайгы да, көзүн көлдөткөн жаш да, оор ушкурүктүү муң да бар:

" Кургар бекер көздөн жаш,
Кайрылып жүрүп кызматта,
Каларсың өлүп кайран баш.
Эл катары бий болуш,
Эл дебейт кедей бакырды.
Кызматын кылсам, Карынбай
Менин, бербеди мээнет акымды.
Кедейдин күнү ушубу,
Менин, башым малдай сатылды".[2]

Акын малайдын ушул өңдүү арманы, ачуу ыйы менен эки таптын ортосундагы кемчиликтүн, карама-каршылыктын себептерин тактоого умтулган. Бул мүнөздөөлөр, биздин оюбузча, автордун ырчылык талантынан жаралган жеке кошумча болуу

---

1. А. Үсөнбаев. Тандалган ыргермаларынын жыйнагы, 74 -бет.
2. Ошондо, 75-бет.

керек. Жылуу сөзгө, бир ууч талканга зар болгон малайдын, же болбосо дүйнөгө тойбогон ачкөз, сараң, каардуу байдын поэмадагы көркөм элеси чыгарманын социалдык мазмунун айкындоого чоң көмөкчү болгон. Поэмадагы малай менен байдын ортосундагы ички карама-каршылык электин жолборстун терисин жамынып, байдын чарбагына келүүсү менен чечилет. Бай короо-жайын таштап, коркуп качып кетет. Автор ушундай окуянын бүтүшүнөн малайга окшогон көпчүлүк массанын жеңиштүү каршы күрөшүн айгинелөөгө умтулган. Ал эми поэманын жазылган мезгилин эске алсак учурунда мындай чыгарма абдан керек эле. Таптык күрөштүн жылдарында акын мезгилге ушундайча жөнөкөй, бирок көркөм жообун камдады. Акын Алымкул Үсөнбаев элдик эзелки чыгарманы ырга айландырууда анын идеялык көркөмдүк багытын сактоо гана эмес, андагы образдарды дагы так, дагы көркөм кылып сүрөттөөгө жетише алган. Натыйжада эки таптын ортосундагы социалдык карама каршылыктар, алардын себептери окуучуларга ачык жеткен. Кыскасы, акын эгерде жомоктун негизинде жазылган биринчи поэмасында турмуштагы адамдардын жүрүш-турушундагы жалпы эле терс көрүнүштү жектеп, элдик моралды айкындаса, ал эми экинчи поэмасында /"Электен жолборс"/ социалдык проблемаларды көп, жаңы турмуштук көз караштын негизинде чечүүгө кылган жакшы аракетин көрөбүз.

Демек, акын "Эшектен жолборс" аттуу элдик оозеки жомоктун негизинде жазылган поэмасында биздин турмушка, доордун багытына жооп берерлик теманы көтөрүүгө умтулганы ачык. Бул эки поэма тең ошол мезгилдин суроосу, адабиятыбыздын деңгээли менен чамалаш эле, анткени профессионалдуу акын жазуучуларыбыз 20 жылдардын аягында, 30 - жылдардын башында жаңы социалисттик курулуштун процессин, анын баатырларын көрсөткөн учур темасындагы көлөмдүү поэма беришe элек болучу. Алар жомоктун сюжетинен /"Алп кара куш", Акай мерген"/ "Жетим" темасынан /"Жетилген жетим", "Эшим жетим",/ али чыга алышпады. Мына ушунун өзү эле акындарга жаңы турмуш сүрөттөрүн толук көрсөтүүгө ийкемдүү жардамды тийгизе албады. Бирок, мындай деш менен айрым акындардын чыгармачылыгындагы учурдагы турмуш күүсүн черткен эпикалык поэмаларга жасаган ийгиликтүү кадамын эч танууга болбойт. Мисалы, 30-жылдардын башындагы эл ырчыларынын эң биринчи болуп жаңы турмушуна арнап оригиналдуу поэма түзгөн К.Акыевдин жеңишин белгилей кетишибиз керек. Ал өзүнүн " Күлсүн" аттуу поэмасында элдик оозеки адабияттын салтында жаңы турмуштун артыкчылыгын эскинин фонунда алып, ~~көрсөтүүгө~~ сүрөттөөгө умтулду. Ырас, мында али сюжеттик жагынан болсун, композициялык курулуш боюнча да көп токтолбогон чийкилик бар эле. Ошого карабастан, Акыев оозеки чыгармачылыктын жанрдык, түрдүк, көркөмдүк өзгөчөлүгүн пайдалануу менен өткөн доордогу аялдардын турмушунун

бардык түйшүгүн ачып көрсөтүү менен жанынын артыкчылыгын ачууга дилгирленди. Мына ушул алдыңкы умтулушту, традицияны ал ырчылары бардык жагынан колдошту. Эгерде 40 -жылдагы элибиздин патриоттук демилгесин ачык тарткан чыгармалар ырчыларыбыздын ырчылыгын мүнөздөсө, ал эми 50 - жылдар чоң эпикалык чыгармалардын жылдары болду. Совет элинин тоодой күчтүү патриоттук иштери, эмек майданындагы теңгелар[illegible] жеңиштери " Ажыжан", "Жамбет", "Биринчи бригада" өңдүү поэмалардан орун алды. Бул болсо, сөзсүз акындардын чыгармачылыгындагы чоң жеңиш катары белгилениши керек. Бул эпикалык чыгармалардын түгөндүктөрүндө гана эмес, айткени, мындай чыгармаларды акындар мурун да жаратышып келишкен. Тактык үчүн биз "Манас" эпосунан тартып "Кедейкан","Курманбек","Олжобай менен Кишимжан" өңдүү эпикалык поэмаларга чейин атасак жетиштүү болор. Бул эпосторду азыр айрым ырчылардын акинчисине басып бере белбие. Бирок, бул монументалдуу эпостор башкы жаралышында айрым акындар тарабынан чыккандыгы талашсыз. Кийинчирээк булар оозудан оозго, кошкон кошуп өтүп, ал тарабынан жаңы кошумчага учурагандыгы, коллективдик чыгармага айлангандыгы ачык. Ал эми өз жазмасы, басмасы бар советтик акындардын азыркы мезгилдеги чыгармалары жаңы тагдырга, белгилүү автордукка ээ болууда. Бул болсо оозеки акындык чыгармачылыктын өчүшү же болбосо чектели-

ши эмес. Бул чыныгы элдик ырчыларга көрсөтүлгөн камкордуктун ачык айрым көрүнүшү. Алардын толкун сууда тон-кыйдаган талантынын ээрчип, дагы өсүшүнө ачык шарт түздү. Алыкулдун таланты да мына ушул шартта кайрадан жаралды, дагы күч алды. Эгерде ал 30 - жылдарда элибиздин жылуу сезимин, ачык мүнөзүн көргөзгөн саясы- агитациялык, курч лирикалык ырлардан башка жомоктун сюжетинде өткөн доордун бардык чиркиндерин элкерелеген чакан поэмаларды түсө, ал эми 40 - жылдарда, Ата Мекен үчүн ээсүз күрөшкөн кандуу жылдарда элибиздин турмушун, эмгек жеңишин көрсөткөн " Ысык- Көл " аттуу поэманы жаратты. Бул болсо Алыкул Үсөнбаевдин азыркы турмуш картинасын берүүдөгү чоң далалатынын ачык көрүнүшү болду.

" Ысык - Көл" поэмасында ыраатуу өнүккөн, белгилүү каармандын тегерегине топтолгон окуялар жок. Автор көлдүн айланасындагы өсүш, өзгөрүш жөнүндө, эмгекчилердин турмушуна кирип жаткан чоң жаңылыктар жөнүндө баяндоону кездеген. Бул баяндоо бирде автордун жеке кийлигишүүсү аркылуу өнүксө, бирде экинчи бир адамдын башынан өткөн же көргөн окуялары катары өтөт. Чыгарма да көп жашаган, көптү көргөн карыянын баяндоосу менен башталат. Мына ушул адамдын турмушу менен автор эки доордун сүрөтүн тартууга аракеттенет. Алыкул Үсөнбаев Орунбай карыяга сөз берип, өткөн күндүн элестерин эске түшүргөндө айрым гана фактыларды тизмектештирип санабастан, аны бүгүнкү

күндүн суроосуна, талабына багындырат, ушул күндүн кез карашында керкем сүреттейт.

"Кой багып жүрүп ескемүн,
Корумдуу аска таштарды.
Кор кылып жүрүп еткердүк
Коеңдой ылдам жаш жанды.
Жыл маалы коюн бакчу элек,
Жылкы деп, бир жаш кулунга
Ал жылкыбыз жетчү эмес
Бай -болуш алган чыгымга.
Байлардын малы жатчу эле
Маңдай -тескей чабырда.
Таалайы жоктор туулдук
Тарчылык заман кылымда"[1].

Бул оор түйүнүктү турмуш поэмада көпчүлүк массанын түйшүгү, турмушу катарында чоң жалпылоого ээ болгон. Поэмада буга бир топ көңүл бурулган. Чыгармага жаңы турмуш элеси да жат эмес. Ушул эле көптү көргөн карыянын езүне жаңы заман жөнүндө сөз берет. Ал азыркы күндөгү "бак тигип, ашпак үй салып, маданият түр салган" чоң езгерүштер жөнүндө баяндайт. Автор бул карыянын баяндоосуна чоң революциялык есүштүн картинасын сыйыштыра алган.

"Өрүшүнө мал толду,
Кампага түрдүү дан толду.

---

1. А.Усенбаев.Тандалган чыгармаларынын жыйнагы,151 -бет.

Тар конушуң кең болду,
Таалай,бактың кең болду.
Таш короолор жок болуп,
Тартип менен үй салып,
Таалайлуу колхоз эл конду"[1].

Эскинин аянычтуу көрүнүшүнө каршы турууга татыктуу мына ушундай өсүш, өзгөрүштүн көрүнүшүн автор ыктуу тапкан. Ал эми эскинин карама -каршысындагы бул көрүнүштөр жаңынын бүт артыкчылыгын тактаган, аныктаган.

Орунбай карыянын мына ушул баяндоосунан кийин Алымкул Үсөнбаев поэманын композициялык ыргагына жаңы ~~[illegible]~~ лирикалык каарманды киргизет.Ысык-Көлдүн айланасындагы социалисттик курулуштун картиналары андан ары автордун тике аралашуусу менен сүреттөлөт. Окуучу Балыкчыдан тартып,Чырпыкты,Чоктал,Чолпон-Ата менен Аксуу,Жети-Өгүз өрөөнүнө чейин саякат жасайт. Ал жерлерден:

"Көрсөң көөнүң кубанат
Күнгөй менен тескейди
Көркүн ачып күлдүрөт,
Көгөрүп жердин беттери.
Ачыптыр жердин асылын
Дыйкандардын кетмени.
Баасы кымбат баркы бар
Балбандар айдап сепкени"[2]

---

1. Ошондо, 156 -бет.
2.Ошондо.

деп, акыныбыз Алымкул Үсөнбаев айткандай, чоң өзгөрүштү, гүлдөгөн жерди өскөн элди көрөбүз.Автордун мүнөздөмөдө борбордук орунду алган Ысык- Көлдүн жээгиндеги айрым жерлердин сүрөттөрү бул тарыхий учурдан мезгилден ажыратылган жалпы эле жаратылыштын сүрөттөөлөрү эмес. Акындын көркөм элестеринин бар өзгөчөлүгү да ар бир жердин шартына жараша анын бөтөнчөлүгүн конкреттүү реалисттик сүрөттөөлөр аркылуу ача билүүсүндө турат. Поэмадагы Чоң-Өрүктү кудуругуга, Чолпон - Ата менен Жети-Өгүз окшобойт.Ар биринин өзгөчө картинасы, өз алдынча ысыгы, суугу, адамды суктандырган түрдүү байлыктары бар.Мындагы автордун тарыхый мезгилди ичине алган конкреттүү жердин, элдин сүрөтүн тартууга кылган далалаты, сөзсүз акындын кийинки жылдарда жазма поэзиябыздан алган кичинекей энчиси эле. Бирок, мындай жазма адабият менен болгон байланыш бул поэмада кийинки эпикалык чыгармаларына караганда өз байкалат. Поэманын баяндоо ыкмаларында, сүрөттөө манерасында оозеки эпикалык чыгармалардын традициялары басымдуу. Бирок, буларды акын түшкелди,ыгы жок колдоно берген эмес. Оозеки чыгармалардын традициясы поэмада материалдын мүнөзүнө, окуялардын өзгөчөлүгүнө жараша дагы такталган, конкреттештирилген.Акын тигил же бул жердин элин,жерин мүнөздөөдө традициялык пассаждарды,образдык сүрөттөөлөрдү, көркөм ~~түрдүү~~ поэтикалык куралдарды кеңири колдонгон. Бул болсо социалисттик курулуштун революциялык пафосун берүүгө авторго чоң жардам берген.

ирос, поэмага чың композиция, жеткиреле үтөлгөн так образдар али жетишсиз. Айрым учурда мезгил менен эч үндөшпөгөн жалпы сүрөттөөлөр учурайт. Бул мүчүлүштү эки сөз менен болсо да айта кетишибиз керек. Бирок биздин мындай эскертүүбүз жогоруда айтылган ойлорду эч убакта жокко чыгарбайт. Поэма окуучуларга чындыкты тазмай көрсөткөн сүрөттөлөрү менен баалуу. Демек, "Ысык -Көл" аттуу чакан чыгарма авторун учурдун, мезгилдин үнү болгон курч саясы лирикалардан социалисттик курулуштун айрым процессин, ири көңүлтерин жалпылаган чоң поэма түзүүгө кылган аракетин ачык көрсөттү. Бул аракетин, талабын акын 50 -жылдардын ичинде гана иш жүзүнө ашыра алды. 1958-жылы Алымкул Үсөнбаевдин " Биринчи бригада" аттуу көлөмдүү поэмасы жарык көрөт.

" Биринчи бригада" Алымкул Үсөнбаевдин акыркы жылдарда берген көзгө көрүнүктүү, элибиздин талабына татымдуу көлөмдүү поэмасы деп, тартынбай айтууга болот.
Чынында эле акындын " Биринчи бригада" аттуу поэмасынын жарыкка чыгышы Алымкулдун чыгармачылыгындагы айрым бурулуштарды ачык көрсөттү, газета, журналдарды, акын , жазуучуларыбыздын ырларын көп окуусу, турмуштун түрдүү түстөгү суроолоруна, талаптарына терең назарын салышы Алымкулдун жаңы мазмундагы, жаңы формадагы эпикалык чыгармасы берүүсүнө түрткү болду. Так ушул жазма адабиятыбыздын, алын түрдөлдүү өрнөгү аркылуу акын чоң чыгармачылык кадам жасай алды.

Алымкул Үсөнбаевдин " Биринчи бригада" деген поэмасы дың жерлерди өздөштүрүп, кол тушүмгө ээ болгон Таластын тамекичилерине арналган. Акын бир колхоздун, бир бригаданын

эмгек күрөшүн сүрөттөйт. Чыгарманын баалуулугу да кичинекей коллективдин турмушу аркылуу бүт чоң коллективдин оон, санаасын, күрөшүн жалпылап берүү аракетинде турат.

Бул поэмада " Ысык- Көл" поэмасындай ар бир жерди сүрөттөө, анын өнүккөндүгүнө, өскөндүгүнө тоң калуу өңдүү айрым-айрым, келки-келки турмуш картиналары жок. Чыгарманын кыймылдаткыч күчү, анын башкы каармандары да өзүнчө мүнөзү, кыялы, сүйүнүчү, өкүнүчү бар бүгүнкү күндүн жаштары. Окуялар да ушул уулардын тегерегине топтолуп, алардын күрөшү менен тыгыз бирдикте өнүгөт, башкача айтканда, поэмада бир бүтүн сюжет бар. Сюжеттин башкы окуясы бир колхоздун жаштарынын дың жерлерди өздөштүрүү үчүн жүргүзгөн күрөшү. Алар өздөрүнүн жеке инициативдери менен Сары-Жайлык аттуу дың жерди өздөштүрүшүп, андан мол түшүмдүү тамеки алышат. Демек, мазмундун негизин алган окуянын өзү эле бүгүнкү күндүн талабынан алынгандыгын ачык айтып турат. Барон, Автор, Жуматай, Берен, Бермет, Чиркей өңдүү каармандардын коомдук турмуштагы күрөшүн гана эмес, алардын жеке турмуштарын, кубанычтарын ачууга аракеттенген. Поэманын бул жагы белгилүү деңгээлде өз максатына орундай алган Автор Бермет менен Чиркейдин сүйүүсүн, алардын чоң кубанычка кубанып кошкон турмуш тою менен поэманы аяктайт.

Поэмада кандай өзгөчөлүктөр көзгө чалдыгат? Чыгарманын баалуулугу жаңы турмушка, бүгүнкү күрөшкө арналгандыгында элеби? Албетте, акындын бүгүнкү аныгындын турмушун

күрөшүн көрсөтүүгө кылган жаңы демилгесин эч ~~таянбашыбыз керек~~ Таянууга болбос. ~~[illegible]~~ Автор бул поэманы түзүүдө эң биринчи иретте өткөн турмушка арналып, оздон оозго көчүп айтылып келе жаткан эпикалык чыгармаларга, анын көркөм каражаттарына, сюжет куруу принцибине таянбастан азыркы профессионалдуу поэзиябызга, жалпы адабиятыбыздын өрнөгүндө жазууга аракеттенген. Ташгык үчүн биз эң биринчи эле сюжет куруу жагына кайрылып көрөлүк. Автордун поэмасынын бир чоң өзгөчөлүгү да анын сюжет куруу принцибинде турат. Эгерде биз кечээ эле жакында оздон оозго көчүп айтылып келе жаткан эпикалык чыгармаларды алсак, булардын сюжеттик жагдайында түрдүү окуялар, түрдүү мамилелер жатат. Бирок, алар бир биринен эч убакта айтуучу тарабынан айрым тематикалар менен бөлүнгөн эмес. Тескерисинче, бир окуя менен экинчи окуя, бир эпизод менен экинчи эпизод көпчүлүк учурда рифмалашкан прозалык кыпешелер менен байланышкан, так ошолор айтуучунун бир эпизоддон экинчи эпизодго өтүүсүн камсыз кылган. Мисалы үчүн " Курманбек", "Кедейкан", " Саринжи -Бөкөй", "Олжобай менен Кишимжан" аттуу кенже эпосторду алсак, мына ушул мүнөздө түзүлгөн. Советтик курулуштун биринчи кадамдарына арналган " Күлсүн" аттуу поэмасында да Калык Акыев мына ушул оозеки эпикалык поэмалардын салтын колдонгон эле. Сөзсүз бул учурду, биз, оозеки чыгармаларда бардыгы үчүн гана көрүп жаткан жерибиз жок. Ал прозалык кыпешелер да оозеки эпикалык чыгармалардын мүнөзү сюжеттик өсүү менен акталуучу. Ал эми жаңы турмушту, андагы жүрүп жаткан күрөштү, анын баатырдык духун берүүдө бул рифмалашкан, түрдүү

гиперболага негизделген прозалык килешелер жетишсиздигин акын терең сезген, ал жалпы адабиятыбыздын жетишкен ийгиликтерине караган, өз поэмасын да мына ошол мүнөздө түзүүгө аракеттенген. Атап айтканда, Алыкул Үсөнбаевдин " Биринчи бригада" аттуу поэмасы түрдүү - түрдүү тематикалар кошулган бөлүкчө, главалардан турат. Поэмада "Сөз башы", "Сүйлөшүү", "Башкармага барганда", "Кечиндеги жыйылыш", "Жардам" деп аталган бөлүкчөлөр бар. Ар бир тема да ошол бөлүкчөнүн мазмуну менен тыгыз байланышкан. Бир бөлүкчөдө экинчи бөлүкчөгө, бир эпизоддон экинчи эпизодго (өткөн сайын) жаштардын демилгеси артып, эмгек күрөшүнүн күрдөлдүү натыйжасы ачык көрүнө баштайт. Акын поэмасындагы бир ~~башка~~ өзгөчөлүк эмгек күрөшү, патриоттук демилге совеки эпикалык чыгармалардай бир каармандын өмүр жолуна, күрөшүнө артылган эмес. Чындыгында совеки адабияттагы, акын окуялоруз сындардын оозунда айтылып келе жаткан көлөмдүү эпикалык чыгармаларды алып көрсөк андагы окуя, андагы түрдүү кагылышуулардын, мамилелердин түйүнү бир каарманга жүктөлгөн. Ошонун образы башкы орунду ээлейт. Негизги идеяда ошол аркылуу чечилет. Калган кагылышуучулар болсо башкы каармандын баатырдык турпатын ачуу үчүн жардамчы образ катарында берилет. Ушул себептүү да көпчүлүк мезгилде совеки элдик эпикалык чыгармалар башкы каармандын атынан аталып калат/"Тоштук", "Курманбек"/. Ал эми Алыкул Үсөнбаевдин " Биринчи бригадасындагы" инициаторлор, жогорку тамекиден мол түшүм алууга жетишкен күрөшчү баатырлар бир гана адам эмес, башкача айтканда, же Жумабай, же Бермет, же Чиркей, же болбосо жаштарга ар дайым орундуу сөзүн айтып,

кубанычтарын, кайгыларын тең бөлүшкөн, башкарма башкы каарман катары поэмадан бөлүнбөйт. Автор башкарма башында турган бир бригаданын иши, анын жекендүү алып бара жаткан мүчөлөрү жөнүндө тегиз сөз козгоп, ар биреөнүн кемчилдигин, жакшы жагын мүнөздөөгө аракеттенген. Мисалы Бермет, Чиркейге эч окшобойт. Ал токтоо, эмгекчил, жаштардын демилгесин бардык күчү менен колдоп, ак эмгеги менен колхозчулардын ишенимин актоого умтулган кыргыз кызы. Ал эми Чиркей болсо:

" Колдон келбес ишко-деп,
Олтурду Чиркей үн катпай.
Почтальон болом дейт
Башка эч бир сөз айтпай" ~~/4бит/~~

Поэманын башында Чиркей ушундай көрүнөт. Ал жан кыйналтып иштеп, атакка, даңкка ээ болгусу келбейт. Ал гана эмес жаштардын мындай патриоттук демилгесине баа да бербейт, аларды жек көрөт. Бирок, убактынын өтүшү, алгачкы эмгектин кубанычтуу төлү, жолдошторунун баатырдык күрөшү Чиркейдин эмгекке карата болгон мындай мамилесин тез эле өзгөртөт. Ал өз курбуларынын катарына кошулуп, жалаң гана эмгек кубанычына эмес, турмуштук бактысын да табат. Чиркей Берметке үйлөнөт. Демек, мындан автордун коллективдин күчүн, социалисттик эмгектин жаштарды тарбиялоодогу [illegible] өзгөчө [illegible] көрсөткөндүгү ачык көрүнөт. Поэмадагы каармандардын өзгөчөлүгүн, баатырдык мүнөздөрүн ачык гиперболалык сүрөттөөлөр, эпикалык салыштыруулар, эпитеттер аркылуу бергенге аракеттенбеген. Анткени [illegible] гиперболалык эпи-

---

1. А. Усенбаев. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы, 439-бет. Мындан ары поэмадан алынган үзүндүлөр ушул жыйнактан

~~тоттерин эч котербейт~~, Советтик адамдардын кулк-мунезун, каармандык иштерин эч бере албайт. Мына ушул кырдаалды акын терең Сезип ~~баалап~~, оозеки элдик адабияттын керкем сөз каражаттарына ете кылдаттык менен мамиле кылган. Натыйжада, автор өз каармандарынын мунезун, айрым жеке өзгөчөлүктөрүн портреттик характеристикада ал эми көбүнчө олол каармандардын өз сөзүндө, диалог, монологдорунда ачууга ~~ча~~ аракеттенген. Биздин оюбузча, бул кырдаал да төкмөчүнүн акындын жазма адабияттан алган өнчүсүнө жатышы керек, анткени оозеки адабияттагы эпикалык чыгармалар негизинен баяндоо мүнөзүндө түзүлөт да, андагы адамдардын, тоо кулаткан баатырлардын артыкчылыктары, өзгөчөлүктөрү автордук мүнөздөмөдө ачылат. Ал эми Алымкул Үсөнбаев бул оозеки адабияттагы традицияны бузуп, жазма адабиятыбыздын бүгүнкү салтына таянуу менен диалог, монолог сыяктуу жеке мүнөздөмөнү ~~[illegible]~~ чеберчиликтүү түрдө өз поэмасына киргизген. Мисалы үчүн бригадирдин өз мүчөлөрүнө кайрылган сөзүнөн, поэманын башында эле анын чечкиндүүлүгүн, туруктуулугун, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн ~~[illegible]~~ ачык сезүүгө болот:

" Дөмүлгө коогон көтөрүп
Дың жерди жаштар табалык.
Ал жерге айдап тамеки
Айбай түшүм алалык.
Биригишип баш коюп

Баарыбыз тең берелик,

Асканын суусу шар аксын

Арык жасап салалык

Болбос жерден бой салып,

Болбосун кокус каталык.

Кандай деп буга турсуңар.

Кандайча кадам таштайлык /438/

Бул ыр жолдору телегейи тегиз эмес. Мында импровизаторлукка тетелеген, ар бир саптын терең мазмундуу болушунан четтеген, бөлбөгөн уйкаштыкка жол берген ыр саптары жок эмес. Бирок, бул Жуматайдын сөзүнүн баалуулугун, жакшы аракетин оч жокко чыгара албайт. Автор аз болсо да өз каарманынын айрым мүнөздүк деталдарын бул ыр жолдоруна батыра алган. Ушундай эле картинаны поэманын мындай кийинки сөздөрүнөн да байкоого болот.

" Мына менде макулмун,

Милдеттеме аламын.

Быйыл дагы бет алып,

Бир гектарын багамын.

Силер менен дың жерди

Айдаш үчүн барамын". / 438 /

Чыгарманын аягындагы чоң салтанат жаштардын бул чечкиндүү мүнөзүн толук актайт. Автор ошондой эле өз поэмасында жаштардын мүнөзүн толук айкындоочу массалык диалогдорду да ыктуу киргизген. Жуматай өз бригада мүчөлөрү менен бир жыйынтыкка келгенден кийин баарыгы башкармага келишет.

Жуматай башкарманын иш алгына жетеби деген кеп ойлуу туюжураган мүнөзүн көргөндөн кийин сөзүн улантып мындай дейт:

" Кеңеш кылдык баарыбыз,
Жете койбос каталык.
Сиз ишенбей койгудай
Шалкы эмеспиз анчалык
Бизди дайым билесиз
Кайсы иштен чарчадык" /441/ .

Бригадирдин ушул сөзүнөн кийин ишенимди бекиткен ар түрдөгү үн өгү түрдүү мазмундагы диалогдор чыгат:

- Дал ушундай,
-иштейбиз эч тартынбай.
-Бөөрдүгү даяр.
- Тракторист Осмон да бар /441/

Мындай диалогдор чыгармага интонациялык өзгөчөлүк гана бербестен окуучу менен поэманын каарманын дагы жакындатып, мүнөздүн ачык элесин түзмөкчү.
Алымкул Үсөнбаев бул өзгөчөлүктөргө өз поэмасынан орун берүү менен озеки адабияттын ар түрдүү мазмундагы чыгармалардан туруктуу орун алган, окуянын элесинин жандашына данакер болгон сүрөттөөлөрдөн такыр кол үзгөн деген түшүнүк келип чыкпайт. Автор мына ушул салтта тарбиялангандыгы,андан такыр баш тартпагандыгы баарыбызга маалим. Бирок көп аныгы, жөнү орду менен пайдаланууда турат. Алымкул мына ушул талантты өзгөчө эске алып, жогоруда биз эскерткендей бир топ кыйдаттык менен ишке ашырган. Атап айтканда, поэмада акындардын чыгармаларынан

быкан пейзаждык картиналар көп учурайт. Поэманын башында өз туулуп өскөн жерине мындай эле традициялык жалпы сүрөттөөнү берет:

" Абасы таза, суусу бал,
Адамга дайым жагымдуу,
Жулкунуп төмөн бой таштап.
Жиндеnет кыргыл жазгы суу.
Учуп-конуп жүрүшөт
Канатын сермеп,өрдөк куу.
Бүркөлөт тез-тез жазгы күн
Мүнөзү болбой туруктуу.
Алыстан тоолор мандаят
Агарып тоңкы белгилер.

Бул пейзаждык сүрөттөөнү эч убакта жаман деп, жерүүгө болбойт, анткени мындагы салыштыруулар, көрүнүштүн элестери бир гана акын, ырчы эмес, бир нече акын - ырчы тарабынан иштелип чыгып, жалпы эле пейзаждык мүнөздөмөнүн туруктуу сүрөттөөсүнө айланган. Башкача айтканда, мында мезгилдин, белгилүү убактынын, жылдын, айдын,күндүн же болбосо айрым жердин конкреттүү элеси бекитилген.Бул жалпы эле пейзаждык сулуулуктун элеси. Ал акындардын ырларында бир жагынан кечме менен окуянын процессин дагы кызыктуу кылуу үчүн пейзаждык бир деталь катарында пайдаланылса, экинчиден,көпчүлүк убактарда бир окуядан экинчи окуяга, же эпизодго өтүү үчүн пайдаланылат. Поэманын бул жеринде жогоруда биз келтирген пейзаждык сүрөттөө мына ушул функцияны аткарып

жатат. Тактап айтканда, ушул сүрөттөө Сары-Жайыкка чабуул коюучу жоолордун күрөшүн даярдап жатат. Мына ушундан кийин жоолордун инициативасынын ачык айрым картинасы көрүнөт.

Ушул өңдүү оозеки традициянын туруктуу салттары поэманын мазмундук өзгөчөлүгүнө багытталган. Айрым мисалдарда акындын тигил же бул ойду, сүрөттөөнү дагы тактоо ачыктоо максатында элдик, макал-лакаптарды да чеберчилик менен колдонгондугу ачык көрүнөт. "Эл толкуса сел болот" деген элдик макалды жоолордун биринчи жеңишинин күбөсү болгон суунун Сары-Жайыкка чыгышын сүрөттөөдө колдонуп, биримдүү жоолордун күчүн ~~элестүүлүгүн дагы арттырган~~ аныктаган. Акын элдик традицияны кылдаттык менен пайдаланбастан гана, ошондой эле маанилүү окуянын элестүүлүгүн, образдуулугун арттыруучу жаңы салыштырууларды, сөз тиркемелерин да колдоно билген. Мисалы акын жазма поэзиябызда бир топ ыктуу орун алган "сызгычтай" деген образдуу салыштырууну Сары-Жайыктын түздүгүн сүрөттөөдө колдонгон. Ушул өңдүү салыштыруу, эпитет, сөз тиркемелери поэмада дагы, дагы бар. Сөзсүз, бул учурлар Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы чоң чыгармачылык жеңиши болуп эсептелет. Бул акындын поэмасындагы жакшы жылаңач, кубанарлык көрүнүштөр ырчылардын ырчылык салтындагы жаңы тепкич болоруна шек кылууга болбойт.

Акындын поэзиясындагы, тактап айтканда, поэмасындагы ушул мүнөздөгү кубанарлык көрүнүштөрдү белгилөө менен, ошондой эле айрым акындардын поэмасына мүнөздүү мүчүлүштөрдү да атай кетким келет. Бул, биринчиден, сюжет куруу принцибинде мүнөздүү. Автор ар түрдүү байланыштарды, мамилелерди, кагылы-

тарды ичине алган сюжетти аягына чейин жеткире албаган. Атап айтканда окуялардын өсүшү, кульминациялык чекитке көтөрүлүшү негизинен түз сызыктуу. Поэмага курч конфликт жетишпейт. Негизинен жок десек да болот. Колхоздун бир бригададагы жаштары узун-туурасы жүз километр келген сыпычтай түз дың жерлерди биринчи көрүшүп, биринчи болуп инициативаны көтөрүшүп, өздөштүрүүгө киришет. Бул өздөштүрүү да эч кыйынчылыксыз, эч тоскоолдуксуз өтөт. Автор бул өздөштүрүүнүн жүрүш процессинен көрө акын жеңиштүү жыйынтыгын көбүрөөк сүрөттөйт да, көбүрөөк олону менен алек. Мына ушул кырдаалга байланыштуу да мүнөздүн, образдын сүрөтүн жандантуучу, аларга бири-бирине окшошпогон [illegible] индивидуалдашкан каармандын элесин түзүүчү касиет көп деле көрүнбөй калган. Ырас, автор поэманын мына ушул түз сызыктуу мүчүлүшүнөн качып айрым эпизоддорду да киргизген. Мисалы, жаштардын демилгесин барлык жаштар дароо эле колдоп кыйынчылыкка баарлыгы тике карай албайт. Чиркейге окшогондор тескери бурулушуп, жеңил жумушту издөөчүлөр да болот. Ошондой эле, акын каармандардын мүнөзүн дагы тереңирээк ачуу максатында алардын жеке турмуштарына, ички мамилелерине да кайрылып, түрдүү учурларын сүрөттөйт. Башкача айтканда, Бермет менен Чиркейдин мамилелерин, алардын сүйүүсүндөгү айрым тоскоолдуктардын картиналарын тартат. Бирок, бул конфликтилер да жеңил чечилген. Бир пикир алышуудан кийин эле бардыгы жомоктогудай жыргап-куунап жатып калышат.

Демек, түз сызыктуу окуялардын элестери, ~~натыйжада~~ б.а. курч турмуштук конфликтин, ~~кагышууларынын~~ кагылышуулардын, түрдүү түстөгү ~~кайчылыктарынын~~ жоктугу ар бир каармандын жеке кейпин, кулк-мүнөзүн терең ачууга, алардын турмушун ачык көрсөтүүгө, натыйжада чыгарманын негизги идеясынын бийик чыгышына тоскоолдук ~~болгон~~ кылган. Негизинен поэманын башка жетишкендиктерин танбай туруп мүчүлүштүк жөнүндө мына ушуну айтууга болот.

Жыйынтыктап айтканда акын Алымкул Үсөнбаев алгы жылдарда эле пайда болгон поэмалары аны ~~оозекичилдиктен~~ жомокчулуктан улам алыстап, ~~андан кийин~~ эпикалык чыгарманын жаңы формасына -социалисттик турмушту реалдуу көрсөтүүгө жол ачкан. Чыгармачылык ышка кечкендүгүн, аны өздөштүрө баштагандыгын ачык көрсөтөт. Акындын чыгармачылыгындагы башка була- бул оозеки адабиятыбыздын алдыңкы традициясы менен бирге социалисттик реализм методуна негизделген совет адабияты болуп калды. Жазуучу менен эл ырчыларынын бир ойдо - бир санаада, бир тилекте болушу, бирдей максатты көздөп, чыгармалары бирдей темада, бирдей идеялык багытта болушу, бирдей чыгармачылык методду көз алдына тутушу, негизинен Алымкул жана ага окшогон эл ырчыларын советтик жазма адабият менен дагы жакындаштырды, чыгармачылык байланыштын күн санап өсүшүнө толук шарт түздү. Азыркы күндө Алымкул Үсөнбаев ~~өзүнүн~~ импровизатордук ~~чеберчилигинен~~ ышка караганда жазма адабиятка көбүрөөк кайрылып, көбүрөөк анын салтына таянууда, анын ар кандай көркөм сүрөттөө ыктарын, көркөм куралдарын чыгармачылык менен пайдалануунун үстүндө көбүрөөк иштөөдө. Акындын чыгармачылыгындагы мына ушул чыгармачылык

аракет акын эл совеки адабиятында кеңири өкүм сүрүп, салт катары кылымдар бою жашап келген айрым совеки жанрларды азыркы күндүн талабына,максатына ылайык пайдаланууга мүмкүнчүлүк берген.Буга мисал катары айтышты алып көрсөк да болот. Айтыш өткөн доордо уруу, [illegible] урууктун кызыкчылыгын көздөгөн багытта өткөн.Өзгөчө бул патриархалдык, феодалдык коом убагында аң күч алган. Ырчы экинчи бир ырчы менен айтышка түшкөндө жалаң гана чеберчиликти көз алдына тутунбастан өз уруусунун атынан ырдап, анын ар-намысын коргоого, ал үчүн айтышка түшкөн экинчи акынды бир уруктун өкүлү катары бардык жактан кыйба кыртык таап басмырлоого, кемсинтүүгө, эл алдында шылдың кылып келекелөөгө аракеттенген. Ал үчүн акын бардык ырчылык күчүн алган эмес. Мына ушул себептүү айтыш негизинен уруу кызыкчылыгын көздөгөн мүнөздө болгон. Ушул идеянын, уруу кураторун ичине алган багыттын негизинде ырчынын ырчылык жөндөмдүүлүгү сыналган. Бирок, айтыш дегенибизде эле негизинен уруу максатын көздөгөн эки акындын поэтикалык айтыштарын элестетүү бери болгондо эле бир жактуулук болор эле. Сөзсүз уруу кызыкчылыгы, акын атынан чыгармачылык ат салыштыруу айтыштын башкы белгиси болгондугун танууга болбойт.Ошондой болсо да айтыштын, аз болсо да башка мазмундагы учурлары да кездешет. Бул,сөзсүз, айтыш жүрүп жаткан чөйрөгө, коллективге, угуучулардын составына жараша болот. Атап айтканда

ырчылар жалаң гана угуучулук максатты көздөшпөстөн ырчылык чеберчиликти сыноо багытында да айтыштарын өткөрүшөт. Мисал катары буга Токтогул менен Барпынын айтышын эскертүүгө болот. Мында айтыш санат, насаат формасында курулуп, сөз алыштырыш, ой куушма өңдүү ар кандай ырчылыктын чеберчилиги сыналат. Ошондой эле айтыш алым сабак мүнөзүндө өтүшү да мүмкүн. Башкача айтканда, бир эле ойду, бир эле сүрөттөөнү экинчи акын толуктап, тактоо кырдаалындагы алым сабак ыр. Ошондуктан өзүнүн жалпы мүнөзү жагынан айтышка жатса да курч полемика, публицистика жоктугунан көпчүлүк учурларда алым сабак деп, салкын гана аталып калышы ушуга байланыштуу болуу керек. Мындан башка да юмористикалык сөз тапкыч, түрдүү ыктуу салыштырууларды колдонуу чеберчилигин терең сындаган айтыштар да кезигет. Мисалы үчүн, Токтогул менен Эшмамбеттин сакал жөнүндөгү айтыштарын эске түшүрүүгө болот. Же болбосо ошол эле мүнөздөгү Наазар менен Солтобайдын айтышын угуп көрөлүк:

Наазар: Солтобай келет солпоңдоп,
Сакалы жок молтоңдоп.
Ой Солтобай көсөдүр
Сакалы качан өсөдүр,
Көсөөнү үйгө киргизбе,
Көчүгүн үйгө тийгизбе.

Солтобай:

Көтү ылдый көө кетет
Сакалыңды боктосом
Сакалдуу элге доо кетет,
Ата конот Мабар кул
Айта түшпөй басыңдың
Менин сакалым асыңдың.
Көсөө кудай буйругу
Сакалың барак иттин куйругу.

Бул эки ырчынын айтышында чоң айтыштарга мүнөздүү социалдык маселелер көтөрүлбөгөн, ошого байланыштуу учуучулук идеясы да жок. Мына жеңил күлкүгө толгон ырчылык чеберчиликтин бир учуру гана көрүнөт. Мындай айтыштардын өтө кур талапттуу айтылгандары элдин оозунда бүгүнкү күнгө чейин сакталууда.

Корутундулап айтканда, Айтыштын коомдук ролу өтө зор, тематикага өтө бай. Анда байлык, кедейликтен тартып, чоң коомдук маселелерге чейин көтөрүүгө болот. Айтышса чоң ырчылык чеберчиликти талап кылат. Ошондуктан, айтышка барлык эле акындар түшө бербейт. Айтыш жалаң гана тигиле бул коомдук маселени көтөрүп, ага карата өз мамилесин, өз табынын кызыкчылыгын көрсөткөн ырчылык тарта-тартыш гана эмес, ошондой эле акындыктын чоң сыноосу да болгон. Кимде ким ошол чоң жыйындуу айтышта өз душманын

жеңип кетсе, ал эл оозуна алынып,акындык аты чыккан. Токтогулдун Арзымат менен болгон айтышы улуу акынга атак, даңк алып берип, анын чыгармачылыгынын өсүшүнө, чыгармачылык багытынын калыптанышына күчтүү стимул болгон. Акындык айтыштардын нечен Алымкул Үсөнбаев да башынан өткөргөн. Уруучулук манапты мактаган айтыштан тартып, ырчылыктын чыныгы чеберчилик мектебин көрсөткөн айтыштарга чейин акын өз ырчылыгынан өткөргөн. Акын кадимки Үметаалы, Эсенаман, Калмырза өңдүү атактуу акындар менен да чоң айтыштарга түшкөнүн көп эскерет. Бирок, азыр алар автор тарабынан эч бирөө кагазга түшүрүлгөн эмес. Акындын айтып турурган чакан түзүндүлөрүнө карагандыбызда бул айтыштар уруучулук кырдаалында өткөндүгү ачык. Автор тиги же бул уруунун, анын манаптарын,байларын ,алардын мансап, байлыктарын мактоо менен чектелген. Андан жогору көтөрүлө алган эмес. Буга ошол мезгилде өкүм сүрүп турган коомдук түзүлүш, патриархалдык- феодалдык мамиле акынга эч мүмкүнчүлүк бербеген.Алымкул Үсөнбаев совет мамлекетинин туушунда гана,Октябрь революциясынын жеңишинен кийин гана социалдык маселелерди көтөргөн, көпчүлүк элдин ой-санаасын билдирген, тилегин жарлаган коомдук чоң саясы маанидеги айтыштарды түзө алды. Бул жалаң гана Алымкулга эмес, Ошондой эле деңгээлде кыргыз элинин башка акындарына да таандык. Бул айтыштар өздөрүнүн саны жагынан гана эмес, сапат жагынан да чоң айырмаланды. Атап айтканда,Калык менен Алымкулдун,же, Алымкул менен Осмонкулдун

айтыштары булар тигил же бул уруунун гана кызыкчылыгын көздөгөн тар темадагы айтыштар эмес. Алардын айтыштары чоң социалдык маселелерди ичине алган, ар түрдүү тематикадагы айтыштар. Алар эми колхоз, совхоз, түрдүү ~~мекемелер~~ ондуруш жайларынын кемчиликтери жана жетишкендиктери, жеңиши жана кыйынчылыктары жөнүндө айтышып, көпчүлүк элдин алдына сынга коюшат, массанын атынан сындашат. Демек, азыркы биздин күндө топтык, уруучулуктун ~~ырдаалы~~ мүнөзү айтыштан таза тазартылган, андай талаш-тартышты туудуруучу негиз да жок. Мисал үчүн, көп алыс кетпей эле Алымкул катышкан айтыштарга кайрылып көрөлүк.

Алымкул ырчыларыбыздын аксакалы катары ар кандай жыйындарда, ар кандай той-тамашаларда акындардын айтыштарына катышып келе жаткан ырчыларыбыздын бири. Алымкулдун кыргыз элинин көрүнүктүү акыны Токтогул, Калыктан тартып, Борончиев, Жабданбаевге чейин катышкан айтыштары бар. Баарында Алымкул ар түрдүү мазмундагы айтыштары менен коомдук турмушка аралашып, эл кубанычын, сүйүнүчүн тең бөлүшөт. Осмонкул менен Алымкулдун Кыргызстандын 30-жылдык тоюна арналган айтышы буга ачык мисал. Осмонкул акындын "Элимдин билими кандай өстү экен" деген суроосуна Алымкул мындайча жооп берет:

Кыргызда сонун жаңылык,
Академия ачылып.
Ичинде китеп тагылган
Илгери карай умтулуп.
Илимдүү чыкты жолдордон

Жаңынын сырын ачышкан.

Жаңыны издеп жатышкан.

Уул кыз окуп билимдүү

Өз өлкөсүн башкарган

Калк жөнүн билбей калыпсың

Качан келдиң кашкардан?"[1]

Мында Алымкул ~~тайманбастан~~, чоң сыймыктануу менен өз элинде болуп жаткан революциялык өзгөрүштү баяндап жатат. Ошондой эле, совет акындарына жеңил күлкү аралаган юмористтик ыр саптары да жат эмес. Алымкулдун эң аякы эки сап ыры мына ушуну айтып жатпайбы? Бул жалаң гана Алымкулдун ырчылык стилине таандык өзгөчөлүк эмес, ал көңүлү куунак бардык акындарыбызга мүнөздүү. Алымкулдун жогорку эки саптуу кытыгылаган ырына Осмонкул өтө токтоо мындайча жооп берет:

Алдыңда турган агаңды,

Анчалык жыкап жаштырба.

Айта бергин, сурасам,

Алымкул, менден жашсың да.

Колхоз-совхоз баарында

Көбөйгөндүр машина.

Билгим келет чынында"[2]

1. Осмонкул Болебалаев. Чыгармалар, 1960, 251
2. Ошондо.

Бул кыска санадуу сепиттуу айтыштын өзү эле биздин акындарга азыр ички карама- каршылык,адамды кемсинтүү, басынтуу сыяктуу эски ырчылык адат жат экендигин айтып турат. Алардын ~~көңүлүнүн ортосунда уруучулук~~ оюнда уруучулук карама=каршылык эмес, бүт совет элинин досчулугу, өсүшү, өнүгүшү, жеңиши сыяктуу ар кыл тематикадагы окуялар турат. Мына ушул себептүү Алымкул баштаган акындар совет эли, алардын күрөшү жөнүндө айтышып, ар кимиси өзүнө мүнөздүү ырчылык ыкма менен жумушчу, колхозчуну даңазалайт алардын кемчиликтерин сындайт. Бул совет акындарынын айтышындагы башкы өзгөчөлүк болуп эсептелет. Буга (мисал катары,) ошондой эле " Ленин күнү", "Совхоз жөнүндө айтыш", "Кыргызстандын 25 жылдык тою" өңдөнгөн айрым айтыштарды да көрсөтүүгө болот. Бул айтыштарда да жалпы элибиздин жетишкендиктери,өсүштөрү жөнүндө ырдашып келип, айтыш мындайча аяктайт:

Кандай өсүш болсо да
Кабарлашып туралык.
Кандай дөөлөт бул иштин
Көпчүлүктөн угалык.
Отуз жылдык бул тойдо
Оюн куруп ырдалык.
Эркиндик шайыр заманда
Эпкиндүү эл дуулалык"

Мындай бүтүш биздин акындардын бардык айтыштарына мүнөздүү. Эски замандагы айтышта бул өңдүү аяктоо өч убакта болгон

1,Оозндо,253 -бет.

эмес. Ал айтыштар бир акындын бут жеңилиши, б.а. жооп таба албай калышы менен бүтүүчү.
Ал эми акыркы айтыштарга, жогорку Алымкул Үсөнбаевдин көбөктүү ошкы ырындай атайы айтылган, ойдун жыйынтыгы сыяктуу ошкы саптар мүнөздүү. Бул болсо айтыштардын түзүлүшүнө чоң өзгөчөлүк киргизүү менен аны жыйынтыктап, маанисин күчөтөт, мазмунун тактайт.

Демек, Алымкулдун айтыштары – бул жаңы мазмундагы, жаңы түрдөгү айтыш. Акындын айтыштарынын бир өзгөчөлүгү да анын мазмунун жеке мүнөздөгү маселелер ээлебестен бүт элибиздин турмушу менен тыгыз байланышкан коомдук окуялардын орун алышында турат. Экинчиден акындын айтышы ар түрдүү тематиканы ичине алган. Ал бүт элибиздин кубанычын белгилеген ~~милдеттенмени аткаруу сыяктуу чоң~~ зор окуядан баштап, бир колхоздун, совхоздун жеңиши, күрөшү, турмушуна чейин арналган. Акындын айтышы бул алдыңкыны кеңири пропагандалап, артты катуу сынга алган пропагандист, адилет сынчы. Менимче, кыргыз акындарына белгилүү деңгээлде тийиштүү болгон айтыштагы узун сапат акын менен угуучуларды дагы жакындатып, окуучулардын чоң урматтоосуна кеңири шарт түздү.
Алымкул Үсөнбаев эми өз элинин талабын, тилегин тең белгилеген, ар кандай айтыштарында мына ушуну баарынан жогору койгон сүйүктүү акын болуп калды. Муну акындын бүт чыгармачылыгын жыйынтыктоочу сөз катары окуучуларга тартуу кылсак болот.

Жыйынтыгыбызда эмне айтууга болот?

Алымкул Үсөнбаев – бул кыйын өмүрдүк, чыгармачылык жолду басып өткөн ырчыларыбыздын бири. Ал адилетсиз зор замандын нечен адамдардагы түйшүгүн басып өтүп, ыргалдуу заманда чыныгы эмгегинин түшүмүн көргөн. Акындын алгачкы чыгармачылык жолу башка ырчылардай эле зорчулуктун муңун муңдап, ырын ырдоо менен өткөн. Алымкулдун чыгармачылык эмгегинде кыргыз эл ырчысы, акын-демократ Токтогул Сатылгановдун ролу өтө зор. Ал жаш акынга жалаң гана ырчылык чеберчиликтин мектебинен сабак бербестен акты карадан айрып, чындыкты таамай ырдоонун жолун үйрөткөн, Алымкулдун чыныгы элдик көз карашынын калыптанышына, туура чыгармачылык багыт алышына зор жардам берген. Ал эми Октябрь революциясы болсо акындын чыгармачылыгындагы ушул кичинекей дандын күч алып, чоң талант катары өсүп чыгышына шарт түздү. Чындыгында эле Алымкул Үсөнбаевдин ырчылыгы совет мамлекетинин жылдарында, социализм тушунда гана өз элине угулуп, кеңири таанылды. Акын ушул күндөрдө бир нече ырлар жыйнактардын, көлөмдүү поэмалардын автору болду. Акындын ырларындагы башкы касиет анын түрдүү мазмунда, түрдүү тематикада болушу, Алымкулдун бизге белгилүү ырларынан колхоз, совхоз турмушунан тартып, досчулук, малчыга, чабанга, шахтерго, жазуучу, илимпозго чейин арналган теманы кездештирүүгө болот. Алымкулдун чыгармачылыгындагы бир өзгөчөлүк –

жумшак лиризмге бөлөнгөн ырлардан граждандык лирика, саясы ~~лирика~~ [Темадагы ырлар] арбын. Автор күндөлүк ар түрдүү окуялар менен тыгыз байланышкан саясы тематикадагы ырларды көп жазат. Анын стилине элибиздин турмушундагы чоң өзгөрүштү, өнүгүштү пропагандалоого арналган саясы агитациялык, чакырык түрүндөгү ырлар мүнөздүү. Ошондой эле акынга азыркы турмуштун түрдүү жактарына кеңири жалпылоого аракеттенген эпикалык ырым да жат эмес. Алымкулдун "Ысык-Көл", "Биринчи бригада" деген поэмалары биздин окуучуларга кеңири белгилүү. Алымкул озеки адабиятыбыздын салтын жаңы совет адабиятынын турмушту реалдуу, кеңири, терең берүүгө ыйкемдүү жактары менен терең айкалыштырып, өз элинин суроосуна, талабына ылайыктуу чыгармаларды түзүүгө аракеттенген карыя акындары - бызын бири. Анын чыгармачылыгына оозеки элдик адабияттын традициясы сыяктуу эле жазма, советтик профессионалдуу адабиятыбыздын алдынкы салтары мүнөздүү. Ошонун негизинде элибизге татыктуу чыгарма түзүүнүн үстүндө иштөөдө.

Алымкул Үсөнбаев жалаң гана жакшынын талбас жардамчысы эмес. Ошондой эле, ал элдик бай казнаны сактап, гүлүн түшүрбөй кайрадан өз элине тартуу кылган ~~ырчы~~. белгилүү акын.

[illegible]
[illegible] фабрика № 2
Ленинград, ул. [illegible]ского, 22
Арт. 2294 Цена 90 к.